Скырг
Ж64

СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ

# ЖЕР КУДУРЕТИ



Ю.р.
С кырг
Ж 64

**СУРАНЧЫ ЖЕТИМИШОВ**

*«Алай ынтымагы» коомдук бирикмеси*

# ЖЕР КУДУРЕТИ



Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ
БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487826

**Бишкек – 2025**

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5
Ж 61

КРдин эл жазуучусу Суранчы Жетимишовдун «Жер кудурети» аттуу бул жыйнагы «Алай ынтымагы» коомдук бирикмесинин төрагасы Бешболуш Матисаковдун демилгеси менен чыгып жаткан «Алайым алтын бешигим» түрмогүнүн 11-китеби.

Жетимишов Суранчы
Ж 61 Жер кудурети. – Б.: – 2025. – 240 б.

ISBN 978-9967-9377-1-7

Тарых күүсүндөгү ысымдары өчпөс болуп калган инсандардын катарындагы Алымбек датка, анын жубайы Курманжан даткалар жана алардын баатыр уулдарынын өмүр таржымалдарын окуп үйрөнүү, аларга баа берүү кийинки муундагылардын милдети. Ал инсандардын тарыхтагы орду, айкын максаттары убакыт өткөн сайын такталып, айкындалып, кызыгуучулар тарабынан ар тараптан изилдөөгө алынып келүүдө.

Кадырлуу ата-эне, каарман уулдардын бейнелери адабиятта, тарыхта, искусстводо чагылдырылган сайын ал тарыхый каармандардын элим-жерим, кийинки муундарга деген улуу максаттары жаңы табылгалар менен толукталып жактандыгына күбө болуудабыз.

Драма жанрындагы тарыхый инсандардын өмүр таржымалдарын чагылдырган автордун эмгектери окурмандарга сунушталат.

УДК 821.51-1
ББК 84 (5Кир)-5

ISBN 978-9967-9377-1-7

© *Жетимишов С., 2025.*



Кыргыз эл жазуучусу, драматург жана сценарист, Ж. Мамытов атындагы сыйлыктын ээси, С. Жетимишов 1951-жылы, Алай районунун Корул айылында туулган.

Ал элүү жылдан ашкан чыгармачылык ишмердигинде улуттук адабияттын жана театр өнөрүнүн өнүгүшүнө өз салымын кошуп келүүдө. Алгач мектепте мугалим, директор, гезитте кабарчы, редактор андан соң, облустук маданият башкармалыгында бөлүм башчы болуп иштеп, билим берүүдөгү, калктын социалдык жана маданий өнүгүшүн коомчулукка терең чагылдырган чыгармачыл инсан катары, турмуштук бай тажрыйбанын ээси катары таанылган.

Алгачкы чыгармачыл иши 1970-жылдары башталып, Алай элдик театрында «Бактысыз аял», «Өмүрдөн кымбат» аттуу пьесалары коюлат. Көптөгөн прозалык чыгармаларды инсценировкалап, элдик театрлардын репертуарларын байытууга салым кошту. Кийинки жылдары С. Ибраимов атындагы Ош Улуттук драма театрында,

Бабур атындагы өзбек музыкалуу академиялык театрында жана элдик театрларда ондогон тарыхый драмалары, пьесалары коюлуп, көрүүчүлөргө таланттуу драматург катары маалым.

Башкы сценарист катары «Оштун 3000», «Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын» эл аралык деңгээлде белгиленишине терең билимин бай тажрыйбасын арнап, баалуу сыйлыктардын ээси болуп, жыл сайын облуста, шаарда элдик, мамлекеттик майрамдарга, маарекелерге, эл аралык фестивалдарга арналган оюн-зоокторду н сценарийлерин жазып, элдин тарыхын, каада-салттарды, бай маданий мурастарды жаштардын билүүсүнө өбөлгө түзүп, маданий-массалык, оюн-зоокторду н сапаттуу жана кызыктуу өткөрүшүнө чыгармачылыгын арнап келүүдө.

Жазуучу «Будуңдуу буурул түндөр»,«Калбалуу кылым алабы»,«Албуут дарек издери»,«Таң тоскон тоолор», «Тоо жаңырык улайт»,«Жер кудурети», «Жарака»,«Жиктелген чак»,«Чуулгандуу кылым» аттуу тарыхый романдарды, «Алайдан Берлинге», «Ата наркы», «Кожомкул саяпкер», «Балбан баяны» жана башка повесттерди жаратты.

Ал өз чыгармаларында элибиздин бай тарыхы, көөнөргүс каада-салттары, элдин ынтымак, биримдигин чагылдырып, жаштарды мекенди сүйүүгө ак эмгек кылууга үндөгөн каармандардын образдары даңазаланат. Жаштардын руханий дүйнөсүн байытууга арналган китептери окурмандардын сүйүп окуган чыгармаларына айланды.

Автор балдар үчүн «Каргаша», «Эл сактаган бала», «Айга неге учушат?», «Достор күндү куткарды», «Алтын бешик» жана башка китептерди арнап, куурчак театрлардын репертуарларынын толукталышына байма-бай салымын кошуп келүүдө.

# РУХАНИЙ ДҮЙНӨНҮ БААЛАГАНДАР КӨБӨЙСҮН

Өмүр бою жазуучулук өнөрдү аркалап, материалдык дүйнөгө көп кызыкпай, чыгармачылыктын түйшүгүндө жүрдүм. Бирок өмүр өрдөгөн сайын материалдык дүйнөнүн дагы чыгармачылык деген улуу жолго зарылчылыгы бар экенин түшүндүм. Анткеним менен, канча өмүр, канча суулар агып кетпедиби, андан да чыгармачыл адам эгер каражат деп, материалдык дүйнөнүн артынан эрчип алсаң, күргүштөп аккан дайра тартылгансып, чыгармачылык өзүнөн өзү басайып, тартылып, буулуп, бук боло баштайт экен. Азыркы шартта китеп чыгаруу маселеси ар кайсы калемгерди талантты шаштырып турган чагы. Мен деле көп чыгармачыл инсандардын бириндей жазгандарымдын баарын кагазда калтырбай окурманга тартууласам деп ниеттенем. Бирок…Дал ошол илгери кийин материалдык дүйнөгө кызыкпагандыгым таасирин тийгизбей койбойт. Чыгармачылыгымда тарыхый инсандардын бейнесине көп кайрылдым. Албетте алардын көч башында Алымбек датка, Курманжан датка сыяктуу инсандар арбын. Кезектеги ушундай мазмундуу китебимди чыгаруу зарылчылыгы бышып жетилген болчу. Кармалып турганым эле баштагы маселе болчу.

Мындайда «Аманат» кайрымдуулук фондунун жетекчиси Исмаилова Айна Маматибраимовна деген өзүбүздүн өрөөндүн кызы, пейили кенен, көрөңгөсү терең карындашымдын «биздин үй-бүлө Эл жазуучусу Суранчы агайыбыздын бир китебин чыгарып берели деп жатабыз» деп жердештериме айтканы менин төбөмдү көккө жеткирди. Айна карындашымдын бул кебине ичимден кубанып, «ата-энеңе ырахмат!» дедим.

Анткени мунун баары тарбиянын башатынан. Болбосо акчасын сапырып, чеңгелдеп жүргөндөр бар, бирок мындай руханий дүйнөнүн байлыгынын адамзаттын түбөлүктүүлүгүнө тийгизген таасири зор экенин түшүнгөндөр чанда. Айна карындашым «Аманат» кайрымдуулук фондусун негиздөөчүсү катары аны жетектеп, республикабыздын аймагындагы өзү менен бир багытташ, тилектеш адамдар менен бирге жергебиздеги үйсүз-жайсыз жүргөн шарты келишпеген үй-бүлөлөргө үй, үй гана эмес, уй да алып берип жүргөндүгүн көзүм көрүп сүйүнчү. Ылайым эле «Аманат» фондусун колдоп-коштогондорго да Жараткан өзү ыраазы болсун. Үй – кыргыздын түндүгүнүн көтөрүлүшү. Уй – ак. Актын башаты. Акты ар бир кыргыз бийик туткан. Айнанын ак дили дал мына ушул актан башталышы чечекейди чеч кылат. Болгондо да аталган фонд ар бир айда бир үй, бир уйду алып берип, ондогон үй-бүлөлөрдү кубандырып жатышы эл батасын алганы жакшы көрүнүш эмеспи. Ынтымак бар жерде ырыс бар дегендей, Айна карындашыбыз ал жакшы иштери менен канатташ, катарлашминтип, үй-бүлөлүк каржысынын эсебинен бизди колдоо аркылуу адабиятка салым кошуп тургандыгына өзгөчө ыраазы болдум.

Жыйынтыктап айтсам, ыраазычылыктан башка айтаарым жок. Алайдан чыккан Айна кызыбыздай акылкарачтардын кайрымдуулук иштерине ийгилик! Ушул жашымда батадан башка эмне айтам.

Ылайым, өссүн, өнсүн, бактап-шактап көбөйүшсүн!

**Суранчы Жетимишов**
**КРдин эл жазуучусу**



**Исмаилова Айна Маматибраимовна**

Колуңуздардагы китептин демөөрчүсү, пейили кенен, көрөңгөсү терең, ак дил, асыл ой, тилек-максаттуу, эл үчүн кызматын аябаган кыргыз кыздарыбыздын бири. Анын мекенчил сезими ааламга жол айылдан башталган сыяктуу, Алай элине болгон сый-урматынан башталат…

# АЛЫМБЕК ДАТКА

*(Эки бөлүмдүү тарыхый драма)*

Катышкандар.

**Алымбек датка** – Кокон хандыгындагы коомдук жана саясий ишмер
**Курманжан датка** – анын жубайы
**Мала хан** – Кокон ханы
**Молдо Алымкул** – Кокон хандыгынын бийи
**Канат шаа** – Ташкент беги

Ошондой эле 1-2-3-4-бийлер, элчи, кызматчы катышат.

Окуя 1857-62-жылдарда Кокон бийлигинин мезгилинде өтөт.

Ордо. Күңүрт жарык. Ал эскилиги жетип жөргөмүштүн желеси баскан үңкүргө окшош.

Беткапчан ордо адамдары бирде жай, бирде шыпылдай чуркаган чөөлөрдүн элесин беришет. Төбөдө жиптердин учтары самсаалайт. Ал окуянын жүрүшүнө карай түрдүү милдеттерди аткарат. Бийлер аяр, жыла басып, бири-бирине маалымат айтышат.

**1-бий**. Жакшылар уктуңарбы? Анжиан беги, Алайдын айтылуу Алымбеги кошуунун баштап, Коконду бастырып кириптир дешет.

**2-бий**. Жанында Бухара Шарифи эмиринде баш калкалап жүргөн Мала бар имиш.

**3-бий**. Мала ким эле? Убактылуу азирет, утурумдук такка мингендердин биридир да?

**2-бий**. Хазирет, хазирет дейбиз. Хазиретти мына сиз менен биз көтөрөбүз.

**4-бий**. Ооба, алтын тактын төрт-аягы бизбиз.

**1-бий**. Туура. Эгер, бирибиз эле кыйшая турган болсок, алтын так алтындыгына карабай аңтарылып түшөт. Анда, үстүбүздөгү өкүмдар тумшугу менен как жерге тиет. Ха-ха-ха! *(Жабыла күлүшөт)*.

**2-бий**. Таксырлар, кеп башкада. Кеп Алымбекте.

**3-бий**. Ошо, Алымбекти айтың?

**4-бий**. А, ошондон кеп салың?

**1-бий**. Мураскорду такка отургузган Алымбек.

**2-бий**. Эми, тоолуктар ордону бийлеп, ашыктары алчы турар экен да?

**3-бий**. Ие, Алла! Дааратты түзүктөп ала албаган элеттиктер, ордону бийлесе, не деген күн болоор экен? Ия, парвадигар.

**4-бий**. Ия, бу япайы бейнамаздарды ордонун төрүнө өткөзүп, ыйык жайды тепсетип коебузбу? А бир маанисин кылсак болбойбу?

**1-бий**. А, бу ордонун төрүнө кимдер гана өтпөгөн. Менмин дегендердин эченин көргөнбүз.

**2-бий**. А туура, туура. Жүйө айттыңыз туура сөз. Биз да кудай деген адамдарданбыз. *(Асманга карап улуган макулуктарча жалына башташат)*.

**Бийлер**. Ээ, кудай! Оо, парвадигар!

– Оо, касиети улук кудай!

– Оо, жараткан өзүң сакта?

– Ээ, алла! Ээ, алла!

– Алла-таала, тобо кылдык?

– Азайып, көп күнөөбүз болсо кечире гөр?

– Тообо кылдык, тообо кылдык?

Капыстан «дүңк-дүңк» эте, удаама-удаа замбирек атылат.

Керней-сурнай үнү чыгат. Беткапчандар жип учтарын керней-сурнайга окшоштурушуп өйдө-төмөн чайпалышат.

Беткапчандар таракандарга окшоп, туш тарапка жабыла качышат.

Ортого Алымбек Маланы ээрчитип кирет. Бет каптарын алган ордо адамдары.

**Бийлер**. Жаангер Алымбек датка!

– Жаангер Алымбек датка!

– Балли, балли!

– Балли, балли!

– Жеңилбес, Алымбек датка!

– Балли, балли!

– Алайдын көк жалы, шер датка!

– Балли, балли!

– Баатыр Алымбек датка!

– Балли, балли!

– Миң жашаң датка. Миң жашаң!

*(Алымбек датканы алкашып, биринин сөзүн, бири улайт.)*

**Алымбек**. Ассалоом алейкум, жакшылар!

**Бийлер.** Ва-алекума ассалоом!

**Алымбек.** Ордонун тиреги болгон бектер! Дин исламга, ордого ак кызмат кылган даткалар!

**Бийлер**. Аман болуң, датка! Аман болуң!

**Алымбек.** Оо, амиран бийлер! Жардыгым бар, уккула!

Бир алла сүйүп бак берген, дин ислам шариятынын дубасы тийген мураскор, Бактыяр, Сейит, Шермухаммед уулу Маланы бүгүндөн баштап так эгеси, ыйык ордонун жана караламан калктын өкүмдары деп билебиз.

*(Жип учтарын бириктире түйүшкөн бийлер таазим эте ханга баш урушат)*.

(Алымбек датка Маланы так жанына алып барып, башына таажы кийгизет).

**Алымбек**. Хандык даражаңыз кут болсун! Отурган тагыңыз бек болсун, өкүмдар! Каралман букараларыңызга жана да жалпы баарыбызга тең адилет хан болуңуз! Ылайым акыйкаттыгыңыздан жазбаңыз улуу урматтуум.

*(Ордо бийлери жапырт таазим кылышып, хан этегине тооп кылышат)*.

**Бийлер**. Ыйык тагыңыз кут болсун, таксыр!

– Күндөй бактыңыз кут болсун, азирети!

– Тоодой бактыңыз кут болсун өкүмдар!

– Бактыңыз, тактыңыз улук алдаяр!

– Өмүрүңүз узун болсун, улугум!

– Кас санагандар пас болсун!

**Алымбек**. Кимдин, кимдин заманы?
Бактыяр Сейит-Мала хандын заманы!
**Бийлер**. Кимдин, кимдин заманы?
Бактыяр Сейит-Мала хандын заманы!
*(Жапырт кайталашып)* Салават, Салават! Салават!

**Ордо**

Самсалаган жиптер тактын милдетин аткарат.
Мала хан такта отурат.
Тегерегинде беткапчан бийлер.

**1-бий**. Оо, улугум! Оо, өкүмдарым! Не ойлоп баксаңыз да, өз ыктыярыңыз. Бирок, акыры айтыла турган гап болгон соң, жашырып не?

**2-бий**. Оо, азирети! Сырттагы бирөө кастык кылса мейли эле. Бөтөндүн кылаары ошол тура, таксыр!

**Мала хан**.Чаргытпай, жаап-жашырбай ачык айткыла! Кана, ким ошол кастык ойлогон?

**1-бий**.Оо-о улугум! Айтуута ооз барбайт. «Хан агасы», «Журт агасы» атаган, өз агаңыз Алымбек датка өзүңүзгө жат болду.

**2-бий**.«Ордону өзүм билем» - деп тескеп… Жалаң гана өзүнүн адамдарынан бек коюп… Өзүмчүлдүк кылып, баарыбызга тең, ыйык ордобуздун ынтымагын бузуп, ыркын кетирди.

**1-бий**. Ырас, сиз үчүн, ордо үчүн көп жакшылык кылып, көп иш бүтүрдү.

**2-бий**. Бу, датка өзү жакшы адам эди го. «Хан агасы», «Журт агасы», «Көк жал», «Шер датка» деп, көкөлөтө мактай берип, өзүбүз бузуп алдык.

**1-бий**. Бейнысаптыгы башынан ашып кетти...

Өкүмдарликка тең ата болуп... Сиз менен тизгин талашып...

**2-бий.** Э, буга да нысап кылбай, ашынып, көптү.

Мала хан. Уш-шундайбы?

**1-бий**. Ооба, таксыр! Ушунчасында тизгинин кагып...

**2-бий**. Алымбегине сүйөнүп алышып, тоолуктар ордого зекет төлөгөндөн таптакыр баш тартып жатат-дешет.

**1-бий**. Буларды минтип, өз эркине койсок, бул тоң моюн тоолуктар, тынчыбаган кыпчактар менен биригип, дагы бир кооганы башташаары бышык.

**2-бий**. Анан калса булардын, ордого болгон, эскиден сөөк өчтү кеги бар.

**1-бий**. Кеч боло электе, эртерээк... Буларды теске салып, чарасын көргөйсүз, азирети?

**Мала хан** *(ызырынып)*. Датка, датка...

*Жарык өчөт.*

Жиптер отургучтун кейпинде пайдаланылат.

Ортодо Алымбек датка.

Беткапчандар ага жакын келишет.

**1-бий**. Оо, кадырлуу «Хан ага», «Ордо ага»! Мындай адилетсиздикке сиз чыдасаңыз да, биз чыдай албайбыз. Атайлап, сизди, бардык ордо оюнунан сыртка калтырды.

**2-бий**. Ал, сизди эл көзүндө, журт алдында «Датка ага» демиш болгону менен иш жүзүндө ичи арам.

**1-бий**.Керек болсо, биротоло сизден кутулуп алууну ойлойт.

**2-бий**. Ажырымга шылтоо таппай, ачыкка барууга батына албай жүрөт.

**1-бий**. Кечээ эле сиз, аны такка отургузуп, өз колуңуз менен таажы кийгиздиңиз эле.

**2-бий**. – Кадырыңызды баалап, төбөсүнө көтөрүп жүрсө да аздык кылмак.

**1-бий**. Бүгүн мына, эми сизди тоготпой отурат. Жакшылыгыңызды таптакыр унутту.

**2-бий**. Ана! Ар бирине казынадан алейне пул төлөп, ордо аскерин бөтөндөрдөн көбөйттү.

**1-бий**. Мерчемдүү шаарларга да, кара башына дүнүйө топтоп жүргөн бөтөн адамдардын бек кое баштаганы жалганбы? Мына, теги араб Шатман кожо-Түркстан беги, а мынабу перс Канат ша-Ташкент беги.

**2-бий**. Мунун баары, ордодогу сиздин беделиңизди атайлап пастатуу эмей эмне?

**1-бий**. Кылычтай өткүр, өз кошунуңуз турса, казынаны чачып, аскер жыйнап, кайдагы бир Канат шага чоң ишеним берип, аскербашы дайындап, Ак Мечит чебине орускa каршы казатка аттандырып отурат.

**2-бий**. Оо, кадырман датка ага! «Хан үкөңүздүн» бул эмнеси? Ойлоп-багыңызчы? Сиз ким да, куу шыйрак, жалаң аяк Канат ша ким?

**1-бий**. Анан дагы датка! Азирети «Хан үкөңүз» бу Канат шага айрыкча эрк бергенин айтың? Ак Мечит чебинен орустарды сүргөн соң, кайра Ташкенге өтөр жолунда аркадагы туугандарыңыздын тизгинин кагып, түтүнмө-түтүн түрүлтө чабууну эскертиптир.

**2-бий**. Бу сизди ачыктан ачык тоготпогондук. Сиздин журтуңузга кылыч көтөргөнү! Сизге тиккен кастыгы.

**Алымбек.** *(ордунан турат)*. Бу, өз колум менен таажы кийгизген селсаяк Маланын көпкөндүгүбү? Жакшылыкты унутуп, жерий баштаганыбы?

Мейли, куйтуңдап көрсүн! Тиякта орус элди колдон талашып турган чакта, мунун куйтуңдашы өз башын жейт. Ынтымагы жок ордо үч араан. Ар кимисин бир кучактап, ошол үч жаатты дагы эле мен ыйгарып берем.

Орустарга ык тарткан кут жактагы тууғандарды да, баш атташпас туугандыкты ортого көлдөлөң кылып төшөп, дагы да мен кошом. А мен бөлүнсөм, мени ага ким ийиктирип, ким кайра кошуп бере алмакчы?

«Кайырдиндегилерге каршы-ыйык казатка» деп аттандырып, Канат шаасын аскер башы дайындап… А, Канат шасы орустарды сүрүп, кайра кайтчу болсо, ордонун ыкырарлыгына моюн толгой баштаган тоолуктарды «кызыл кереге», «кыз талон» кылып чапмакчыбы? Ошону менен ар кандай заман көйүнө ноюбаган кубат, майышпаган бел болуп берээр белимди бүктөп, менин таянган тоомду уратышмакчыбы? Жо-ок. Буга жол бере койбоймун. Мен дагы «орустар менен кармашууну» бетке тутуп, өз кошунумду көтөрөм. Булардын арам оюна бөгөт коем.

*Жарык өчөт.*

### Ордо

Жип учтары такка окшошот.

Мала хан такта отурат. Тегерегинде беткап кийген бийлер.

Хан алакан чабат. Беткапчандар тарайт. Жыла басып бирөө келип, беткабын алат. Ал Канат шаа.

**Канат шаа**. Оо, азирети. Өзүңүз ишеним берген, «ордо агаңыз» – датка Сары-Өзөн-Чүйдөгү туугандарында чардап жатып алып, кесепети тийди. Биз орус менен жаң кылып, бырчылдашып жаткан учурда, бу кара ниет датка, аркадан кириш вазифасын аткарбады. Кошуунундагы он эки миң аскарин урушка алып кирбестен, бизди сынадыбы, маскаралап кана, карап турду.

**Мала хан**. Ошондойбу? Бул эмнеси?

**Канат шаа**. Оо, алдаяр! Көз көрүнө карасанатайлыгы. «Журт агасынын» көпкөнү таксыр! Болбосо дини бөлөк, каапыр кайридиндерге дилин буруп, ыйык казатыбызга жолтоо болобу?

Бир алла сүйүп, бак берген азирети сизден эл талашышы, бак талашышы. Сизге болгон ниетинин жамандыгы, арамдыгы.

**Мала хан**. Токто-от! Орус эмне болду, ошону айт!

**Канат шаа**. Таксыр, бир кашык канымды сурайм? Аз айып, көп күнөөм болсо кечиргейсиз, өкүмдарим? Айтаарым ушул, улугум! Арам ой, саткын аралашкан иш оңуна кетпей, казатты аманат кылып, келерки жазга калтырууга мажбур болдук.

**Мала хан**. Туугандары кандай тосушту?

**Канат шаа**. Оо! Ак кийизге ороп, ак боз бээ чалышты. Кадырын аябай эле көтөрүштү.

**Мала хан**. Ыя! Туугандары ак боз бээ чалып, ак кийизге отургузушса, аны хан көтөрүшкөн турбайбы? Ушундайбы?

**Канат шаа** *(Ийилип, таазим кылат)*. Ха, хан көтөрүп… Жо, кудай сактасын, хандыктан айланабы, ошол саткын.

**Мала хан.** Көтөрбөсө да, көтөргөнгө барабар иш эмеспи? Жамы кыргыз-кыпчакты бириктирип, бөлүнүү жолуна түшкөн турбайбы?

М-м-м. Максаты хан болуш экен да? Кана, буга кандай жаза туура келет-деп. ойлойсуз?

**Канат шаа.** *(баш көтөрбөй)* Жаза... Катуу жаза кылмак ылаазым.

**Мала хан.** Катуу жаза. Катуу жаза болгондо, кандай?

**Канат шаа.** *(жер караган боюнча)* Ыкрар өзүңүздө өкүмдарим!

**Мала хан.** Башын ал дейсиз го? *(Канат шаа көзүн алаңдатып, сөз таппайт)*.

**Мала хан.** Башын алып салыш... Ушуну кылалыбы?.. Алып салыш кыйын эмес. Анда эмне болот? Бүтүн кыргыз-кыпчак каршыгат. Колдон талашып турган оруска өтүп кете беришет. Анда эмне болот? *(Хан колун тескери серпет. Канат ша таазим кылган боюнча аркасы менен чыгат)*.

**Мала хан.** Бир убакта кылган жакшылыгын бетине тутуп, өкүмдарлык бийликке тең ата болуп, ага да ынсап кылбай... «Хан агасы», «Журт агасы» деп койсо эле бой көтөрүп...

Көзүн тазалап, биротоло кутулууга мезгил келдиби? Кантип? Жо-ок. Билмексенге салып, ордого чакыртып, «күнөөсүн айтып», «өкүмдарликке жутунган кара ниет», «саткын» – деп айыптап, оозго батышынча каралап, калкка жарыялап, элден чыгарып салыш керек өңдөнөт. Же, тымызын бирөөнү жиберип койсомбу? Жо-ок, эл-журтка аттын кашкасындай айкын, ото эле тектүү датканы оңой эле көзүн тазалап коюу

Токтогул Сатылганов атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 487826

мүмкүн эмес-ов. Кандай кылсак болот? Эмне кылуу керек? Алымбек Канат-шаа эмес. Датканын артында тирелип бүтүндөй кыргыз-кыпчак журту, көпчүлүк эл турат. Анын өлүмү шылтоо болбойбу, каршылаштар туу болуп көтөрүлбөйбү? Кыйын-ов, кыйын *(онтойт)*.

*Жарык өчөт.*

**Өргө**

*(Алымбек төрдө от боюнда отурат. Курманжан кирет.)*

**Курманжан**. Келиң, датка? *(Алымбек обдула берип ордунан козголот. Курманжан Алымбектин колун алып чекесине тооп кылып учурашат)*.

**Курманжан**. Жигит пири Шаймерден колдоп, эсен-соо келдиңизби, даткам?..

**Алымбек**. Кудайга шүгүр, айым.

**Курманжан**. Кандай, аркалык туугандарыңыз, аман-эсен жатышабы?

**Алымбек**. Бардыгы тынч, Курмаш.

**Курманжан**. Журт камын ойлогон максат-мүдөөңүздү, туугандарыңызга туйдура ала алдыңызбы?

**Алымбек**. *(башын ийкейт)*.

**Курманжан**. Ордого болгон, ойлору кандай? Түбү бирге туугандарыңыздын арыз-муңдарын угары сиз болгон соң, ич күптүлөрүн ачык айтып, ордого болгон нааразычылыктарын жашырышпагандыр?

**Алымбек**. Айтылды. Баарысы айтылды, байбиче. Ушундай күндө башыбыз биригип, жай сураша албасак

туугандыгыбыз кайсы? «Түбү бирге кошулат, учу бирге жазылат» – демекчи, качанга дейре, бөлүнүп-жарылып, жаман тондун тигишиндей сөгүлүп жүрмөкпүз. Эртеңки эл тагдыры, журт кадыры туурасындагы ойлор ортого ташталып, өз элибизди, өз журтубузду бөлөк-бөтөндөргө тескетпей, өзүбүзчө түндүк көтөрүп, өз ордубузду курууга бел байладык.

**Курманжан**. Кут болсун, датка! Тээ байыркынын көйү бир бөлөк. Аны айтып отуруп не? Ушул тапта да тигилер тиякта, силер биякта «бий», «бек», «тага», «ага» – деп койсо, ошого алданып, ордонун бирде төрүнө өтүп, бирде улагасында улактай мууздалып, жан этин жеп, күн көргөндүгүңөр курусун. Качанга дейре бириң тоодо, бириң ойдо, не өлүктөн, не тириктен кабар алышпай, жалгыздап кар болуп жүрөсүңөр?

Кут жактагы туугандарыңыздын кеби кеп. Ушул тапта бири-бириңерге арка-жөлөк болууңар өтө зарыл. Зарыл да эмес милдет.

**Алымбек.** Барган максатым да ушул болчу, байбиче. Кудай буюруса эми, төр биздики. Бийликтин биротоло өз колубузга алып, өзүбүзчө ордо курабыз.

**Курманжан.** Ордо ойрон болсун. Анын таламайына, чапкынына туруштук кылгыдай журт бириктирип, ынтымак-ырайына өткөнүңөр дурус иш болуптур. Кут болсун, датка!

**Алымбек.** Рахмат байбиче, рахмат зирегим. Кудайдын көзү түз болсун. Ордодон кандай кабар?

**Курманжан.** Ордодогулар масилат кылышып, сизди «[illegible]» – деп аташыптыр.

**Алымбек.** *(унчукпай башын ийкейт)*

**Курманжан**. Бирок, датка! Сиз ордо үчүн «саткын» болгонуңуз менен а өзүңүз үчүн, өз элиңиз үчүн кыйын кезеңде жол баштаган эркечсиз.

**Алымбек**. Балдар кайда? Бир Абдылдадан башкасы?..

**Курманжан**. Абдылдаңыз биз менен ушул Гүлчөдө, калган төртөөнү төрт башка жерге койдум, датка.

**Алымбек**. Эмне? Абал ушунчалык эле?.. Кудай сактасын, ким батына алат?..

**Курманжан**. Кудай сактаганды сактайм деген эмеспи, датка! Сактыкка кордук жок. Сиз да эч шаша көрбөң? Бир шыбыш чыкпай койбойт, акыры. Ордо ээсинин накта оюн билип алып, ошого жараша иш тутуң? Кокус так ээсинин кастыгы ачык билинип калса, сарайдагы бурадарларыңызга ишенип, бейгам жата көрбөң, датка! Киши кишиге жакшы күнүндө жакын, а башына иш түшкөн чагында киши кишиге кайдыгер, калпыс-алыс. Сизди ордо, Анжиандын бийик сепили эмес, улуу тоонун койну калкалайт…

*Жарык өчөт*

Самсалаган жиптер. Алымбек жалгыз отурат. Ага ордо адамынан беткап кийген бирөө жакындап, тооруйт.

**Алымбек**. *(ордунан шарт туруп)* Эй! Кимсиң, сен? Эмнеге жүрөсүң?

**Беткап**. Бек! Уккан кулакта жазык жок. Ордо сизди, «саткын» эсебине чыгарып, өлүмгө өкүм кылып койду.

**Алымбек**. Такпы, бу кабар?

**Беткап**. Сиз менен так ээсинин ортосунда жалган жерден от жаккыдай жаным экөө эмес. Бул өкүмдү бир өкүмдар өзү, бир азирети шайх-ул-Ислам билет…

**Алымбек.** А сен, кайдан билип жүрөсүң?

**Беткапчан.** Хан өзү сизди «кокус өлүм» кылып алып, анан өзү «агам ай» – деп өкүрүп, көммөк экен…

**Алымбек.** Милдеткермин… *(Тиги датка берейин деген алтын теңгеге баш чайкайт. Алымбек теңге салынган баштыкты ыргытат. Ал албастан жылып жок болот).*

## Ордо

Жип учтары түйүлгөн.

Намаз жума. Мала хан өзү имамдык кылып алдыда турат. Калган ордо адамдары артында. Алар кудайга жалынып, тилек кылып, өкүмдарга, ордого оомат тилеп, бир топ күбүрөп, чогуу дуба кылышат.

Хан такка келгенде беркилер тегерете орун алышат.

**Мала хан.** Кана, не кылабыз? Айтыңарчы? Бу бейсынап даткага карата, не аракет, не мамиле кылгайбыз?

**Бийлер.** *(Бардыгы бир ооздон)* –Ынтымак!

**Мала хан.** Ынтымак?! Ыйык сөз, ак сөз. Бирок, ачык айтыңалы. Ким бузуп жатат аны? Өлкөнү четинен кесип, ким базарга салып, сатып жатат? *(Бийлер унчукпайт).*

**Мала хан.** Же, мен өзүм бузуп жатамбы, өз ордомдун ыркын?

Ыы?!

**1-бий.** Кудай сактасын, азиретим!

**Мала хан.** Макул! Эмне деш туура, ушундан соң?! Карап отура бермекпизби, кол куушуруп? Ал бейнысап, төбөбүзгө чыгып тепсеп, базарга коюп, сатып бүткөнчө, ээ?!

**2-бий**. Кудай сактасын, азирети! Андай боло турган күндө, биз карап турбаспыз.

**1-бий**. Таксыр! Эч ким датка тараптан эчтеме өткөн жок–деп айтпайт. Бирок, бир жактан Оро-Төбө вилаятын талашып Эмир Музафар, бир колу Хазар көлү жактан, бир колу Шыбар тараптан сунулуп, акырындап капшырып, Ак Мечит аймагын тартып алып, орус келе жатат. Мына ушундай шартта Алымбек даткабызды кетирип алсак, таксыр?

Бул иш, өлкөңүздү жакшылык ишке алып келбесин ким гана болбосун көрүп турат. Ынтымак! Мындан башка акылга сыяр жол жок. Өлкөнүн эртеңки үчүн, ыкрар болбошко айла жок, таксыр?

**3-бий**. Жарашыш ылазым, таксыр!

**2-бий**. Тууру, тууру! Жарашыш керек! Ынтымак керек!

**Мала хан**. Жо-ок! Оруска сатылып, каапыр кайрыдиндерге өтүп кеткен, бейнысап шайтан менен жарашпайм. А көрөкчө, агаларым, бел кылар бектерим! Ырахмат эле дейм, силерге! Мен баягы үйрөнгөн Бухара-и-Шариф ордосуна кайра кетип, кайра карыптын күнүн көргөнүм артык! Жок дегенде мусулман ыйманым бүтүн калат…

**1-бий**. Кудай андайдын бетин нары кылсын, өкүмдарым!

Андай жаман кепти оозанганча, ынтымак, ыйык иш жолун ойлонмок абзел.

**2-бий**. Таксыр, өлкө биримдиги, эртеңки бүтүндүгү кимибиз ким гана болбойлу баарыбызга бирдей. Ал үчүн бар акылыбызды, күчүбүздү, керек болсо кара башыбызды сайып коюп, иш кылышыбыз ылайык.

**3-бий**. Менин айтаарым ушул ки, кечиктирбестен тез арада Тогуз-Торого-Алымбек датканын өзүнө элчи жөнөтүңүз! Мына ушул иш туура болот, таксыр!

**Бийлер**. Туура, туура!

Туура ой айтылды! Элчи жөнөтүп, ордого чакыртың, келсин?!

Өзү менен да сүйлөшүп көрөлү? Моюнга алыш лазум, азирети!

Канткен менен өлкөңүздө болобу, ордодо болобу, Алымбек бирөө гана.

Өзүңүзгө, «хан агасы» болгон адам!

*(Бардыгы акырындап тарашат.)*

Ортодо Алымбек.

**Кызматчы**. Ордодон элчилер келди, таксыр!

**Алымбек**. Эми эсине келген бекен, кызыталак, Мала! Көргөнбүз алданып, бир жолу да эмес... Таштап жиберсин, менин төбөмө көтөрүп турган асманы болсо! Эмдиги кезек мына биздики, кудай буюруса! Мына эми биз анын башына каран күн салабыз!

**Кызматчы**. Элчилерди!..

**Алымбек**. Орго салып кое тургула!

**Беткап**. *(кирет)* Датка! Менин мойнумду, сизге айтаар бир аманат кебим бар? Кыпчак тууганыңыз молдо Алымкул, оозмо-ооз, алдыртадан кеп айттырды, таксыр?

**Алымбек**. Айт...

**Беткап**. Эстүү жансыз, датка! Ойлонуп багың! Битке өчөшүп, жалгыз тонубузду отко салганыбыз туура боло койбос! Бул өлкө баарыбыздын жонубуздагы жалгыз тонубуз. А өкүмдар деген ошол тонубуздун жакасына

чыккан бир бит. Битке өчөшпөй, тонубуздун жакасын айрып отко ыргытам дебей датка, ыркка келиң? Сизди ыркка, өлкөңүздүн эртеңки тагдыры чакырып отурат.

**Алымбек.** Мейли, болуптур! Абалкы да, акыркы да койгон шартым, талабым бул! Ошол туз урган Маланы, ордодон биротоло кетиришсин! Мына ушуну төкпөй-чачпай, оозмо-ооз айтып баргайсыз кадырлуу молдо Алымкулдун өзүнө! Эгерде ушул шарт аткарылбаса, анда мен кечтим, ошол менин эли-журтум үчүн жаман төөнүн жабуусундай боло албаган ордодон!

*Жарык өчөт.*

## Ордо

**Мала хан.** *(аркы-терки басып)* Мына айтсам ишенишпейт. Ал бейнысап, аркалык туугандарына кошулуп, ыманын оруска сатып койгон. Мына, көрүп алгыла, калыстар! Ынтымак дейсиңер, а?! Ал эл бузар! Мына, энди ачыктан-ачык кастыкка өтүптүр, ордого. Адебинен аша чаап, өз амирин таанбай, көпкөн датканы чабыш керек! Эл-журтун тыптыйпыл кырам! Чабам, жоем! М-м! *(онтоп жиберет)*.

Бул менин ичимде кайнаган кегим, каалоом! Чабылып бермекпи мага? Датка ушул бойдон оруска таянып өлкөнү, элди бөлүп кетсечи? Ал дагы айкын. Көрүнүп турат. Жер менен жексен кылса, баарын! Аттиң ай! Күч кана?! *(Пауза)*.

Бардык аскер күч-кубатын жумшап, тоолуктарды тып-тыйпыл кылып, үй-бүлөсүн кыйратып, айылдарын

өрттөп. Алымбектин көзүн ойдуруп, желдетке жөө жетелетип келип, тээ баягы, Мусулманкулдун өлүмүнөн да артык кылып, кыйноо тартылган «салтанат өлүм» кыламын! Мына, так ушундай кыламын! *(Алакан чабат)*.

Беткапчандар жакындайт. Мала ханды тегеректешип, мойнуна курларын, үстүндөгү тондорун орошуп, тумчуктурушат.

**Мала хан**. А-а! Айланайындар? Айланайындар!

Саландаган аркандардын учтары сыйыртмактын милдетин аткарат.

*Жарык өчөт.*

## Алымбек менен Курманжандын маеги

**Алымбек**. Ата-бабалардын арбактары колдой турган учур келди. Мына, эми ордону биротоло колго аламын.

**Курманжан**. Ушул чакта, башкалар, макул болуп бере коюшаар бекен? Ордо эгесинин өзүн тындым кылган «кишилер», кол куушуруп отурушпаган чыгар, датка? Этият болуңуз!

**Алымбек**. Жөндүү айттың, айым. Бийлик деп. бийликтин камчысын чапкандар жүз-ырайга карайбы? Бирине бири ор казмай, кур убада менен ичтеринде көрө албастык кайнап турат. Башкалар ачык баш көтөрө алышпайт. А молдо Алымкул?..

**Курманжан** *(башын ийкейт)*. Ордону, сизден кийин былкылдатпай кармап турган ошол, азыр. Көп элге туу

башы, экенин бири болуп калган. Сизди караламан калк «качкын» дейт. Ордо ичине «саткын» дейт. А молдо Алымкул кайрымсыз ханды жыккан киши болуп турган чыга, азыр.

**Алымбек**. Он уул кыпчак уругу, хан тагасы Кедейбай датка кошулуп, бүт сол өзүнчө бириккени калган экен го?

**Курманжан**. Карап, байкап көргөйсүз, датка? Молдо Алымкул менен беркилер кандай алакада болушту экен? Ким билет, кыябы келсе молдо Алымкул аларды «Азиретти ханга кол көтөргөн, канына забын кылган» деп, жазага тартып жибериш, кообу да бар. Эгер сиз аларды ушул кокустуктан корголоп, арачалап калсаңыз, анда алар, сиз тарапка оойт. Чоң жаат болуп беришет. Ушул жагдайды эстен чыгарбаң, датка?

Эми, кылчактабаңыз, датка? Өзүңүз баш койгон иш, өз элиңиздин, өз журтуңуздун мүдөөсү да ушул. Кудайдын көзү түз болуп, өкүмдарлыктын эки тизгин, бир чылбыры өзүңүзгө буйруп тургандыр. Жигит пири Шаймерден өзү колдосун сизди! *(Алакан жайып дуба кылат)*.

**Курманжан**. Ар бир иштин өзүнө жараша машакаты, милдети, кыйынчылыгы болот. Өкүмдар болмок эле мателби? Мурункулар эмне кылып берди? Не, көйдө болгондо да элге карамдуу, журт керегине жарамдуу болмок абзел!.. Ким карамдуу болгон?! О, чиркин ай! Элге ким гана карамдуу болом дебеген?!

Эсил кайран эл, кайран журт! Качанга дейре таш уйкудан ойгонбой, кылымдардын ың-жыңсыз катмарында жоголуп, кыйкырыктан башка укпай, зордуктан башка көрбөй, ал зордукка көнүп, аны кудайдын

башка салганы деп билип, тизе бүгүп, кол куушуруп өтмөкчү?! А зор деген, зордук деген көп экен, бирин тизгиндеп алсаң, бири төбөгө чыга кетет. Же адамзатты ошол азап-тозокко чыдашка, тагдырына баш ийүүгө жаратканбы, теңирим?! Оош-кыйышы түгөнбөгөн бири кем дүйнө, ай!

*Жарык өчөт.*

**Ордо**

Ордо адамдарынын ичинде Алымбек менен Алымкул төшүн тийгизишип учурашышат. Бийлер жабыла Алымкулдун артынан таазим кылышат.

**Алымкул**. Келиң-келиң, келиңиз, улук даражалуу журтун агасы, журттун туткасы? Баарыбыз ыйык туткан ордобуз, сиздей эл камын, журт камын ойлогон кыраанын кайра тапканга өтө кубанычтуу. Өлкөнүн, ордонун бүгүнкү, эртеңки тагдыры өзүңүздөй көсөм-кемеңгердин көмөгүнө муктаж болуп турган чакта, айланып өз туурунузга конгонуңуз эң туура иш болду. Ордодогу толбой турган ордуңузга, өз уяңызга келишиңиз кут болсун, датка! Кут болсун!

*Баарысы. Кут болсун!*
*Кут болсун, датка!*
*Кут болсун, журт агасы!*
*Өмүрүңүз узун болсун датка!*

**Алымбек**. Рахмат. Рахмат, баарыңа, ордо жакшылары! Ырас, барыбыз ыкрар кылып, ыйык туткан ордобуз

ушул болгон соң, анын тагдыры жалпыбыздын тагдырыбыз. Барыбыз ордо деп, эл-журт деп жүрөбүз. Эл-журт үчүн аянмак белек. Кана не кылгайбыз? Ар кимибиздин мойнубузда ордо милдеттери, ордого тагдырын тапшырган журт ишеними турат. Ошолордун абийирин, намысын сактап, душманга таба болбос үчүн кана, неден баштоо зарыл деп ойлойсуздар?

**Алымкул**. Кудайдын буйругу ушундай экен. Өкүмдарибиздин көрөөр күнү, ичээр суусу бүттү. Бу да болсо кудаанын башка салганы, буйрук-насиби деп билели. Бардыгы бир алланын өзүнөн! Ар кимибиз пешенебизге не болсо, шону көрөбүз. Качып кутулушка чара жок. Энди, эң абал, ылайыгына карап, акылга салып, сиз менен биз макул көргөн миң тукумунан бир мураскорду өзүбүзгө өкүмдар кылып алганыбыз, зарыл-шарт болуп турат.

Бийлер жип учтарын тартыша бир тарапка Алымкул жакка өтүшөт.

**Бийлер**. Туура, туура!

Өкүмдар, болбосо, өлкөнү ким башкармак!

А, баш керек. Ордого баш керек.

**Алымбек**. Мураскор… Мураскордун не кереги, не касиети бар?

Ордону башкага бөлүп-жарып, өлкөнүн паркын кетиргенден башкага жарашпаса?! Булардан көрө не тоолуктан, не чөлдүктөн, не отурукташкан-үч тайпа журтубуздан ылайык адам таап көтөрүп алсак ким кой демек? Хан деп көтөрүлгөндөн соң, хандын өкүмү жүрөт. Ошол үчүн хандыкка алдыда, акыл да жете турганы керек. Эптеп бирөөнү хан деп, аны ичинден сыйлабасаң да, «азирет» деп кол куушуруп, калп эле жылмандап туруунун кажаты не?!

А өзүбүздөн хан көтөрсөк, өзүбүздөн азирет кылсак болбойбу? Куп болот! Мезгил жетти. Бүттү миң тукумунун сыйы! Жакшы эле төбөбүзгө көтөрдүк. Тебелеп, тепсегенден башканы билбеди. Журт камын ойлободу.

Бийлер сүрдүгө жиптерди өздөрү менен кошо тартышып Алымбек датка тарапка өтүшөт.

*Бийлер. Ак сөз, ак сөз!*
*Мына, акыйкат сөз, акыры айтылды!*
*Адилет сөздү сүйлөдүңүз, датка!*
*Кордугу өтүп кеткен булардын!*

Эмне, өкүмдарлыкты буларга байлап бериптирби?

Алымкул. Датка, айткан сөзүңүздө калет жок! Буларга биз да маани бербей койбойбуз. Бирок, «ата мурасы» – же салтыбыз, же шарият эрежеси жол береби, буга?! Мына, ушул жагдайды да эске алыш лаазимдир, урматтуу бектер!

Бийлердин жарымы жиптерди кармай Алымкул жакка өтүшөт.

**Алымбек.** Жети өлчөп, бир кес, – деген. Жакшылап ой толгоп көргүлөчү, жакшылар! «Ордонун, өлкөнүн эртеңки тагдыры не болмокчу?» – деп, жамы журт бизге карап турат. Баарыбызга маалым. Нүзүп аталык болуп, не койду корду?! Мусулманкул миңбашы болуп, не тапты?! Өз тууганын өзү жыгып берип, Өтөмбай менен Нармамбет не болду? Мал арыгын баксаң ооз майлайт, адам арыгын баксаң төбө кандайт. Зап сөз эмес бекен!

Пенде баласы жылкы мүнөз болот. Жылкы арыгында мүңкүрөп, кол карайт да, биртке эле тыңып алган соң кошкуруп, өзүңдөн үркүп калат.

Бийлердин жарымы жиптерди кармай Алымбек жакка өтүшөт.

**Бийлер.** Аны телчиктирип, үйрөтүп алыш, өзүбүздөн эмеспи, датка?

**Алымбек**. Мына ушул Маланы көтөрмөлөйбүз деп, акырында не мүшкүлдү көрбөдүк? Мураскордон көтөрүп жүрүп, кай муратка жеттик, айткылачы, жакшылар!

Бийлер сүрдүгө Алымбек тарапка өтүшөт.

**1-бий**. Туура! Ак сөз датка, «Такты алып берсеңиз, ага дебей ата дейин» – деп айтып, акыры сиздин кадырыңызды бааламак тургай, жерге тебеледи го, бу кассам ичкен Мала.

**2-бий**. Кызыталак Мала, бийликке жаман кызганыч эле да. Өзүнөн башкага ишенбеген митайым болчу.

**1-бий**. Ээ, жеткен ажал бул, «Кырк жылы кыямат жүрсө да, бей ажал чымын өлбөйт» – деген эмеспи, жараткан эгем.

**2-бий**. А, туура. Туура айтасыз. Өз ажалын өзү тилеп алды.

**Алымкул**. Майли датка, майли. Өзүңүз айткандай жети өлчөйлү, жети өлчөйлү… «Жети өлчөп, бир кесели» – датка. Энди датка, өкүмдарликка ылайык бирөө табылганча, өлкөгө баш-көз болуп, бийликтин тизгинин колго алып, ордонун ишин сиз, өзүңүз теске салып туруңуз? *(камчыны берет)*.

Бийлер ортого чогулушат. Жиптердин учтары колдорунда.

**Бийлер**. Оп, балли, балли!

**Алымбек**. А өзүңүз Кокондогу бүт аскер күчүнө, аскер кубатына башчылык кылуу милдетин алыңыз?

**Бийлер**. Ушул бүтүм, куп туура болду!

А-а, калыс, адилет иш болду!

– Бу да болсо бир алланын амири менен!

– Оомийин!

– Алла-таалам өлкөбүзгө эртеңки тынчылык, жарык күнүн, бейкуттугун буйрусун!

– Ордобузга оомат берсин!

– Оомийин алаху акбар!

**Алымбек**. – Ордо, ордо… Эскилиги жетип, таркы кеткен, куту жок ордо. Кутумдардын уясы. Ичи тар, көрө албас, алдамчы, бузуку. Мансап байлык үчүн биринин башын бири жуткан, өз көмөчүнө күл тарткан, ыпластыкка толгон ордо.

Калкка көлөкө-саябан болот дейбиз. Калк камын ойломок тургай, кайра кас душмандан бетер, бир элди үчкө бөлүп, талап-тоноп, бирине-бирин тукуруп, ыркын кетирген ордо. Эртеңи жок, келечеги көрүнбөгөн караңгы-туңгуюк.

Ордону оңдойлу, абийирин коргоп, намысын бийик көтөрүп сактайлык дедик. Канча аракет кылып жан үрөп, акыл-күч жумшадык. Кимге жылуулук берип, кимге мээримин төктү! Кимге ырайым этти? Отуз жыл өмүрүмдү сарптап, камчысын чаптым. Ойлосом баарысы кур бекер убара экен. Ушуга сарпталган кайран убакыт! Кайран гана өмүр!

*(Ар тараптан беткап кийгендер жип учтары колдорунда, чөө сыяктуу тооруй жакындайт, бирок кол салууга даашибайт).*

**Бийлер**. Качың, датка!
Датка, качың!
Ордонун иши чатак.

Самсалаган аркандардын учтарын кармашкан бийлер тегерене чуркашат.

*Жарык өчөт.*

Аркан учтары бириктирилип, аттын деңгээлинде. Анын үстүндө Алымбек.

Курманжан бейкам. Сырттан Алымбек көрүнөт.

**Курманжан**. Келгиле, датка?

**Алымбек**. Тынчсыңарбы? Мал-жан аман-эсенби, байбиче?

**Курманжан**. Кудайга шүгүр, элиңиз эсен, биз эсен, датка! *(Анын колун пешенесине тийгизип тооп кылат)* И-и? Неге мынча түн катып, датка? *(пауза)* Ыя, датка! Дагы качып чыккансыз го?

**Алымбек** *(баш ийкейт)*. Качып келгеним го жок. Бирок, бирок… Абал жаман, байбиче…

**Курманжан**. Андай болсо, аттан түшпөң? Ырым болсун, датка? Качуу оюңузда жок болсо, маслат үчүн эле келген болсоңуз куп жакшы, ат жалынан бүткөрөлү датка. *(пауза)* – Ыя, датка, жүрөксүп калгансызбы?

**Алымбек**. Жок, байбиче!

**Курманжан**. Жүрөксүнөр жөнүңүз барбы, даткам? Жаман айтпай жакшы жок. Жолуңузду улантаар, намысыңызды бек сактаар берээндериңиз бар. Артыңызда

атыңызды туу кылып көтөрө турган, аскар тоодой алты эр азаматыңыз, элиңиз турбайбы.

**Алымбек**. Кайтканым оңбу, байбиче?..

**Курманжан**. Оң түгүл датка, зарыл! Тээ куттагы ишеним берген тууган элиңиз эмне дейт?! Дагы качып, дагы кара башыңызга сыйынт сурап, көмөк сурап турсаңыз, кандай болот? «Өзүбүзчө ордо күтөбүз, өзүбүзчө бир тайпа журт болобуз» – деген көксөөңөр, оруска ык салган саясатыңар кыйрап түшпөйбү? «Бу өлүмгө тике карайт деген башчы, кара башын калкалап, жалт берип кетти» – дешпейби?

**Алымбек**. Ырас, ырас, зирегим... Эл камын, журт камын ойлогон дилиңе ыраазымын, зирегим! Мен анда, кайтайын.

**Курманжан**. Тез, кайтыңыз, даткам! Кылчактабаңыз! Кармаган тизгинди кое бербеңиз! – Бул ырым, бул эртеңки минер тагыңызга, турар өкүм тизгиниңизге болгон үмүт, тилек. Аргымак үстүнөн суусун жутуп, азыр кайтыңыз!

*(Кенже уулу Камчыбек келип, салам айтып кош колдоп көрүшөт. Ал баласын көкүрөгүнө кучактайт. Курманжан баласынын колундагы кесесин алып, даткага сунат).*

**Курманжан**. Ах, чиркин ай! Атанын сүйгөн жарга, өмүрлүк жубайга болгон махабатынан да балага болгон мээрими башка белем? Ата-баланы не деп тилейт? Не деп самайт? Ордумду басып, өмүрүмдү улайт, алдыга койгон айкын максатты, бүтпөй калган ишин аягына чыгарат, атымды жоготпой, улуу жашоодогу мураскорлук салттын учугун кармап, ариеттин, абийирин кылар ар-намысым дейби?

Тирүүлүктүн кумары, рахаты, кубаты жан бала. Ата менен бала эч бөлүнгүс болсо кана? Анда бардык жан, жашоо бүтүндөй бактылуу болмок. Эх, чиркин дүйнө!

**Алымбек** *(кесени кош колдоп алып, ат жалына тийгизген болуп, суусундуктан кере жутат)*. Ох! Чаңкоом кана түштү. Кайтайын зеригим.

**Курманжан**. Тез дегеним бул, датка. Абал кылычтын мизине, кылдын учуна келген экен. Мындай тапта оозунган эле алат. Кенебей жаткан алдырат, датка! Өңүт күтүп олтурбай, тобокел кылып, оозунуш ылаазым, датка! Сизге кылчаңдаш болбойт! Өтүмдүүлүгүңүз керек! Арты эмне болоорун ойлонуп олтурушуңуз өзүңүзгө кастык. Ичи кең бир кудай өзү колдойт. Ак жолуңуз ачылсын.

Анан датка, кылдан кыйкым, жумурткадан кыл издеген, душмандарыңыздын ортосунда турасыз, өтө этият болуңуз! Кимдин ким экенин, сизге болгон ниетинин түз экенин сөзүнөн эмес, көөнүнөн туйчу көсөмдүгүңүз бар эле. Акылды аябай калчап көрүң? Сезимтал, сергектигиңиз эми зарыл керек. Өзүңүзгө өзүңүз гана ишениңиз.

**Алымбек**. Зирегим ай! Сени менен баш кошконума, кудайга миң мертебе ыраазымын, делбирим.

**Курманжан**. Мени ушул даражага жеткирген өзүңүз, даткам. Сиз бар, биз бар. Сиз чайлаган байтерексиз! Намысыңызды бек сактап, жолуңузду улантаар, элиңиздин эртеңине кам көрө турган, уулдарыңыз бар. Кошуңуз даткам! Кам санабаңыз!

Алымбек Курманжан кучакташып турушат.

Жарык Алымбекке берилет.

**Алымбек.** Оо, жакшылар! Ата уулдары! Эл ишенимин актай турган азаматтар! Ар жерде бөлүндү болуп, урук кууп, уруу-урууга, улутка ажырап жүрүп не таптык? Эл талашып, жер талашып жүрүп не мураска жеттик? Бир жердин суусун ичип, бир аймакта жашап жатып неге бирибизди-бирибиз бөтөнсүтөбүз? Жараткан жакшылыгын ыроолоп ынтымак-ырыс берген экен, неге андан жерийбиз? Минтип жүрсөк бирөөлөр бизди басынтпайбы, ынтымагы жок эл деп, азсынтпайбы? Келгиле! Андан көрө элдик намысыбызды бийик көтөрүп, ата-баба зобolosун, ариетин ыйык сактай, өз түндүгүбүздүн алдында баш бириктирели. Эгемен эл аталып, эртеңки урпактардын бактысына жол ачалы! Адил, ак-кызматыбызды, адамдык парзыбызды ырыскылуу элибиздин ынтымагына, биримдигине жумшайлы!

*(Түндүк көтөрүлөт)*

Самсалап түндүккө уук болгон жипти өздөрүнө чыңай тарта, бийлер алмак-салмак сүйлөшөт.

**1-бий.** Өкүмдардын ойлогон ою, көздөгөн максаты башка. Өз алдыбызча түндүк көтөрөлү – дегени эмнеси?

**2-бий.** Эгемен дегени кандай? Бүгүнкүнү ойлобой эртеңкинин камында бололу – дегени табышмак?

**3-бий.** Бөлүнөбүз, ажырайбыз – дегенинде мандем бар?

**4-бий.** Ордого ак кызмат өтөп жатканыбызды көргүсү келбей, адилдикти издегени, бизден жеригени.

**1-бий**. Ынтымак, ынтымак, – дейт. Мындан артык да ынтымак болобу?

**2-бий**. Алдаярдын дили бузулду. Өз тобун түзсө, бизди оңдурбайт.

**3-бий**. Андайга жол бербейбиз. Бизден баш тарта албайт.

**4-бий**. Биз да мамлекеттин тирегибиз. Мен менмин дегендердин бирибиз. Алдаяр бизсиз бир кадам таштап көрбөйбү, эмнени көрөр экен!

**Алымбек**. Оо, ата уулдары! Эл керегине жароочу азаматтар!

Эл ишеничи ыйык, эл максаты бийик. Касиеттүү элдин кадырын көтөрүүгө бел байлаган азамат болсоңор, эл алдына ачык чыккыла! Эл үчүн бел чечип кызмат кылар кез келди.

**Бийлер**. Качыңыз, таксыр! Качыңыз!

Ордодо кутумдардын күнү тууп, бузукулар үстөмдүк кылып бaратат.

Алтын башыңызды аман алып калыңыз.

Айланайын өкүмдар, амандыгыңызды тилейбиз!

*(Жиптердин үстүнө түшүрүп, салмагын сала ныгыра басышат).*

**Алымбек**. *(үстүндөгү түндүктү жогору көтөргөнчө)* Элге адилдик качан келет? *(Жип учтары жөргөмүштүн желесиндей Алымбекке оролот).*

Аттиң-ай, армандуу дүйнө. Алдыга койгон максатка ушинтип жетпей калабызбы? Ынтымакка баш бириктирели дебедик беле? Адилдик канткенде калкка келет? Биримдик, болгула ата уулдары!

Биримдик, биримдик…

Куран окулат.

Беткапчандар чамгарак, үстүнө чапан-тондорун жабышып, жабыла дуба кылышат.

**Алымкул**. Оо, журт, жакшылар! Алымбек агабыз кандай адам эле?

**Үндөр**. Жакшы адам болчу.

Жакшы адам эле.

Калкка күйгөн пенде эле.

Бирөөгө жамандык санабаган, ак көңүл эле.

Кайран датка, өлбөй кал! Тилегиңе жетпей калдың.

Эртеңин берсин!

*Көшөгө.*

# ЖЕР КУДУРЕТИ

*(Төрт бөлүмдөгү даректүү драма)*

Катышкандар.

**1. Ажы бий** – Ош аймагынын Баргы уруусунун бийи Алымбек датканын бубасы.

**2. Кубат бий** – Анжиан аймагындагы Кушчу уруусунун бийи.

**3. Эрдене** – Кокон калаасынын беги.

**4. Фазыл** – Кожент калаасынын беги.

**5. Элчи** – Ажы бийдин уулу.

**6. Абдырахма** – Эрдененин иниси.

**7. Хун Ли** – кытай императору.

**8. Чжао-Хой** – кытай аскер башчысы.

Эл өкүлдөрү, бийлер, энелер, аялдар кызматкерлер ж. б. катышат.

Окуя XVII кылымдын 58-63-жылдар аралыгында Фергананын Кокон, Ош аймактарында жана кытай императорунун ордосунда өтөт.

## I бөлүм

Ош аймагы.

Адигиненин желеги алдындагы элдик жыйын.

**Ажы бий.** Туугандар! «Туягы бүтүн тулпар жок, канаты бүтүн шумкар жок» демекчи, элибиз эчен кыйынчылыкка моюн сунбай биримдикти сактап келди. Учурда туш-тараптан жоо каптап, кайрадан коркунучка кабылдык.

«Баспай жүргөн жоо беле, кармашпай койчу биз белек» – деп ата-бабаларыбыз айткандай, баягындай сабырдуулукка эрдикке салып, Ата-Журттун, эл-жердин бүтүндүгүн сактап калуу үчүн колго курал алып турабыз.

**1-бий.** Ырас баатыр! Калкыбызды калаба каптап айланабыздын баары душман. «Аз кыргызды оңой эле багынтып алабыз» дешеби, калмактар бир тараптан, кытайлар экинчи тараптан кол салып, тынчыбыз кетти.

**Ажы бий.** Калмактарга да, кытайларга да туруштук бердик. Манжу-кытайлардын сыпайлары каптап келгенде жерибизге жакын жолотподук.

**1-эне.** Каканчиндер «кек алабыз» деп, өчүгүшпөс бекен?

**Ажы бий.** Жоокерлерибиздин каршылыгына туш болушкан кытайлар, чегибизден алыстап, калмактар тарапка сүрүлүштү.

**Карыя.** Жоо аяган жаралуу. Тийишкендерден аянбайлы.

**1-үн.** Бийим, манжу-кытайлар калмактарга катуу кыргын салыптыр деп угабыз?

**1-аял**. Алардын кесепети, бизге тийбес бекен?

**Ажы бий**. «Тийбейт» деп болбойт. Канткенде да, абал оор. Этият болгонубуз оң.

**1-бий**. Баатыр, калбадан кутулбас болдук. Канткенде бул коркунучтан элибизди аман сактап, кала алабыз?

**Ажы бий**. Кептин баары ушунда. Баарыбыз ушул ой менен чогулуп турабыз. Санызбыздын аздыгына санаа тартчу элек. Тагай бабабыздын урпактары калмактардын катуу кыргынына кабылып, бизге келип кошулушту. Алардын караандары бизге дем. Бири-бирибизге эш болуп, эр-азаматтардын катарын да, күчүн да чыңдайлы. Жоокерлерибиз калмактардын кетчү жолун бууп, Нооруз менен Сарт ашууларын тосуп, эч кимди жакын жолотпой турат.

**2-бий**. Баатыр, жакшылар! Айткылачы? Канткенде коркунучсуз жашоого болот?

**1-эне**. Ач айкырык, куу сүрөөндөн жадап бүттүк. Качан көрсөң калба.

**2-бий**. Тынч жашай турган, күн болоор бекен?

**Ажы бий**. Бул ой дайыма тынчымды алат. Эркиндикти эч ким бербейт..

**2-эне**. Кудай кыргызга калабасыз күндү берер бекен?

**Ажы бий**. Аман калуунун элибиз бир аз тыныгып, кубаттанып алуунун жолун издедик.

**Үндөр**. Айт! Жолу барбы? Угалы!

**Ажы бий**. Жоо менен жоолашып, санызбыз азайды. Кармашып жүрүп каруудан кеттик. Уккула! Дүйнөдө, эң зор өлкө кытай дейбиз.

**Үндөр**. Оо! Кыргызга кытайээлтен жоо.

**Ажы бий**. Ошол, кытайлар менен алакага келүү, зарыл болуп турат.

**Үндөр**. Кантип алака кылабыз? Кытай кылымдап чабышкан жоо эмеспи?

– Айт! Угалы?

**Ажы бий**. Кытай качан, кайсыл өлкөгө кол салганын билгенин, барбы? Жок!

**Үн**. Баатыр, сен ишенген кытайлар, калмактарга эмнеге кыргын салып жатат?

**Ажы бий**. Аны да билгенибиз жакшы. Калмак ханы Галдан Церен дүйнө салганда, мураскор Лама Доржудан иниси Дабачы тактı талашты. Контайчынын карындашы. «Ата-бабалардан калган эски ереже боюнча, ордодо менин да үлүшүм бар» – деп уулу Амурсанага бийликти алып бермек болду. Талаш акыры барып, чырга айланды. Калмак ичинде өз ара кыргын күч алып, калкынын көбү качууга аргасыз болушту. Абалды байкаган кытай падышасы өкүм чыгарып.

«Жунгар төбөлдөрүнүн бийлиги жоюлду» деп, төрт ойроттордогу дербеттерди Черинге, кошоуттарды Бонжурга, чоросторду Галдан Церендин балдарына, тыргоуттарды Амурсанага бөлүп берди. Баарын жалгыз өзү ээлөөнү эңсеген Амурсана. «Казак-кыргыздардан аскер курап, кытай падышасына каршы аттанам» деп, өзүнө баш ийгиси келбегендерге кыргын кылды. Аман калуу аракетиндеги, калмактар баш паанек издеп, туш тарапка чачылып кетти.

Калмактарды биротоло тынчытыш үчүн кытай падышасы сан жетпеген аскери менен Чыгыш Түркстанды каптап, кырып-жоюп талкалады. Алардын калабасы элибизге тийбесин деп, жоо колун тостук. Согуштун кесепетинен, элибиздин башына мүшкүл түшүп турат.

Калмак-кытайлардын кыргынына каршы, Жаркен, Кашкар Кучар, Ак-Суу, Уч-Турпан, Ак-Чий өрөөндөрүнүндөгү өзүбүздүн кандаш туугандары-быз кыргыз бийлери. «Ойрот-кытайларга каршы аттандык» дешип, кабар жөнөтүшүптүр.

**1-бий**. Таркы кеткен заман ай!

**2-бий**. Калаба элге тийбесин деп, курал кармоого аргасыз болуп отурабыз.

**Ажы бий**. Кытай ханы бизге кат жөнөтүптүр. Баарына жарыя болсун!

**Кызматкер**. *(окуйт)* Бурут журтчулугунун башчысына! «Калмак каны Галдан Церен дүйнөдөн кайткандан баштап, Жуңгарияда кишилер бирин-бири өлтүрүп, журт ичинде бүлүк түштү. Ааламдын ээси болгон биз, алардагы баш аламандыкка чыдап, кол куушуруп отура албадык.

Иле чөлкөмүндөгүлөрдү караткыла, Дабачиге чара көргүлө! Бардык ойрот урууларын тынчтандырып, мурдагы журттарына кайтып кетишине мажбур кылгыла! – деп даңазалуу аскерлерибизди аттандырдык.

Бирок, ойроттор Амурсана бузукунун тилине кирип, кайтадан жандана баштаганда даңазалуу аскерлерибиз таш-талканын чыгарды. Амурсана казактарга качты. Биздикилер аскерлерибиз артынан куугун кылып, капыстан сокку урду. Казак Абылай чоң кыргында талкаланды. Ушул кезде ойроттор козголоңчунун азгырыгына алданганына өкүнүп, өкүл жиберип, бой сунганын билдиришип, «Амурсананы кармап беребиз» дешип убада кылышты. Ал Орусияга качып барып, чечектен каза тааптыр.

Жуңгарлардын жазыгы ушунча оор. Чек ара кыйырларына тынчтык орнотуш үчүн аларды кырып-жойгондон башка арга жок. Силер, буруттар жуңгарлардын ишине эч качан киришкен эмессиңер. Бирок, эзелтеден коңшу турасыңар. Бул күндө жунгарлар толук багындырылды. Силердин жериңер биздин чек ара менен ирегилеш болуп калды. Эгер силер казактар сыяктуу биздин дөөлөткө ыктап, баш ийип келсеңер, мен силерге мурдагыдай жашаганга, кийим-кечеңерди өзгөртпөгөнгө мүмкүндүк берем. Мансап даражаларына дайындабайм жана салык төлөтбөйм. Арийне өкүл жөнөтүп, өтүнүч кылсаңар жакшылыгымды, сыйлык-сыйымды аябайм.

Силер салт-санааңар менен ордо мамлекеттен айрымалансаңар керек! Андыктан, биз тарапка өтүштү жана баш ийишти, каалабашыңар ыктымал. Бул өзүңөрдүн ишиңер. Бирок, өзүңөргө караштуу. урууларды эч качан чек ара бузбагандай тескөө зарыл. Ошондо мен аскеримди көбөйтпөйм жана тынчыңарды албайм. Жок, жоошуп, тынчыбайт экенсиңер, же империянын чегинен көчүп өтүп, өз билгениңерди жасап, талоончулук кылсаңар, анда чатакты өзүнөр чыгарган болосуңар. Аскерибиздин каарына каласыңар. Өкүнөсүңөр. Кийин биздин ырайым кылышыбыз кыйын болот!

*(Цзюньлун 22-жыл (1957-жыл) Кытай булактарынан).*

**Ажы бий.** Мына! Кытай падышасынын катына кандай жооп берүүнү чечели.

**1-бий.** Баатыр! Эртеңки күндөрдү эске алалы.

**Ажы бий.** Элдин тагдырына, келечекке кам көрүү баарыбызга милдет. Кеңешип, бир бүтүмгө келбесек, коркунуч күчөп баратат.

**2-бий**. Баатыр! Кытай ханы «Салык төлөтпөйм» – дептир. Эгер убададан тайбаса, казактар сыяктуу ымала кылып, ыкташып, жашай бербейлиби?

**1-бий**. Кыйшык көз кытайдын, уйгактын жалбырагындай болгон кагазына кантип ишенебиз?

**2-бий**. Бийим, ата-бабаларыбыз убададан тайбас үчүн чыбык кыркып, шерттенип сөз бекитишкен.

**1-бий**. Баатыр, башка элдер кагазга кат чийип, мөөр, же «бармагын басат»дешет. Ал атадан-балага чейин күчүн жоготпойт» дешет. Ыраспы?

**2-бий**. Биз да өзүбүзгө ыңгайлуу жагын карайлы.

**Ажы бий**. Кандай шарттарды коебуз?

**1-бий**. «Кытай-кыргыз чек ара бузбай, коңшу, ынтымак жашайлы» – дейли?

**Бийлер**. Туура, Ынтымак түбөлүк болсун! – деп шарт коёлу.

**Кызматчы**. Баатыр, меймандар. Сизге жолугууну өтүнүшөт?

**Ажы бий**. Келишсин!

**Чжоа Хой**. *(ийилип)* Нихао Салам!

**Ажы бий**. Келгиле, меймандар?

**Чжао Хой**. Урматтуу бурут журтундагы Адигине уругунун бийи.

**Ажы бий**. Ооба, Адигине уругунанбыз. Атым Ажыбек.

**Чжао Хан**. Мен кытай императорунун аскер башчысымын.

**Ажы бий**. Мага караган он беш уруунун бийлери, билерман журт башчылары.

**Чжао Хой**. Биз Улуу урматтуу аалам эгесинин, тапшырмасы менен келдик.

**Ажы бий**. Жакшы болот.

**Чжао Хой**. Улуу даражалуу императорубуз, Адигине уругунун Ажы бийине, чын ыкласы менен ысык салам айтты.

**Ажы бий**. Улуу урматтуунун саламын кабыл алабыз.

**Чжао Хой**. Улуу урматтуу өкүмдарибиз, сизге жарлыгын жиберди.

**Ажы бий**. Улуу өкүмдардын көңүл бурганына курсанбыз.

**Чжао Хой**. Урматтуу бий, Улуу императорубуздун жардыгы элиңизге маалым болсун. *(окуйт)* 25-а Императордун жардыгы

«Адигине уругунун Ажы бийине!

Мен ичкериде да, сыртта да бүт ааламдын өкүмдарымын. Мен үчүн биздин дөөлөткө кайрылгандардын баарысы бирдей. Алар биздин камкордугубузга карк болушат. Тынч-аман жашаш үчүн ар ким өз жол-жосунун тутат. Эгер силер, биз менен байланыш түзүп, кабыл алуу каадасына катышууну кааласаңар, келе берсеңер болот. Өзүңөрдүн ордуңарга бир тууганыңарды, же уулуңарды жибергиле. Аларга да сый-сыпат көрсөтүлүп, сыйлыктар тартууланат.»

*(78-бап 24-жыл Цзяньлун (1759-ж. 9-ай) Кытай булактарынан).*

**Ажы бий**. Урматтуу өкүл. Биз менен байланыш түзүүгө болгон аракетине ыраазычылык билдиребиз. Ынтымак болууга биз да кызыктарбыз. Эки элдин ортосунда алдамчылык болбостугуна, кандай кепилдик бересиздер?

**Чжао Хой**. Ишениңиз? Императорубузда жаман ой жок. Сиз белгилеген шарттарды келишебиз.

**Ажы бий**. Өкүл мырза! Элибиздин тагдырына эртеңкисине коркунуч болбойбу? – деген кооптонууну жашыргым келбейт.

**Чжао Хой**. Урматтуу Ажы бий, Улуу өкүмдардын сизге байланыш түзүүсүнүн максаты да ушундай. Эгер мамилеге келишсе «Коңшу өлкөдөгүлөрдүн баш кийимин да алмаштырбастыгын» мурунку кайрылууда да жана бүгүнкү жарлыгында да белгилеген. Анан да, сиздин эсиңизге салып коеюн. Элюттар *(өлөттөр – калмактардын кытайча айтылышы)*. Силердей эле, көп жылдар бою биздин чек араларды бузуп, тынч жашоого мүмкүндүк бербей келишкен. Кийин жунгарлар Чыгыш Түркстандагы элдерди өлтүрүп, чаап, тополоң чыгарышты. Ааламдын эгеси, биздин улуу император тополоңчулардын таш талканын чыгарууга, аймактагы коопсуздукту сактоого даңазалуу аскерлерине буйрук бергенден соң, жуңгарлар Орусияга качып, сүрүлүштү.

Биздин келишибиз элдин тынч, коопсуз жашоосуна шарт түзүү болуп эсептелет.

**Ажы бий**. Биздин негизги максатыбыз да, элибиздин коопсуздугун сактоо.

**Чжао Хой.** Мына, эки элдин көздөгөнү максаттары окшош. Улуу урматтуу императордун сизге арнаган чинин, мөөрүн жана жарлыгын элиңиздин алдында тапшыруу мен үчүн чоң сыймык деп эсептейм.

**Ажы бий**. Улуу урматтуу өкүмдарга жана сизге элибиздин атынан терең ыраазычылык билдиребиз.

**Чжао Хой**. Урматтуу бий. Ааламдын өкүмдары мага. «Эгер Ажы бий урмат көрсөтүп, падышанын дидарын көрүүгө дилгирленсе, келе берсин! Ошондой эле өзүнүн

ордуна уулун, же бир тууганын жиберсе да болот. Алыска аттанып чыгыш кыйын десе, өзүнө ыңгайлуу жагын карасын» – деп көрсөтмө берди. *(78-бап 1759-ж. 9-ай)* 13-а Чжао Хойдун маалыматы.

**Ажы бий**. Уруу башчылары, жалпы элибиз менен кеңешели.

**Чжао Хой**. Айткандай, эгер өкүл жөнөтчү болсоңуз, биздин топ коштоп барарын эске алыңыз!

**Ажы бий**. Сизге, ыраазычылык. Биздин кадырлуу мейманыбыз болуңуз?

**Жигит.** Бийим, калайык калк! Ишеним берсеңер, элдин атынан мен барайын?

**Үндөр**. О, азамат. Бул жигит өткүр. Колунан келет. Элинин талабын жеткиреринe ишенебиз.

**Эне.** Эр азамат, элинен аянбайт. Жоопту милдетти алган, жолуң ачылсын!

**2-көрүнүш**

Кытай императорунун ордосу

Фаншанжин хан сарайы. Император Хун Ли сейил багында эс алып жүрөт.

**Чжао Хой**. *(ийилип)* Улуу урматту өкүмдарым. Чыгыш кыргыздарындагы Адигине элинин Ажы бийи сизге саламга, өзүнүн уулун жөнөттү.

**Император**. Кабыл алабыз.

**Элчи** *(ийилип)*. Кыргыз элинин атынан салам айтабыз.

**Император** *(баш ийкейт)*.

**Чжао Хой**. Улуу урматтуу өкүмдарим! Сиздин жардыгыңыз менен буруттардын арасынан эң алгач

Ажы бийге, сиздин атыңыздан грамота, чин ыйгарып, жибек жана капчык тартууладык.

**Элчи**. Сиздин жардыгыңызды алып, таанышып, жатам. Адигине элинин Ажы бийи, кабыл алуу каадасына өзүнүн ордуна мени жөнөттү.

**Император**. Жардыгымды кабыл алганына курсантмын.

**Элчи**. Кыргыздардын карапайым эл башчысы, атам Ажы бий, аалам ээсине чын дилинен салам жолдоду.

**Император**. Мага ичкилер да, сырткылар да бирдей.

**Элчи**. *(сыпатталып оролгон кагазды ачып окуйт)*. «Улуу урматтуу аалам эгесине! Урмат билдиребиз.

Учу-кыйырсыз кең мейкинге жабуу болгон, чексиз асман сыяктуу, мүлдө макулуктардын камын көргөн, ашкан адамгерчилик касиети даарыган, ааламда теңдеши жок баатыр, төрт деңиздин ээси, улуу мартабалуу өкүмдар!

Сиз тарабынан өтө бийик урмат менен дайындалган алдыңкы сап аскериңиздин кол башчысы сиздин жардыгын бизге тапшырды.

Атайлап тартуулаган грамота менен мөөрдү алып, кубанычымды сөз менен айтып жеткире албайм. Биз каалагандан да ашык болду. Улуу даражалуу Цзяньцзюнду ушунча узак жерге өкүл кылып жибергениңизге ыраазылык билдиремин.

Баш урган букараңыз буруттардын Ажы бийи мен өкүмдарды туулган күнү менен куттуктаймын.

Бухарадан чыгышка карай созулуп жаткан он беш уруудагы эки жүз он миң адам, бүт бойдон сиздин камкордугуңузга алынарына ишенемин. Бизге чын

ыкыластан ыкырарлык кылганыңызга ыраазылык билдирип, өзүмдүн ишеничтүү уулумду сизге жибердим.

*(78-бап. 24-ж. Цзяньлун (1759-ж.) 9-ай. Кытай булактарынан)*

**Император**. Биздин дөөлөткө кайрылгандардын баарысы, биздин камкордугубузда болушат.

**Элчи** *(ийилип)*. Ыраазылык билдиребиз.

**Император.** Чын дилден айтылган саламга, мен да курсанмын.

**Элчи**. Өкүмдарым, айлана-тегерегибизди душман курчап кыргыз элинин абалы оорлоп турат. Сиздин көмөгүңүз тиерине терең ишенебиз.

**Император**. Тынч-аман жашаш үчүн ар ким жол-жосунун тутуусу тийиш.

**Элчи**. Сизге ишенебиз.

**Император.** Кабыл алуу каадасына арналган салтанат улантылсын!

*(Финшанжын сарайындагы кабыл алуу салтанатындагы акындын ыры)*.

**Акын.** *Балык ойноп, элик эркин секирет,*
*Ваншу бакта, көңүл ыры чечилет.*
*Эски будун, жаңы эл болуп көрүнүп,*
*Кеч жамгырдан түсү өзүнчө керилет.*

*Тил салтынын алысына карабай,*
*Тилектештик байлап турат элдерди.*
*Оолактангын бирок, тилиң агытпа,*
*Чек коргошуп, берген иши эң ийги.*

*Паннус турат, бал-бал этип асылып,*
*Күйгөн оттон бейтааныштык басылып.*
*Дарбазадан кербен тартып киргенде,*
*Көз уялткан жарык шоола чачылып.*

*Паннус менен падышаңды билбеген,*
*Кыргыз бүгүн түш көргөндөй ээленди.*
*Мөрөй болуп, маарекеге чөмүлүп,*
*Дилге шаттык, жакшылыктар тиленди.*
*(котормочудан)*

Аалам өкүмдари Фаншанжын сарайында мейман-дарды өзү менен бирге Нанван, Ваншун гүл багында жана паннуста сейилде алып жүрдү.

## 2-бөлүм

### 3-көрүнүш

**Эрдене** *(сүйлөнүп)*. «Кытай өкүлү Ажы бийге байланыш түзгөнү келиптир» дешет. Кытай ханынын максаты эмне? Ажы бий ага кантип жагып калды? Атайлап, чин ыйгарып, мөөр бериптир дейт. Эмне деген кызмат? Эмне деген чин болду экен? Мүмкүн, сүрүлүп келген аркалык туугандарынын көңүлү – деп, чин берип, башчы атап жүрбөсүн?

Башчы болсо эмне? Баягы эле Ажы бий, бир ууч Адигине уруктарынын бийи да! Кытай ханы – «Байланышалы, катташалы» дегенине караганда, өзүнө тең ата кылып, бийлик берип, Ошту өзүнө бириктирип, башкаргысы келеби?

Кокус «хан» деп... Жо-жок. Кантип эле? Андай аталбайт! – Ха-ха-ха кыргызга хандыктын эмне кереги бар? Көчмөн, ар кими, ар тарапта чачылып, көчүп жүргөн кыргыз, хан боло алабы? Бир ордого, хандыкка бириге алмак беле?

Ордо түзө албай, бириге албай жатып, хан боло коймокбу? Хан да, чыкчуу жерден чыгат. Анын эрежеси бар. Кеминде жети атасынан бери бий болуп, эл башкарыш керек. Аны Шоорук атабыз мураскорлоруна эскертип, «Ордо түптөп, бийлик башкарууну колго алгыла! Жетинчи урпакка барганда, ал өзүн хан атасын. Ага чейин бийлик тизгинин эч кимге бербегиле!» – деген.

Ал керээзди аткарууну миң тукумундагылардын ар бири «милдетим» деп эсептейт. Ага чейин анын жерин бөлөп, элин тартып алам. Өзүн куурчак кылып ойнотуп, ишке салам! Ажы бий хан болбойт!

## Ош калаасы

**Ажы бий** *(катты окуйт)*. «Адигинелердин башчысы Ажы бийге!

Кудай биздин уруктагыларга Паргана аймагын каратып, бийлик жүргүзүүнү тапшырыптыр. Талапты аткарбагандар бизге душман болуп эсептелет.

Менин айткандарыма макул болсоң, Ош аймагындагылардан алым-салык алдырбайм. Сенин башкаруу укугуңду чектебейм.» – Кокон бийи Эрдене.

Эрдене! Баары эле сен айткандай боло бербейт! Кечээ эле «Кокондун беги» аталчу элең. Жылма сүйлөп, жылдырып кабар жөнөтүп, өзүңдү «бий» атап, оштуктарга бийлик жүргүзүп, бий болгун барбы?

Сага жагынып, салык төлөгүдөй биз көз каранды эмеспиз, Эсиңе кел Эрдене!

**Ажы бий** *(аркы-терки басып)*. Кабарды алып келген кайда?

**Үн**. Сыртта. Жооп күтүп отурат.

**Ажы бий**. Чакыр бери! Ал бизге жакшы ой менен келген жок. Ата-бабалардан бери киндик каныбыз тамган эзелтеп берки биздин конушубуз Ошту самаган, Кокондун жарамсыз бегинин, жагымсыз талабынын жазасы деп, элчинин кулагын култуйтуп, мурдун мултуйтуп, башын алдырсам болмок... Мен антпейм. Элимдеги кастарланган кааданы бузбайм. «Түбөлүк коңшу» – деп жазалабайм. Бирок, эскертем.

**Абдырахман** *(жүгүнүп)*. Элчиге өлүм жок таксыр? Жан соога, бийим?

**Ажы бий**. Ооба. Жазалап, колуму булгагым келбейт. Болумуш бийиңе, болорун айтып бар! Алым алмак тургай, «Ош» деп экинчи оозанбасын! Уктуңбу?

**Абдырахман.** Уктум, таксыр. Уктум!

**Ажы бий.** Эсил кайран бабалары жердеген Кокон кыштагын канча жолу келген жоодон, кимдер, кантип аман алып калганын, ата-жотосун бийлик сересине кимдер жөлөгөнүн билсин! Билбесе, билгендерден сурап алсын! Ош илгертен кыргызга кымбат! Ата-бабаларымдын киндик каны тамган ыйык жер!

Ата конушу үчүн толук кан-жанын аябайт. Айтып бар, агаңа! Сугалактанып, суук көзүн артып, от менен ойнобосун!

**Абдырахман** *(кетенчикте).* Куп болот, таксыр. Куп болот.

**Кокон калаасы**

**Эрдене.** «Коконду коргогонбуз» – деп, колко кылабы? Коргосо коргогондур. Калкаласа калкалап, тоссо-тоскондур. Мурдагы болгон иштердин изи суубадыбы? Бир кездеги атасы үчүн баласы жооп бермек беле?

«Бийликти алып берген – биз» дейби? Бийликти алса өзү бийлей бербейби? Бийликти, эптеген бийлейт. Бийликке кызыгышса, жапайыдай талаада чачылып жүрө бербей, чогулуп келишип, өздөрү бийлебейби?

«От менен ойнобосун!» – дейби? Ойногонду ага көрсөтөм! Болбосо, алоолонгон дымагын жалп эттире басып, быкшытып, түтүнгө айландырып, өчүрүп коем. Токто! Бул дымакты ал, кайдан алды? Же, кытай менен байланышканына эрдемсип жатабы? Жо-ок. Ойлогон оюнда да, сүйлөгөн сөзүндө да мандем бар! Чин-кытай кыргыздарды неге өзүнө тартып жатат? Кыргыздардан кытайлар сестенеби?

Ха-ха-ха-ха! Күлкү келе турган иш. Кыргыз кумурска болсо, кытай арстан. Арстан кумурсканы тоготобу? Токто, токто. Ажы бийдин көңүлүн алып, же кытайлар Ошту базарга айлантабы? Андай болгондо, Паргана, Түркстан мусулман колунан кетти дей бер!

Оо куулугу ашкан чин-кытай. Базары менен кимди, кантип пайдалануууну билет! Ажы бий баш болгон кыргыз башыларына чин ыйгарып, жалган убада берип, буюм-тайым тартуулап, өзүнө имерип алгысы бар. Кыргыздар менен кошо Ошу кетсе, Паргана менен Түркстандын ооматы кетет Кокон Ошту эч кимге бербейт!

**Эрдене** *(кыйкырып)*. Абдырахман!

**Абдырахман**. Лаппай! Мындамын, таксыр?

**Эрдене**. Аркадан келген кыргыздарды, ким дегендер башкарат?

**Абдырахман**. Маматкул деген карысы бар. Саяктарды Турчу бий, сарыбагыштарды Черикчи, кушчуларды Майтык, сарууларды Акбий, кытайларды Каработо бий дегендер бийлейт.

**Эрдене**. Алардын, ынтымактары кандай?

**Абдырахман**. Ит тыркын, Өздөрүн бий, бийик сезишип, бирин-бири тоготушпайт.

**Эрдене**. Ажы бийге ойлору кандай?

**Абдырахман**. Баарынан эле ою-дити эски конушталарына көчүп кетүүнүн камында.

Бул жайда араң эле жүрүшөт.

**Эрдене**. Аларды кетишине ким тоскоол болууда? Же Ажы бий бизден сестенип аларды кетиргиси келбей жатабы?

**Абдырахман**. Андай эмес, бийим!

**Эрдене**. Анан эмне?

**Абдырахман**. «Калмактар кыргыздардын эзелки душманы. Калмактар басып киргенде аркалык кыргыздар Анжиан-Ош аймагына жериңерди таштап, качып келгенсиңер. Калмактар ата-конушуңарды ээлеп алышкан эле. Биз калмактарды кубалаганда алар ээлеген жер, биздики болуп калды. Ал тарапка кетүүңөргө биз гана уруксат беребиз» дешип, кытайлар талап коюшуптур.

**Эрдене**. А эмнеге, Ажы бийдин артынан кытайга саламга барып жүрүшөт?

**Абдырахман**. Кетүүнү каалашкандар, кытай ханына белектерин тартуулап барышса «Бийлигими кармасаңар салт-санааңарды өзгөртпөйм. Эски журтуңарга менин уруксатым менен гана барасыңар» дептир.

**Эрдене**. Абдрахман, сөзүмү кунт коюп ук! Кыргыздар ортосундагы ынтымагын буз! Бирине бирин кагыштыр. Кылган мээнетинин ырааты бар. Канчалык ортолоруна от таштап, ырктарын кетирсең, Оштун бийлик тизгини сенин колуна тийет.

**Абдырахман**. Айтканыңыз аткарыларына бөркүңүздөй ишениңиз, таксыр.

## 6-көрүнүш
## Кожент калаасы

Абдрахман менен Фазыл бий

**Абдырахман** *(жагынып)*. Таксыр! Экөөбүздүн гана ортобуздагы бул иш, купуя болушу керек! Байланышканыбызды жан билбесин? Сизге келгенимди, башка бирөөлөр укмак тургай, туйбасын! Купуянын кулпусу экөөбүздүн гана колубузда болсун, таксыр?

**Фазыл бий**. Купуялуу иштердин эченине кулпу салган мына бул баш, эчен сырлардын күбөсү болуп, бышкан. Сен мадыра баш, аны билбей, эмне деп дөөрүп жатасың!

А мен жөндөн-жөн «Фазыл шайтан» аталбасам керек? Же, «Фазыл шайтандын оозу бош» дегендердин бирөөсүн тапчы? Баштарын алып, же тилин кесип, алдына коюп берейин?

**Абдырахман**. Жо-о, жогуңуз таксыр! Андай шекти, бир да жандан, түк уккан эмесмин.

**Фазыл бий**. Эмесе, күмөндөбөй ачык сүйлө! Болорун айтышалы. Болбосо, сенин келишиң, бирөөлөргө шек туудурбай койбойт.

**Абдырахман**. Күмөндөбөңүз, таксыр! Менин акылымдагы, ойлогон оюмдун баары сизге жат. Алаканыңызга жазылгандай билип алдыңыз, таксыр!

**Фазыл бий**. Куусун ээ, шумпай! Агаң Эрдене шегиңди билсе, барбы? Басып келген эки аягыңдан гана эмес, ушунча аралыкты көрүп келген көзүңдүн кирпигинен асары шексиз. Же тирүүлөй жерге көмөөрүн, билбейсиңби?

**Абдырахман**. Билбей анан. Билгеним үчүн башымды тобокелге салып...

**Фазылбек**. Ап-бали! Аны менден да жакшы билесиң да. Акылдуу жанга айла жок.

**Абдырахман**. Мендеги сырды эмес, оюмдагыны айттырбай, билип алганыңызга таңмын? Акылмандардын акылманы экениңизге, ынанбай коюуга, айла жок!

**Фазыл бий**. Сен байбатча! Жашабай жатып, тилиңден бал тамызып, шекер агызасың. Агаң Эрдененин баралына келгениңде барбы, барган жериңдегилердин баарын халба менен майга балкыткыдайсың.

**Абдырахман**. Моюн сундум, башым сиздики бийим! Караанымды көрбөй, сүйлөөр сөзүмдү укпай туруп, менин ички сырымды түгөл билип алганыңызга, ары тандanып, ары тамшанып турганымды, сизден түк жашыра албайм.

**Фазыл бий**. «Фазыл шайтан» аталышың, жөн жеринен эмес экен, дегиң келип турабы?

**Абдырахман**. Жаман ойдо эмесмин, таксыр!

**Фазыл бий**. Сен да жөн көрүнбөйсүң. Менден өтсөн өтөөрсүң, кем калбагыдайсың.

**Абдырахман**. Көрөгөч экендигиңизди билип, атайлап, арзып келдим, улугум!

**Фазыл бий**. Бир жатындаш агаң Эрдене, көңүлүңдү кирдетпесе, келбес элең, ээ?

**Абдырахман**. Ана-а, ан-а! Акылга айла жок да. Сизди асмандан издебей, жерден тапканым үчүн кубанычым койнума батпай турат. Чын. Ишениңиз!

**Фазыл бий**. Ишенбегендер менен сүйлөшүп көргөн жан эмесмин. Болжогон оюңду, боло турган кебиңди айт!

**Абдырахман.** Кожент...

**Фазыл бий.** Ооба. Кожент дегенде, амакиңдин эки көзү төрт.

**Абдырахман.** Таксыр! Байланышыбызды, сизге келгенимди жан билбесин!

**Фазыл бий.** Эчен сырларды сырдап, камырдан кыл сууругандай жиксиз өткөрүп, башыбыз бышкан. Ишти баштадыңбы? Күмөндөбөй, болорун айт! Көңүлүң эмнеге кирдеди?

**Абдырахман.** Билармандыгыңызга айла жок, таксыр!

**Фазыл бий.** Кимге нааразы болдуң? Ой-мүдөөңдү айт!

**Абдырахман** *(кулагына)*. Кожент коркунучта!

**Фазыл бий** *(көзүн жуумп)*. Ооба. Ээлегиси келип, Эрдененин көзү кызарып жүрөт.

**Абдырахман.** Ана! Жараткан сүйгөн пендесин, жышаналуу кылат деген чын окшойт?

**Фазыл бий.** Эл ошон үчүн «Фазыл шайтан» дешет. Сен баралыңа келгенде, менден да өткөн, шайтандын шайтаны болчудайсың.

**Абдырахман.** Ичтеги сырды билиш, бир жараткандын кана колунан келет дечү элем. Көрөгөчтүгүңүзгө эч бир жан жеткидей эмес. Тфу, тфу! Көз тийбесин.

**Фазыл бий.** Амакин, «Ошту ээлеп, Кашкарды алсам» – дейби?

**Абдырахман.** Кожентти дагы.

**Фазыл бий.** Кожентти менчигиндей сезеби?

**Абдырахман.** «Ошту каратып, Адигине кыргыздарынан кол курап, Кашкар, Жаркен баш болгон алты шаарды бир хандыкка бириктирсем» – дейт.

**Фазыл бий**. Адигинелер ага жол бербестигин, эсине эмнеге албады экен? «Чин-Кытайлар Чыгыш Түркстанга орун-очок ала элегинде, «өзүмү хан» атап, кайыр диндегилерден азат кылууга аттансам, жаамы мусулман мени колдойт» деген кыялы да, дымагы да күч экен! Вазирлик орун кут болсун!

**Абдырахман** *(ызалуу)*. Балээгеби? Бир Ошту ыраа көрбөйт.

**Фазыл бий**. Акылды иштетиңиз, «таксыр-байбатча!»

**Абдырахман**. Өзүңүз жакшы билесиз, Ажы бий алданып калчулардан эмес! Эрдене аны билип туруп, менин башыма ага садага чапкысы келет.

Өмүр бою кызматыңызда болойун! Отуңуз менен кирип, күлүңүз менен чыгайын, таксыр!

Коконду эле алып бериң! Ошол үчүн баарын, баарын кечип, атайлап бир өзүңүзгө келдим, улугум. Ынтымакташып, экөөлөп Ош-Өзгөндү, тең бөлүп, убайын көрөлү!

**Фазыл бий**. Ха. Мунун башка кеп. Ойлонолу. Кызматың барк-баасына чак келеби?

**7-көрүнүш**

**Кокон калаасы.**

Кытай аскер башчысы Чжао Хой.

**Чжао Хой**. Эрдене мырза! Кашкар аймагында козголоң чыгарып, бузукулук кылган кожолор биздин аскерлебизден качып, сиздер тарапка өткөндүгү маалым. Аларды жашырсаңар күнөөлүү болосуңар!

**Эрдене**. Жашырбайбыз, төрөм. Андай бузукуларды жаныбызга жакындатпайбыз. Кокустан келген болсо, сиздерге кармап берүүгө даярбыз.

**Чжао Хой**. Кимде ким биздин улуу урматтуу өкүмдарибиздин буйругуна, каршылык кылса, же аткарбай турган болсо, ал биздин душманыбыз.

**Эрдене**. Сиздердин кызматыңыздардабыз, таксыр?

**Чжао Хой**. Эскертүү! Бузуку кожолордун өкүлдөрү Кокондо, Наманганда же Маргаланда жашырынып жүргөн болсо, Сизди күнөөлүү деп табабыз.

**Эрдене**. Талабыңыз, биздин көңүлдө таксыр.

**Чжао Хой**. Эрдене мырза! Биздин мамлекеттик кеңештин министрлигине Сиз жөнүндө «Азыркы учурда Кокондун Ирданасы адигинелердин конуш-журттарын басып алган окуя болду. Бул чалкеш чатактын кайчылыгы канчалык экенин аныктап, тийиштүү чара көрүш керек. Маалкатып кайра кайтарып бербөөчү болсо, күч менен жоопко чакыруу зарыл» – деп биздин өкүлдөр. Дай-Циин. Анча Шиау кабарлашкан. *(Цзяньлун 677-бап 27-ж (1962-ж) 12-ай)*

**Эрдене**. Жо-ок, таксыр. Андай болгон эмес.

**Чжао Хой**. Угуп кой! «Эрдене бектен угушубузга караганда адигинелерди карактоодо, адигинелер оболу анжиандыктарды карактаган. Анан Эрдене алардан кек алган. Биз ал маселени караганда, ал жалтаңдап. «Эгер элчи келип, жарлык жеткирсе, анын айтканындай аткарат элем» – деп жооп берген. Ыраспы? *(Цзяньлун 678-бап 28-ж (1763-ж) 12-ай)*

**Эрдене**. Ырас.

**Чжао Хой**. «Андан Ажы бийди камап, Оштон салык жыйнаганы жөнүндө сурасак – «Ажы бий оштуктар менен жакшы боло албагандыктан ортого түштүм. Ош кыргыздарынын бөлүнүп-тозуп кетишинен коркуп,

элүү түтүндү ал жерге отурукташтырдым» деген. Салыкты жеке ээлеп алыштан корккон. Эрдене шалы айдоочу жерлерди кайтарып берип, көчүрүп барган 50 түтүндү кайра көчүрүп алып кеткен» деген кабарлар жалганбы?

**Эрдене**. Чын, таксыр!

**Чжао Хой**. Анда, эмнеге жалган сүйлөп жатасың?

**Эрдене**. Мени кечириңиз таксыр! Мойнума алам!

**Чжао Хой.** Улуу урматтуу аалам эгесинин, сага атайын жөнөткөн жарлыгын ук! Кокондук Эрдене бекке кат «Сенин жиберген элчиң Бабашүкүр саламга келди. Мен шапаат көрсөтүп, сыйладым. Адигинелер былтыр силердин анжиандык соодагерлерди карактаганда, сен «Өч алам» деп, Ош сыяктуу жерлерди талап-тонопсуң. Бирок, адигинелер, сенин кусаматың болсо да, аларга кыял келди чабуул жасабастыгың, талабастыгың керек эле. Сенин адигинелерден тартып алган эл-жерди аларга кайтарып беришиңди буюрам. Бүгүн мен сенин элиңе бетме-бет жарлык түшүрдүм. Сен ал жардыкты алсаң дароо ошол жарлыкта көрсөтүлгөн өтөлгөңдү өтө. Жасак аттандырып, айыбыңды сураганда, айыптуу болуп калаарыңды ойло!» *(Цзяньлун 678-бап 28-ж (1763-ж) 1-ай)*

Мамлекеттик кеңештин министрлиги императорго кат жолдогон.

17-б. Императорго «Ош бул буруттардын эзелки шаары. Ирдана аны өзүнүкү кылышка шылтоо таппай турат. Ажы бийди камап, Оштон салык жыйнаган. Арийне аны кайра кайтаруу жөнүндө ою бар. Кокус каршылык болчудай кырдаал туулса, жоокерлерди жортуулга даярдашты сурайбыз?

*(23-б. Цзяньлун 1762-ж. 12-ай. 677)* Бул маалыматтар улап, сага чыгарган Императордун жарлыгы «...Мурда жиберилген грамоталарда сен бек аталчу элең. Эми, эмне үчүн келесоолук кылып, өзүңдү «хан» деген атакка кондуруп алдың? Же, Кашкар тоолору чек ара болот деген жарлыкка арзыган белең!

Сенин каалаганың өкүмдардин амирине көз каранды. Биз сени кантип түшүнсөк болот?»

Эрдене Кечирим сурайм, таксыр! Сизден, сиз аркылуу улуу урматтуу өкүмдардан кечирим сурайм!

Менин тапкан-ташкан бар дүнүйөм сиздердики. Мындан кийин ак кызмат кылууга ант берем.

Эрдене улам жүгүнүп, бүгүлөт.

**8-көрүнүш**

**Ош калаасы**

Ак-Буура дарыясынын боюнда эки бий, жай сүйлөшүүдө.

Ажы бий Кашкар, Жаркен аймагындагылардын эркиндикти самаган тилектеринин аткарылышы бир эле Чыгыш Түркстандыктардын гана эмес, жаамы дини мусулман элдеринин ийгилиги. Өзүң башында турган кыргыздар үчүн чоң сыймык. Чын дилимден куттуктаймын.

Кубат бий Ырахмат! Ата-Журт атынан айттырган саламыңар катуу кармаштарда бизге чоң дем болду. Чынын айтсам, беш кошкон эл бирикпей, жалаң кыргыздардан түзүлгөн жоокерлерибизди жоготуп аламбы деп, аябай кабатыр болдум эле. Каниет. Чыгыш Түркстандагы эл жабыла колдошту. Чин-кытайлардын жардамы тийди. Бирок, качкан калмактар кыргыз жерин аралап өтүп,

Ала-Тоо аймагы бүлгүнгө түшөбү деп, эси-көөнүм силер тарапта болду.

**Ажы бий.** Калмактарды, аларды кууган кытайларды да кыргыз жерин аралап өтүшүнө жол бербедик. «Казак-кыргыздардын эски кектери эсине келип, бизди тирүү калтырбас» деген ойдогу калмактар, кыргыз жерине көп эле жакындай алышпады.

Кытай төбөлдөрү жарлык жибериң, келишүүгө чакырышты. Сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, келишим түзүүгө жетиштик

**Кубат бий.** Абал мындан ары да жеңилдегидей эмес. Эл-жер, бийлик талашы кайрадан курчугудай. «Калмактардан калган жерлер «бизге таандык» дешип, кытайлар ачык эле талашкыдай.

**Ажы бий.** Ата-бабалардан калган жер, балдары үчүн мурас. Баарыбыз «эли-жерибизди эч кимге бербейбиз!» – деген намыс менен жашайбыз.

**Кубат бий.** Туура. Бөтөндөрдөн калка издебей, элдигибизди сактап, өз алдыбызча болгонубуз зарыл.

**Ажы бий.** Андай ой, көптөн бери көңүлүмдө уялап, сен менен кеңешейин деп жүрөм.

**Кубат бий.** Менин оюм да ошондой. Макул болоруна ишенгем. Айлана-тегеректегилер өз алдынча болуу аракетибизге жол беришеби?

**Ажы бий.** Алардан уруксат сурамак белек? Бир туу алдында биригүүгө убакыт келди.

**Кубат бий.** Хандыкты талашкан, кожолордун саткындыгынан жазыксыз жүз миңдеген Чыгыш Түркстандагы карапайым калк кыргын болду. Айыпсыз эл таланды. Кытай аскерлеринин жырткычтыгын, адамзатына

сыйбаган канкордугун өз көзүм менен көрүп, көбүнө күбө болдум.

**Ажы бий**. Деги, кыргыз туугандарыбыз кырсыктан оолакпы?

**Кубат бий**. Кандаштарыбыздан карабагыш, мунгуш, черик, кытай, мундуз урууларынын өкүлдөрү көп кыргын табышты. Калмактардын качкандары аман калышты.

**Ажы бий**. Кан күсөгөн апаат, эч бир жанды аябастыгы белгилүү.

**Кубат бий**. Манжу-кытайга жана аларга сатылгандарга ишенүү, жебирейилге ишенгенге барабар. Аларда адамдык сезим жок. Өлтүрүүгө гана жаралган жандар. Сен «асман ээсимин» дегендерге ишенбе!

**Ажы бий**. Айтканың ырас. Сен «колдогон Кокон». «Тирек болгон Эрдене», кыргызга эзели жакшылык кылбайт. Кытай менен алдыртан мамиле түзүп, кыялында кыргыз аймактарын ээлеп, Кашкардын Кара-Тоосуна чейин басып алууну көздөп жүрөт.

**Кубат бий**. Өзүнүн кызыкчылыгы үчүн Түркстан аймагындагы мусулмандарды, дили буруу кытайларга сатып жиберүүдөн кайра тартпайт.

Досум, экөөбүздү эки эне төрөп, эки башка эне торолтту. Аталарыбыз да башка. Бирок, экөөбүздү кыргыз деген сезим бириктирип турат. Жоого каршы күрөштө каны-жаныбызды Мекенибизге, кыргыз элибизге арнайлы.

**Ажы бий**. Ата-Журт, топурагы экөөбүз үчүн ыйык. Аны кастарлап, баалап, элдин амандыгы, эртеңкилер үчүн кызмат кылуу ыйык милдети.

**Кубат бий**. Ата-Журт деген, сага макулмун, досум.

**Ажы бий**. Бүгүндөн баштап элибиздин эртеңи, ынтымак, биримдиги үчүн, биротоло баш байлайлы.

**Кубат бий** *(кучактап)*. Экөөбүздүн жолубуз бир. Башыбыз Ата-Журтка, элибиздин эртеңине арналат.

Эх! Тагай бий бабабыздын тукумдары биримдикке келе албагандыгынан калмактарга жем болуп, ата конуштарынан сүрүлүп келишти. Арка, Анжиан, Ош кыргыздары бириккенде ким эле бизге даап тийише алмак!

**Ажы бий**. Мен аларды күнөөлөгүм келбейт. Туугандарыбыздын ата конуштарынан ажырап, азап тартышына, жердин алыстыгы, ашуу-белдердин татаалдыгына карабай, жардамга барбаган Анжиан-Ош аймагындагы бир туугандарынын, алардын ичинен экөөбүзгө окшогон эр азаматтардын айыбы бар деп сезем.

**Кубат бий**. Туура эмес. Ал учурда бир эле Тагай бабабыздын тукумдарынын биримдигинин жоктугу себеп болдубу? Жок. Бүтүндөй казак боордоштордун кыргын табышына, ынтымакка келе албагандыгы, согушчан калмактардын колунун көптүгү, чектен ашкан мыкаачылыгы себеп болду.

**Ажы бий**. Ырктын болбогондугунан «Казак кайын, саап, ак таман шуурунду болду, кыргыз Гиссар-Көлөпкө сүрүлдү» деген лакап калды.

**Кубат бий**. Кесепеттин чыгышы баатырлардын, карапайым элдин эмес, өз кызыкчылыгын көздөгөн билармандардын бирин бири укпагандыгы, ынтымакка келишпегенинен болду. Байлык, бийлик талашкандар элди эмес, өздөрүн гана ойлошот.

**Ажы бий**. Элге күйгөндөр, бай-бийлерден эмес, карапайымдардан чыгат.

**Кубат бий.** Биз да эл-жерди сактай албасак, тарых кечирбейт. Ата-бабалардын арбактарынын, кийинки урпактардын каргышына калабыз. Аны моюнга алышыбыз керек.

**Ажы бий**. «Келме кезек» Кезинде казак-кыргызды кан какшатып, кыргынга алган калмактар, эми минтип, чин-кытайлардын чапкынына кабылышты.

**Кубат бий**. Бул абалды аркалык туугандарыбыздын «жакшылары» гана эмес, жалпыбыз эске алуубуз зарыл. Кайрадан ата-конушуна көчүп барган аркалык туугандарыбыз, жамандыкты эстен чыгарышып, «кайрадан жер-суу талашып, чабышып жатат» деп уктук. Бөлүндү-жарылды болгонубузду койбосок, өткөндөгүгө кайрылып, эртеңкибизге ой жүгүртпөсөк, элдигибизди жоготуп алабыз.

**Ажы бий**. Тагай бабабыздын алтын туусун ырксыздык жоготкон эле. Ал кийинкилерге сабак болор. Дагы да бөлүнө берсек, бөрүгө жем болобуз.

Ичи тардык, көрө албастык, өзүмчүлдүк кыргызды кылымдар бою бириктирбеди. Бул укумдан-тукумга өткөн дарт. Ушул дарттан элибиз жапа чекти. Дарттын дарысы, дабасы барбы? Аны кайдан издесек болот?

**Кубат бий**. Дарттын дарысы ынтымак. Дабасы биримдик.

**Ажы бий**. Аны канткенде таап, түшүнөбүз?

**Кубат бий**. Ынтымак элдин койнунда. Биримдик ар бир адамдын жүрөгүндө.

**Ажы бий**. Ошол жүрөктөрдү канткенде жандыра алабыз?

**Кубат бий**. Эл-жердин кымбаттыгын сезген намыс, козголбой койбойт.

**Ажы бий.** Эл, Ата-Мекен деген күчтү, ага берилген сезимди канткенде туюнтабыз?

**Кубат бий.** Ар бир кыргыз баласынын жүрөк отун жандырар сезим болушу керек!

**Ажы бий.** Элим, жерим деген сезимди ойготор, намысын козгоор күчтү кайдан табабыз?

**Кубат бий.** Ал сүйүүдөн табабыз. Ар бир кыргыз Ата-Журтун, элин сүйсө, ата-бабаларынын күрөшүн, биримдигин бааласа, ариет-намысы көтөрүлөт.

**Ажы бий.** Элди ынтымакка келтирүүнүн күчүн тапкандар барбы?

**Кубат бий.** Бар. Адамзаты ал күчтү миңдеген жылдар издеп, таба албай келди.

**Ажы бий.** Ооба. Табууга ырктары келишпеди. Ыркка келүү ойлоруна келбеди. Жеңилүүдөн тарткан азап-тозоктордо жанданганы менен бийликке, байлыкка умтулган кызганыч, менменсинүү, жеке кызыкчылыктын камын көргөн өзүмчүлүк, элдин убалында калып, элим дечүүлөргө жол бербей келди.

**Кубат бий.** Акыры аны эмирдик, хандык ордо бийлик түзүп, миңдер табышты. Ондогон жылдар бою бийлик даражасын көтөргөндөр, элди бириктирди. Казак-кыргыздар ага маани бербеди. Андай ой, алардагы билермандарга келбеди.

**Ажы бий.** Кыргыздар үчүн чоң коркунуч кимдер? Сырткы душмандарбы?

**Кубат бий.** Жок. Кыргыздар үчүн чоң коркунуч ырксыздык! Өз ара араздашуу. Кур намыс!

**Ажы бий.** Душмандарга кыргыздын кереги барбы?

**Кубат бий**. Душманга кыргыздар ээлеген берекелүү жер, тунук суу, таза аба, тоо ичиндеги жайнаган байлык керек. Аларды алыш үчүн душман кыргызды бирин-бирине кайраштырат. Аны кыргыздар өздөрүнөн көрөт.

**Ажы бий**. Бири-бирине жоо болуп, ит-мышыктай тытышып жүрүп бийликтен да, байлыктан да кур калышат.

**Кубат бий**. Мен Коконго барам. Эрденеге эскертип. «Ажы бийге тийиштик кылба. Ошту басып алам дегениңди кой!» – деймин. «Коңшу катары ынтымак жашайлы. Жоо келсе бирге тосуп, элди сактайлы» – деп эскертем. Ага ынабаса өзүнөн көрсүн, чарасын көрөбүз.

## 9-көрүнүш

**Эрдене**. Кубат бийди «Кокондун колдоочусу», «Эрдененин тиреги» дешкен эле. Эми, «хан Кубат» аташып, тоолуктардын демине, тоо батпай турат. Жада калса молдо-кожолор баш болуп, «исламдын коргоочусу», «кайырдиндегилерге каршы казабат кылды» дешип, ого эле, көкөлөтүп жиберишти.

«Баатыр хан мамлекетин түзөбүз» дешкен Буркানидин кожо менен анын иниси Жахан кожо аны башкы душманы санашты. Ушундай учурма кептер учуп, чыга берет тура.

Жо-ок. Абайлап карасак, кеп жөндөн жөн чыкпайт. Айтылган сөздө жан бар. Болбосо, көрүнгөнгө эле, мындай атак-даңк бериле бербейт. Кубат чын, кезинде Коконду колдоду. Мага тирек болуп, бийлигимдин өсүшүнө, байлыгымдын артышына акыл-күчүн жумшады. Ал учур өттү кетти. Өткөндү эстеп, кайталоонун кереги эмне? Жо-ок. «Кан Кубат» аталышчы, «хан» аталып, Кашкар,

Жаркенде жүрө бербейби? Эмнеге келди? Ал жөн келген жок. Же Парганаңы менден талашам дейби? Анын даңазасы арткан сайын, менин кимдигим анын көлөкөсүндө калып баратат. Эртеңки максатыма, анын кедергиси тийбей койбойт. Ажы бий экөө бириксе, барбы, чин-кытайларды да сестендирери анык.

Тообо, жапайы кыргыздардан да хан чыгабы? Бейдаарат тоолуктар да биригип, ордо түптөн, мамлекет түзө алышабы? Качан эле хан чыкты эле? Алардын бийлиги өздөрү жашаган кокту-колоттон ашпайт. Жайыт талашып, бирин-бири чапкан тоолуктун ар бири өзүнө бий, өзүнө хан. Бирине бири оңсунуп, бириккен эмес. Биригe да алышпайт.

Эрдене оозундагы ырыскысын, алдындагы ашын эч кимге берген эмес! Бербейт дагы. Аны менин душмандарым, баары билиши керек. Кандай кылсам? «хан келди» деп, түгөл Коконду көтөрүп, ат чабым аралыка килемдерди төшөлтүп, дар ойнотуп, күү чалдырсамбы? Зор салтанат менен кучак жайып тосуп алсам кантет? Анын кереги мага тийбей койбойт. Анын алдында мен киммин? Же Кокондун эшигин аттаттырбай... Анткенге Ажы бий баштаган тоолуктар жол бербейт. Коконду көз көрүнө каптап кетээри анык.

Эрдене! Ойлон, ойлон! Бардыгы колуңдан келип, Кашкардын Кара-Тоосуна кулачың жетип турган чакта, алдыңа адам өткөрбө! Алгач душмандарыңдан кутулуунун жолун изде. Башкы душманың Кубат! Кубатка жүзүңдү көрсөтпө! Анын кимдигин жакшы билесиң. Бир көрүш менен ички сырыңды окуп алат. Анда «Кеч калдым» дей бер! *(Кыйкырып)* Абдырахман!

**Абдырахман**. Мындамын, таксыр!

**Эрдене**. Кыл мергендерден жүздү!... Кылыч чабарлардан миңди...

**Абдырахман**. «Хан Кубаттын келишин тойго айландырабыз» дебедиңиз беле?

**Эрдене**. Тойду оозуна алба. Риштандын алдын тос! Мергендериң кырылса кырылсын, Кубат бий чектен өтпөсүн! Адам эмес, бир паранда өтө турган болсо, кыл мергендерге өзүңдү бута кылып коем.

**10-көрүнүш**

Ажы бий жалгыз.

**Үн** *(сырттан)*. Баатыр, жаман кабар.

**Ажы бий**. Айт!

**Үн**. Кубат баатырдан айрылдык!

**Ажы бий** *(кыйкырып)*. Кайдан кабар? Кимдер айтыптыр?

**Үн**. Бир жан билбейт.

**Ажы бий**. Көрө албастар, анын түбүнө жетишкен экен! Күнөөкөрдү таап, чыккынчынын жазасын колуна берип, башын алдырмайын, тынбайм.

Аттиң! Кубат бий өлдү, кут өлдү,
Кушчу мундуз журт өлдү.
Саруу кытай дагы өлдү,
Сан кыргыздын баары өлдү.
Ынтымак болбойт, баары өлдү.
Кубат жок. Сол канаттагылар бириктейт.
Күрөштө колдоор кубатым,
Жалгыз калды бир башым.
Кубат мага, арка-бел эмес беле? Кубат! Кубат!

Канжыгага баш байлап, «Кыргыз!» деп, чыгаар ким бар? Кана, кырк уруу кыргыз? Эл ынтымакка бириксе, күрөштө утулбайбыз. Кана, оң-сол канат, ичкилик уруу бийлери?

Көз көрүнө, көзүбүз тирүү туруп, ата конушубузду душманга алдырабызбы? Бул кордук!

Ушул калабадан тирүү чыксам, бир башынын камын көргөн, намысы жок, эл биримдиги менен ынтымагы ээсине келбеген чириндилер менен эсептешем! Эл-жердин кадыр-касиетин убактылуу бийлигине, утурумдук байлыгына алмашкан дүнүйө-корлорго каршы аттанам!

Ата-Журт, асыл эл эч качан душманга кор болбойт! Эл эркиндигин, жер кудуретин кийинкилер үчүн сактап калыш, баарыбыздын милдетибиз!

## 11-көрүнүш
## Кокон калаасы

Эрдене менен Абдрахман экөө жалгыз.

**Эрдене.** Кана, кай жерде болдуң, кандай иштерди бүтүрдүң?

**Абдырахман.** Ош, Анжиандагы Адигине уруктарын калтырбай кыдырдык.

**Эрдене.** Ошончо аймактарга, кантип жетише алдың?

**Абдырахман.** Таксыр, сиздин тапшырманы аткарууга Кокон, Маргалаң, Наманган баш болгон калаадагы чоң соодагерден баштап, далдалчы, аттарчы, тамырчы, эмчи-домчу жаамы эшен-молдолорду пайдаландык. Баары сиз дайындагандай «эл кыдырган болуп», сиздин тапшырмаларды аткардык.

**Эрдене**. Эмне кеп? Кубат бий жөнүндө кандай сөздөр болуп жатат?

**Абдырахман**. «Кубат бийдин колдогону Эрдене. Экөө эң жакын адамдардан – дедик

**Эрдене**. Анын өлүмүнө, кимдер себепкер дешет?

**Абдырахман**. «Сол» аталган уруулардын бүтүн калтырбай кыдырып чыктык. Мен бутум жеткен, үнүмдү уккан жерлерге чейин бардым. «Кубат бий бийликти талашат. Биротоло хандыкка аттанды деп, Ажы бий аны атайлап өлтүрдү» – деген сөздөрдү айттырдык.

**Эрдене**. Уккандар ишеништиби?

**Абдырахман**. «Ажы бий Кубаттын жан досу. Бул иш Эрдененин эле колунан келди. Кокон «тоолуктарга душман» – дешип, көбү ишенген жок. Кыргыздын эки бийин, бири-бирине каршы койгон кепти, кимдер чыгарды? Ким айтып жүрөт?-дешип, териштире башташканда, ал жерден жылып, башка айылдарга бардык. Кээ бир аңды-дөңдү карабай сүйлөгөн бакан ооздорго.

«Кубат бийди Эрдене өлтүрсө, Кокондо болбойт беле? Ээн талаа, эрме чөлдө, анын артынан аңдыгандар өлтүрүптүр. Кубат бийдин өлгөнүн уккан Эрдене куралдуу аскерин ар тарапка аттантып, «Кубат бийди ким өлтүргөнүн тапмайын санаам тынбайт. Көргөндөргө айткандарга ат башындай алтын берем» – деп жар салдырыптыр дешти. Аны уккандар «Кубат бийдин кадырына бир Эрдене жетет» – дешти.

**Эрдене**. Мейли, кыргыздар бири-биринен көрүп, ит-мышыктай тытышсын. Аркалык аталчу кыргыздардын абалы кандай?

**Абдырахман**. Аркадан келген саяк, сарыбагыш, солто, кытай, кушчу, саруу урууларынын бийлерине барып «Эрдененин белеги» деп, соодагерлер аркылуу тартууларды тараттырдык.

**Эрдене**. Ажы бийден, кандай кабар бар?

**Абдырахман**. «Кубат бий үчүн Эрдenеден өч алабыз. Топтолгула!» – деп, Ажы бий кыргыз бийлирине кабар жөнөтүптүр. Аркалыктардын баш бийи Маматкул менен Арзымат Ажы бийге жардам берүүгө черүү жыйып, даярданып жатканда, сиз жиберген Эшмат кожо Арканын бийлери Черикчи менен Темиржанды өз жерлерине көчүп кетүүгө шаштырышып, Ажы бийге жардамга бараткандардын жолун тостуруп, аркага кайтарып жибергенин билдирди.

**Эрдене**. Ырас болуптур. Ишиң айтууга арзырлык экен. Калганын бизге кой. Калаа башчыларына кабар бер, черүүлөрү менен камдуу келишсин!

**Фазыл** *(шайдоот кирип)*. Ассолому алейкум.

**Эрдене**. Ва алейкума ассалом. Келиң-келиң арстаным?

**Фазыл**. Вай-вай таксырым! Турушуңузду караң а! Бий десем бийге, хан десем ханга ылайык жансыз да, чиркин!

**Эрдене**. Ыракмат! Ыраазымын. Айткан сөзүңүзгө, ушул ойду ойлогон оюңузга ыраазымын. Мындай сөз ичи таза пендеден гана чыгат эмеспи. Бий да, хан да биздей эле адам болот. Көңүлдү табыш жагынан, алдыңызга адам чыгарбайсыз ээ?

**Фазыл**. Таксыр, Кандай атак менен атасак да, бийлик даража сизге жарашып, оомадыңыз келген чагы.

**Эрдене**. Оозуңуздан шекер төгүлүп, тилиңизден бал тамган бекзадам. «Мага арналган бийлик, сизге да ылайык келсин» – деп айтаарымда, оозунуп кеттиңиз.

**Фазыл**. Кантип айтсаңыз да, сиздей адамдын оозунда болуш сыймык. Эмне болсо да, сизден ашканы, бизге болсун?

**Эрдене**. Көп эле көөнүңүз бөксөрбөсүн. Сиздин да, биздин да ата-бабалар эл сурап, калк башкарып, бий өтүшкөн.

**Фазыл**. Ал ырас. Не болсо да, ак сөөктөрдөнбүз. Бирок, башкарган аймагыбыз чектелүү, бийлик күчүбүз чакталуулугунанбы, башкалар бизди бий катары таанысы келбейт.

**Эрдене**. Ким эле өзүнөн башканы бийиктен көргүсү келсин.

**Фазыл**. Сиздей акылдуу адамдын айткан ар бир сөзү көңүлгө дал келгенин караң а? Бул да болсо акылдын тунуктугунан. Ой-дитиңиздин тазалыгынан го, таксыр?

**Эрдене**. Бали, бали Фазыл бий. Айтканыңыз көңүлгө дал келгенин караң а чиркин!

**Фазыл**. Акылдуулугуңузга айла жок, таксыр.

**Эрдене**. Аныгын айтыңызчы? Сиздин «Аймагыбыз чектелүү, күчүбүз чакталуу» деген сөзүңүз мени ойлонтуп койду?

**Фазыл**. Туура эмес айтсам, үзүр, таксыр!

**Эрдене**. Көптөн бери көкүрөгүмдө уялаган сырды ачкандай болуп турасыз.

**Фазыл**. Көкүрөгүңүздө багып, барктаган оюңуз жөндөн жөн болбосо керек?

**Эрдене**. Фазылжан, сиз дилдегини айттырбай билген, акылмандыгыңыздан улам, «Фазыл шайтан» аталбагансыз да, туурабы? Айтайын деген сөзүмдү гана эмес, ойлогон оюмду да, окуп алар олуялыгыңызга таңданып да, суктанып да турам. Бир гапка, көңүлүңүз кир болгондой сезилди?

**Фазыл**. Мына, гап тагида, гап бар дең?

**Эрдене**.Өзүңүз козголуп, тепкичке бут койбосоңуз, серееге сизди ким чыгарат?

**Фазыл**. Ээ таксыр, козголгондон коргоонору көп учурда, кайдагы тепкич, кайдагы сере?

**Эрдене**. Ушундай коркунучка кабылышыңызга, не себеп?

**Фазыл**. Сизден жашырып эмне! Биздин башка келген көйгөй, сизде да бар. Өзүңүз билесиз, калмактардын аёосуз чапкынынан казак-кыргыз катуу талкаланып, алды Кожентке келсе. Гиссар, Көлөпкө көбү ооду. Бир бөлүгү Анжиян-Ошко калкаланып келишти.

**Эрдене**. А сизге эмне? Келсе, келгендир. Алты саныңыз аман, конушуңуз тынч.

**Фазыл**. Ага мейли таксыр, манжу-кытай калмакка кыргын кылды деп?

**Эрдене**. Ие. Бири өлүп бири калат. Бизге жердин бошогону, элдин чачылып, бириндегени керек.

**Фазыл**. Куугундагы калмактарды шылтоолоп, кытайлар жерибизге басып кирсе эмне болот?

**Эрдене**. Илгертен бери Парганаңы коргоочусу-тоолуктар бар. Камтама болбоң!

**Фазыл**. Көп кытайга туруштук бере алышабы?

Эрдене турuштук бермек тургай, кууп келген кытайларды өз жерине кетирбей капчыгайларда таш талканын чыгарышыптыр. Тоодогу шарттын оордугунан улам, кытайлар кайрылып келгис болушканынан кабарыңыз жокпу?

**Фазыл**. Эми, эмне болот?

**Эрдене**. Кабатырланбаңыз. Калган иш, экөөбүзгө баглык.

**Фазыл**. Кандайча?

**Эрдене**. Ажы бийдин көзүн тазаласак, бир нанды тең бөлгөндөй Ош аймагы сиз менен биздики.

**Фазыл**. Ажы бий бизге Ошту жөн бере койбойт, таксыр? Кан-жанын аянбай кармашат.

**Эрдене**. Кожент менен Кокон бириксек, Ошту тебелеп кетпейбизби? Ажы бийдин аз колу, бизге туруштук бере албасына ишене бериңиз.

**Фазыл**. Таксыр, Ажы бийдин колун алаксытып, ачык талаага алып чыгып, бириндетип, кыргын кылууга болот. Бирок, жардамга келген тоолуктар биригип, аркадан кол салышса, аргабыз кандай болот?

**Эрдене**. Кыргыз бийлеринин эзелтеден ынтымактары келишпейт. Бири-бирине баш ийишпейт. Учурда көбү алыскы жайлоолордо. Чачылып баштары бирикпейт.

Аз күч менен келген Ажы бийдин колун сиз айткандай «качымыш болуп», Боз чөлдүн ээн талаасына эрчитип барып, ортого алып, кылычтын курчтугун, найзанын түздүгүн сынап ойнобойлубу?

**Фазыл**. Таң-ай, таксыр! Ажы бий эле болсо, сиз менен бизге эрмек болуп бербейт. Көп койго карышкыр тийгендей, бизди ойнотоору бышык.

**Эрдене**. Тоолуктардан чочуп, сестенээр жайыңыз барбы?

**Фазыл**. Эчен жылдардан бери кара кытай, калмактар менен кармашып, Парганага калкан болгон тоолуктардын кайра тартпастыгын билген, сиз менен биздин ата-бабалар.«Эсиңер болсо, эзели тоолуктар менен каршылашпагыла!» – деген керээздерин унутканыбыз болбос!

**Эрдене**. Ал заман өттү, кетти. Бүгүн тоолуктардан ал өктөмдүктү тартып албасак, эртең эле экөөбүздү тең чөгөлөтпөй койбойт! «Өзүбүзчө өлкө болобуз. Кытайлар менен байланыш түзүп, алака кылабыз» дешип, чин кытайларга элчи жөнөтүп, «каттоону калыңдайбыз» деп жатышат. Анткенде Алтын өрөөн аталган Парганабызды кайыр диндегилер кошо бийлеп, дини мусулман Түркстан эли, каапырстан болуп калабызбы деп, санаам санга бөлүнөт.

**Фазыл**. Дини мусулмандардын эртеңин ойлоп, Түркстан элинин келечегине кам көргөн аракетиңизге ыраазыбыз. Сиз баштаган акыйкат аракетке ыктыярбыз, таксыр? Бирок, экөөлөп Ошту жеңип алдык дейли, «Ажы бийдин эли-жерин кандай бөлүшөбүз?» деген ой келип турат мага?

**Эрдене**. Бар тобокел! Сиз ойлогондой болсун.

**Фазыл**. Таксыр, Биссимилланы оозанар алдың, ашыбызды алалдыгын билип алсак?

**Эрдене**. Ко-ош. Көңүлүңүз кирдебесин. Оюңузду ачык айтыңыз, эшители?

**Фазыл**. Кимдер бирөөлөргө Ошту «Энчи кылып берем» – дегениңизди күнөөкөр кулагыбыз уккандай болду эле? Ачууңуз келбесин, таксыр! Ачык айтып, ак сүйлөшүп

алганыбыз оң. Бул сунушту чын дилиңизден айтып жатканызга ынагандай бололу?

**Эрдене**. Бир өзүңүз турганда сизден «энчини» ким талашмак?

**Фазыл**. Таксыр, орой болсо да, оюма келгенин сурасам, айып этпейсиз?

**Эрдене**. Айтыңыз, айтыңыз. Кеп оролун кетирбеңиз.

**Фазыл**. Деги, Ош кимге? Магабы, агабы? Же ар жыландын башын көрсөтүп, сынагыңыз келдиби? Бир ар жакындарыңызга «Сенин энчиң» деп оозанбадыңыз беле? Эркекче, ачык айтың!

**Эрдене**. Ата-бабам эки сүйлөгөн эмес! Ата-баласымын. «Аймагыбыз чектелүү, күчүбүз чакталуу. Башкалар бизди бий деп, таанышсын деген мүдөөңүздү ойлоп, эртеңки ийгилигиме өнөктөш кылсамбы деп жүргөм.

**Фазыл**. Үзүр, үзүр ыраазыбыз таксыр! Бирок, өзүңүздү хан атаганыңызды, каңырыш укпадымбы? Эл «уккан кулакта жазык жок» – дешет. Ашыкча айтсам, кечирим сурайм?

**Эрдене**. Хан десек, хан болоорубуз кыял эмес. Анын осолдугу барбы? Же күмөн санап турасызбы?

**Фазыл**. Биз, сиздин букараңыз болуп калабызбы?

**Эрдене**. Ха. Өзүңүздү «бир элдин бийи» деп атай беребиз. Бирок, экөөбүз тең мусулман баласыбыз. «Өзүн хан атады. Хан даражасына ылайыксыз» дегиңиз келеби?

**Фазыл**. Өзүңүздү шашыла «хан» атап, бирөөлөрдү Ошко бийликке дайындаганыңыздын чын-төгүнүн билейин дегем, таксыр.

**Эрдене**. Айтпаганды айтты деп, баягы «шайтандыгыңызга» барат экенсиз да?

**Фазыл.** Хан деп айтканыңызды каңырыш уктумбу?

**Эрдене.** Мусулман баласы калп айтпайт.

**Фазыл.** Мусулман экендигиңиз чын э?

**Эрдене.** Ха, Алхамдулла мусулманмын. Пайгамбарымын үммөтүмүн. Эмнеге мусулмандыгыма шек келтиресиз? Тозок отуна күйбөң. Бул сөзүңүз үчүн барбы! Өнөктөш деп, өзүм тандаганыма өкүнүп турам. Болбосо...

**Фазыл.** Эмне кылмаксыз? Кожент Коконго карай элек, таксыр? Карабайт дагы! Сиздин арам оюңуз, бизге эчактан эле дайын болгон.

**Эрдене.** Оюмдун арам экенин, кайдан билдиңиз?

**Фазыл.** Ажы бийдин көзүн тазалап, Ошту ээлекмексиз. Кашкардын Кара Тоосун чек кылып, Кокон хандыгын түзмөксүз?

**Эрдене.** Эмне, болбойбу? «Бийлик даражамдан айрылам» деп, күмөндөп жатасызбы? Айтып коеюн! Айтканга көнүңүз, өнөктөш болууга чындап ниеттенсеңиз, бийлигиңизди алмаштырбайм.

**Фазыл.** Кудайдан улук сүйлөбөңүз. Сиздин айтканыңыздай эле боло бербейт. Калп убада берип, мени Ажы бийге каршы койбоңуз?!

**Эрдене.** Андай сөздү ким жеткирди? Ачык айтыңыз? Ал ким?

**Фазыл.** Анығын айтсам, эмне чара көрүлөрүн ачык айтыңыз, таксыр!

**Эрдене.** Калп менен сырды ачкандын жазасы бир.

**Фазыл.** Өзүңүзгө жакын адам болсочу?

**Эрдене.** Аябайм. Жаза, бир. Өлүм!

**Фазыл.** «Жан күйөөр иниңизди» чакырыңыз?

**Эрдене.** Абдырахман!

**Абдырахман** *(кирип, Фазылбекти көрүп, чакап)*. Лаппай, та...

**Эрдене**. Фазылбек!

**Абдырахман** *(түшүнө калып)*. А «Коконду сага алып берем, өнөктөш бол» дегенинен, жүзүнө түкүрүп, басып кеткем. Кекенип калган экен да?

**Эрдене.** Фазыл бийим, куулугуңуз эчактан эле мага белгилүү. Иниме айгак болуп, экөөбүздүн ынтымагыбызды бузгуңуз келди беле?

**Фазыл**. Иниңиз менен сөздөрүмү кай жерде, укканын айтсын?

**Эрдене** *(инисине карап)*. Экөөң кай жерде жолугуп, кантип сүйлөштүңөр эле?

**Абдырахман**. Кожентте жолукканбыз.

**Фазыл**. Эмнеге бардың?

**Абдырахман**. Өзүңүз чакыргансыз.

**Фазыл**. Бей нысап, «Кокондо» десең, уккандар ишенип калмак. Кана, таксыр! «Мусулман баласы эки сүйлөбөйт» дегениңиз? Өзүңүз арам болбосоңуз да сөзүңүз арам болуп калбадыбы? Жазасы эмне дедиңиз эле?

**Абдырахман**. Жан соога? Жалган!

**Эрдене.** Аа-х! *(кылыч шилтейт)* Кан жолубузга садага. Убадага моюн толгоп, жалган сүйлөсө, шерттен тайып, артка кайтса, жазасы ушул!

Ош аймагы

Сахна караңгылайт, дүңгүрөгөн туяк үндөрү.

Аттангыла! Аттангыла! Жоо басты. Жоо басты

**Чабаганчы** *(шашкалактап)*. Баатыр! Капылеттен, жоо басып келди.

**Ажы бий**. Оң-солго кабар бергиле!

**1-үн.** Тагай бий бабабыздан таркагандар жапырт Аркага көчүп жатышат.

**2-үн.** Сол канаттагылар. – Башчыбыз Кубат бий өлгөн. Бизди бириктирер баатыр жок дешти.

**Ажыбий.** *Аттиң! Кубат бий өлдү, кут өлдү*
*Кушчу, мундуз журт өлдү.*
*Саруу, кытай бүт өлдү.*
*Сол канаттын баары өлдү.*
*Күрөштө колдоор кубатым.*
*Жалгыз калды бир башым.*
*Кайран гана Кубат, сенин жоктугуң билинди.*

Армандуу дүнүйө! Ынтымактын жоктугу ырыс кесет! Ата-Журт башына оорчулук түшкөндө, жоо тосcондо колдун аздыгы көкөйдү кесеби? Элин-жерин коргоор эр азаматтардын намысын «бий болом» деп, боло албагандар, элди ээрчитер азаматтарды көрө албаган бузукулук, бөлүнүү, жарылуу кендирди кесеби? Эл кызыкчылыгына, журт тынчтыгына жер кудуретине күйө тургандар барбы? Элге келген жамандык, эртеңкилерге салакасын тийгизбей койбостугун ойлонушпайбы!

Күч биримдикте! Кеч болсо да биригүү керек! Атаңдын көрү түркөйлүк, ай!

Намысты бийик койгон жоокерлер! Ата-бабаларыбыз эзелтен душмандан жалтанган эмес.

Бир туугандарым, силер эли-жерибизди коргоп, кандуу майдандарда торолуп, жетилдиңер! Мен силерге өзүмдөй ишенем! Бүгүнкү кармаш баарыбыз үчүн кымбат. Элибиз үчүн чоң сыноо. Жоо менен кармашуу бизге адат. Жерибиздин байлыгына, элибиздин ынтымагына көз артып, элдигибизди, эркиндигибизди көрө албаган

карасанатайлар, ыйык ата конушубузду басып, өзүбүздү күнкор кылганы келе жатышат. Бабалардан уланган ариет-намысты бийик тутуп, ата-конушубузду сактап калалы!

Касиеттүү бабалардын, бизден кийинки урпактардын каргышына калбас үчүн кан-жаныбызды аябайлы! Акыркы күчүбүз калганга чейин кармашабыз. Өлүм бизди коркута албайт. Эл-жерди коргоо сыймык. Баатыр бабалардын урпактары ар дайым намысты колдон чыгарган эмес. Ата уулу катары, ар бириң баштаган колуңарды, эрдикке, жеңишке шыктандырып алдыда жүргүлө!

**Үндөр**. Аттангыла! Аттангыла!

**Ажы бий**. Туугандар! Биз кылымдар кыйырын кечкен элдин ар намыстуу уулдарынын урпактарыбыз. Бизге ата-бабаларыбыз эрдик менен намысты мураска калтырышкан. Алардын өмүр жолдору, тарыхы, кан кечкен кармаштары күрөш менен коштолуп, эркиндиктерин эч кимге алдырышкан эмес.

Баарыбыздын алдыбызда эл-жерибизди коргоп, көздүн карегиндей сактоо милдети турат. Аны ар бириң туура түшүнөсүңөр. Элибизди туш тараптан жоо каптап, абал оор!

Эл-жерди коргогон адилеттик биз тарапта. Жалтануу бизге жат. Жер кудурети кымбат. Киндик кан тамган ата конушубузду элибиздин эркиндигин, кийинкилердин эгемендүүлүгүн сактап калууга жан аябайбыз. Ата-бабалардын арбактары колдосун. Алга!

**Үндөр**. Ылгоол! Ылгоол. – Эрөөлгө! Эрөөлгө! – Жекеге, Жекеге!

Кагышкан найзалар. Чабышкан кылычтар.

**Көрүнүш**

Ажы бий туткундалып, оор жарадар.

**Ажы бий.** Эрдене! Сен Кудайдын адамзатына бергендеринин баарын энчилеп алгыдай ким элең?

**Эрдене.** Бийим, билип ал! Кудайдын сүйгөн пендесибиз. Заман күчтүүнүкү.

**Ажы бий.** «Багынсаң, жалынсаң алым-салым албайм» – дегидей, Паргана аймагын башкаргыдай, Ош-Өзгөндү өзүңкү кылгыдай сен кимсиң?

**Эрдене.** Колуңдан келеби? Сен да тартып ал.

**Ажы бий.** Эсиңе алып, билип ал! Коконду Кокон болуп тикеленишине саруу Ажибек баатыр, баргы Тилеке баатыр колдоого алган. Жоо кай тараптан Парганага келсе да, төшүн тоскон тоолуктар экенин билесиңби?

Чоң атаң Шооруk, өз атаң Абдарахим, абаң Абдыкеримдерге кубат болуп, сүйөгөн тоолук баатырлар экени түшүңө да кирбесе керек! Тагы өчө элек, калмактар менен чин – кытайлар селдей каптаганда Паргана аймагына коргон болгон тоолук элдин уулдары экенин унутсаң, сен Кудайды унуткандай болосуң!

**Эрдене.** Коргосо коргогондур. Аны эмнеге милдет кыласың?

**Ажы бий.** Абдыкерим агаң калмактарга алым төлөөнү мойнуна алып, агаң Бабабек менен иниң Абдырахманды барымтага бергени эсиңден көтөрүлүп кеттиби?

Дини мусулман балдары ынтымакташып кайырдиндегилерди бир нече жолу Парганадан сүрүп, айдап чыкканын кантип унутуп каласың? Эси жок Эрдене! Эртерээк эсиңе кел! Эси жоктугуңдун кесепети элге тийбесин! Улам Ош-Өзгөнгө сарбаздарыңды баштап барып

тынч жаткан, элди талап, алым алып, тийиштик кылып, эмнеге тоолуктарга жоо болосуң? Өнбөгөн өчүң, ала албаган кегиң болсо ачык айт! Чечишип алалы. Курал менен сүйлөшкүң келсе, чык жекеге!

**Эрдене**. Мен туткунум менен айтышкым, чабышкым да келбейт.

**Ажы бий**. Жекеме-жеке кармашуу колуңдан келбейт. Дини, дили бир эки элдин ортосундагы ынтымакка кыянаттык кылдың. Илгери-кийинки биримдикти ойлободуң. Сенин кычылыгыңды билмексен, куулугуңду сезмексен болуп келдик. Бейиштин төрүндөй болгон Паргана аймагындагы мазары, базары бир, жада калса ичээр суусу, дем алаар абасын бөлүп аларга эч кандай шарт жоктугу эсиңе келбедиби?

**Эрдене**. Төп айттың. Талаштык кылбай, бийликти бирөө жүргүзүшү керек.

**Ажы бий**. Ач көздүгүң, бузукулугуң акыры барып өз башыңа тиерин түшүн! Эгер эки эл кектешип кала турган болсо, ортодо жер өрттөлүп, эл кырылып, адам каны күйөт. Анда сен, кайсы муратка жеткен болосуң?

**Эрдене**. Алдуунун алдында алсыз дайыма мүнкүр. Аны сен жакшы билесиң.

**Ажы бий**. Сен эки элдин ортосундагы, биримдигине доо кетирбей, жаман оюңдан кайт! Ниетиңди оңдоп, дилиңди тазартып, ынтымак майданына кел! Согушту токтотуп, элдешели?

**Эрдене**. Акылдуусунбагын, Ажыбек баатыр! Сага «багынсаң, жагынсаң, алым-албайм» деп, эскертпедим беле?

**Ажы бий**. Сага бөгүлүп-чөгүлүп, багынбайм да, жалынбайм дагы. Андай жорукту ата-бабам кылган эмес. Жагынып жашоо, кыргызга жат.

**Эрдене**. Шарт үчүн жагынып, сурап коюш кыйынбы?

**Ажы бий**. Андай кесел сенде бар. Биздин урпактарга жукпасын.

**Эрдене**. «Мекеним кымбат. Жерим асыл» дейсиң. Мен саран эмесмин. Сура!

«Мекениңди, жериңди кайтарайын». Менин кең пейил экенимди жаамы мусулман билсин! Сенин «баасы кымбат, кудуреттүү жериңди жаныңдан кымбат көрүп, алып калганың кийинкилерге айтылып калсын.

**Ажы бий**. Ата-бабам эзели душманына тизе бүгүп, башын ийип көрбөгөн. Сага күнкор болгучакты, өлгөнүм артык.

**Эрдене**. Өлө элексиң. Алдыда эчен жыргалдуу жашоо, көрөр күндөрүң бар.

**Ажы бий**. Мен көрбөгөн күндөрдү, жашоо доорун кийинкилерге тапшырам.

**Эрдене**. Сен өлгөндөн кийин, жыргалдуу жашоону балдарыңа ким алып берет?

**Ажы бий**. Эй, кеңкелес! Макоо! Менин жашоом, көрөр күндөрүм сени менен эле бүтүп калбайт.

**Эрдене**. Өлдүң, өчтүң, баары жок. Жаныңды сура! Жалын!

**Ажы бий**. Мээси жок. Сага жалынбаганым, Ата-Журтумду баалаганым.

**Эрдене**. Ха, -ха, -ха. «Жагын дегеними», ага ынабаганыңды, ким көрүптүр? Ким күбө боло алат?

**Ажы бий.** Сен күбөсүң. Баарын көрдүң.

**Эрдене**. Мен айтмак белем?

**Ажы бий**. Айласыз айтасың.

**Эрдене**. Кимге?

**Ажы бий.** Өзүңө, өзүң айтасың. «Эмнеге жалынбайт? Мекенин эмнеге кымбат дейт? Жарыкчылык жашоону «белек кылып, берейин десем, эмнеге албайт?» – деп, ойлонуп жатасың. Дагы да ойлоносуң. Себеби, сенде Мекендин кымбаттыгын, жашоонун асылдыгын баалаган сезим жок. Түшүнбөйсүң! Ата-Журтту баалоо, элге жакшылык кылуу оюңа да келбейт.

**Эрдене**. Эмне себептен?

**Ажы бий.** «Байлыктын баары менде болсун. Бийликти эч кимге бербейм. Башкалар менин колумду карап, бөгүлүп-чөгүлүп турса. Айтканга көнбөгөндү жазаласам» – деген ой менен жашап келесиң, туурабы?

**Эрдене**. Туура айттың. Аны, кантип билдиң?

**Ажы бий.** Сенин жашооң, мага жат.

**Эрдене**. Жашоодо дүнүйө топтобосоң, ойлогонуңду бирөөгө аткарта албасаң, эмнеге келдиң? Жараткан сени «жашоонун жыргалын көрсүн» деп жараткан.

**Ажы бий.** Жашоонун жыргалы. дүнүйө, байлык, бийлик менен чектелбейт.

**Эрдене**. Анысы кандай?

**Ажы бий**. Жашоонун улуулугун, дүйнөнүн сулуулугун, Ата-Журтуңдун асылдыгын баалап, сезип, барктаганыңда гана жашоонун кадыры көтөрүлөт.

**Эрдене**. Андай сезим, менде эмнеге болбойт?

**Ажы бий.** Мындан кийин да болбойт.

**Эрдене.** Эмнеге?

**Ажы бий.** Жашоону өмүрдү, Ата-Журтту чын дилиңден сүйө албасаң, андай сезим сага келбейт.

**Эрдене**. Айткандарыма макул болбодуң. Өзүңдүн балдарың, ини-туугандарың, сен деп келген жоокерлериңдин аман калышын каалайсыңбы?

**Ажы бий**. Ар кимдин буйруган насиби бар.

**Эрдене**. Жакындарыңдын жанын сура! Болбосо, көз алдыңда баштарын алдырам. Менин бийлигиме ыкрар болушса, азаттык берем.

**Ажы бий**. Тизе бүгүп, жанын сурагандар, мага тууган эмес. Душманга моюн сунуп, кечирим сурап, эркиндик алуу ыпластык! Андай ишке тирүү туруп, барбагыла! – деймин.

**Эрдене**. Жаагын жаап, зынданга салгыла! *(чыгып кетет)*

**Ажы бий**. Тагдырың да өзүнүн жеке камын көрүп, убактылуу байлык менен бийликти эч кимге бергиси келбеген, өзүмчүл, көр дүйнөнүн сазына баткан, биринен бири өөдөсүнгөн, эл келечегиң, ата конуштун ыйыктыгын баалай албагандардын колунда калган Ата-Мекеним, асыл элим!

Бир кездеги даңазаң кылымдын кыйырынан артып, эзели душманыңа тизе бүкпөй, ар дайым күрөштө чыңалып, катылганды каң какшатып, эркиндигиңди сактап келген элең. Канчалагандар элиңдин биримдиги менен ынтымагына суктанып, тарых таржымалыңа таңданышкан, кызы-гышкан. Эл-жери үчүн кымбат өмүрлөрүн аябаган азаматтарыңдын эрдиктери, ыр болуп жаңырып, күү болуп төгүлүп бүтүндөй ай-ааламды аралабады беле!?

Эчен бир гүлдөгөн доорлорунда баркталып, бапестелген бактыңа көз тийип, арамдык менен ыпластыктын, адилетсиздик менен чагымчылдыктын, көрө албастык менен кызганычтын мезгилдери келип, кылыч мизинен кансырап, жалындаган өрттүн табына, ташкындаган селдин эпкининде жапа чеккенсиң! Ал учурларда да, мүңкүрөп калган эмессиң. Эгемендигиңди эч кимге тарттырбай, эчен оорчулуктарды, эртеңки тагдырыңды күрөш менен жеңип, ар дайым ынтымак менен биримдикти сактагансың. Бирок, түркөйлүк менен түшүнбөстүктүн оорусуна кабылгандар, жеке башынын камын көргөндөр, байлык менен бийликти өйдө көрүп, өз элине душман болуп, жан багып келишүүдө.

О кыргызым! Сен качан ач көздүн, сараңдын, аңкоонун, саткындын кызыкчылыгынан арылганыңда, кетпес дарттан кутуласың. Ал үчүн сенин кадырыңа жетип, сени баалап, сүйгөн «Ата-Журтум, асыл элим, кадыры кымбат мекеним» деген урпактар жаралганда гана, ажарың ачылып, келбетиң жашарып, даңкың тазарат.

Ал учурду ынтымак менен биримдиктин күчүнө таянып, элиңдин бактысын, жериңдин тынчтыгын көксөгөн уулдарың алып келет. Алардын ой-максаттары, келечекке умтулган үмүттөрү, акыйкат күрөшкө арнаган өмүрлөрү тунук дагы, таза дагы. Ал күндөр келерине мен ишенемин!

Аягы

# КАЛКА

*(Үч бөлүмдүү даректүү драма)*

Катышкандар.
1. Алымбек датка
2. Курманжан
3. Мадали хан
4. Мала хан
5. Канат шаа
6. Бийлер
7. Жаңжуң-(Жиян-Жуң)-Кытай генералы
8. Нөөкөр
9. Жаангир-Кашкар акими
10. Молдо
11. Миңбашы
12. Лашкар башы
13. Козу ажы
14. Эл өкүлдөрү. байбичелер, жигиттер, келин-кыздар.

Окуя XVIII кылымдын орто мезгилинде Кокон хандыгынын Ош, Алай, Кокон аймактарында жана Кашкарда өтөт.

## 1-бөлүм

### Ош калаасы

Жаңыдан курулуп жаткан медресе-мечиттин карааны.

Ак-Буура суусунун жээгиндеги саябандуу бак. Түркүн куштардын үндөрү, бытпылдык сайрап, азанчынын үнү угулат.

Алым-сабак ырдашкан жаштардын шаңдуу күлкүлөрү.

**Келин**. Ай кыздар! Айылыбызга Анжиандын акими келет экен! Оюнга чакырбайлыбы?

**Кыздар.** Ай-ий! Чын элеби?

**1-үн**. Келсе келгендир, Анжиан, Ош жакын эмеспи?

**2-үн**. Келээри чын бекен?

**3-үн**. Аким болсо, «Кыз оюнду» тоготор бекен?

**4-үн**. Акимдиги ордосунда. Ал элдей эле адам! Чакыралы!

**5-үн**. Чакырсак, бай акем укса, уят го?

**1-үн**. «Кыз оюну» илгертен калган. Салттын өөнү болчу беле? Чакыралы!

**1-кыз**. Жайкы аптапта, ал да ысылагандыр? Салкындап кетсин, чакыралы?

**2-кыз**. Салтты сыйлап, көптөн өтүп кете албайт. Чакыралы.

**Жабыла**. Чакыралы! Чакыралы!

**3-кыз**. Өзү да, бул тарапка келе жатат

Ырчысын ырдаталы?

**Алымбек** *(келип)*. Амансыңарбы, улан-кыздар, жеңелер?

**Жабыла**. Шүгүр, келиңиз!

**Алымбек.** Ортоңор толсун!

**Жабыла**. Баарыбызга, бирдей болсун!

Алымбек «Ак-Бууранын жээгинде, ай чыгаар жайдын кечинде, алышып-ойноп бир жүргөн, ал күндөр дайым эсимде» демекчи, мындай шаттуу күндөр эстен кетпейт го, чиркин!

**1-келин**. Бек, туура айттыңыз! Өзүңүз да жаштыктын доорун сая кетирбесеңиз керек?

**Алымбек**. Бир келген жаштыктын кадыры, баарыбызга эле кымбат эмеспи?

**2-келин**. Селкинчекке, келиңиз? Жуп болоор, сулуу кыздардан тандаңыз?

**Алымбек**. Сулуулар макул болор бекен?

**3-келин**. Сиз менен жуп болуудан, эч бир жан качпаса керек? *(күлкү)*

**Курманжан**. Салтыбыздан эч ким баш тартпайт.

**Алымбек**. Сени тандадым. Жуп бололу? *(селкинчек ыры ырдалат)*

**Баары**. *Алты баккан селкинчек,*
*Ай батканча тебебиз.*
*Күмүш баккан селкинчек,*
*Күн батканча тебебиз.*
*Айдын жүзү кылайды,*
*Кел, тебели селкинчек.*
*Кыз-уландар каткырып.*
*Ойноп тепкен селкинчек.*
**Жигиттер**. *Күлкү-шаңга жарашкан,*
*Күүлөп тепкен селкинчек.*
*Гүлдөй болгон жаштыкта,*
*Күүлөнөлү эркин тээп.*
**Баары**. *Улан-кызга жарашып,*

*Урматталган селкинчек.*
*Улуулардан уланган*
*Укмуш оюн селкинчек.*
**Кыз-келиндер**. *Күүгө бойду балкытып,*
*Күлүп тепкен жигиттер.*
*Гүлмүңдөгөн жаштыкта*
*Күүлөп тепкен селкинчек*
**Жигиттер**. *Тал-тал чачын буралтып,*
*Тамай тепкен селкилер.*
*Таң атканга талыкпай.*
*Самап тепкен селкинчек.*
*Күүлөн, күүлөн селкинчек*
*Тебе албайт, эринчек,*
*Жаштыгыбызга жараш кан,*
*Кел, тебели, селкинчек.*
*Оо-ой, ээ-эй, селкинчек.*

**Үн**. Эх! Кандай жыргал. Сайраган куштар. Шарактаган кыздар. Шайырланган жаштар *(шаңдуу күлкүлөр).*

**1-келин**. Айып болбосо, ырчыңыздан угалы, бек?

**Алымбек**. Ырчым, келин-кыздардан ырдап кутул! Кулактарынын кычуусун кандыра үнүңдү соз!

**Ырчы** *(комузун алып).*
*Азыраак айтып, таштайын*
*Ашыктыктан баштайын!*
*Айтпасам ичти күйдүрөт.*
*Арманда болуп, кайтпайын.*
*Ак-Буура суусун бойлогон*
*Ак чабак болуп ойногон,*
*Алганым болуп калсаңчы*
*Эми, арманда кетип ойлоном (сүрөгөн үндөр)*

*Жаштыктын доорун бекем сүр,*
*Кайрылып келбейт өмүрүң.*
*Арманда калба, көп эстеп*
*Санаага батып көңүлүң.*
*Айылга келген мыйманбыз*
*Билгиңер келсе даректи,*
*Ыр уккула ырдайын,*
*Түрүп алып билекти.*
*Айтып өтсөм жөн жайын*
*Аянбай бүгүн ырдайын*
*Анжиан-Арка элине*
*Таржымалы так дайын*
*Көпчүлүк көөнүн жай кылган*
*Ак-Буура суусун бурдурган,*
*Арыктарды каздырган,*
*Көпүрөлөрдү курдурган*
*Жүздөгөн танал жерлерге*
*Суу жеткирип гүл кылган.*

**Алымбек**. Кыска тарт, ырчым! Булардын да өнөрүн көрөлү!

**2-келин**. Ырчыңызга тең келээр күүчүлөрүбүз бар. Кана, кызыке кол ойнотуп күү чертип бер? *(кыз кол ойнотуп күү чертет)*

**Үндөр**. Азамат! Мына өнөр!

**Жигит**. Даткам, сизди күткөн үй ээси медреседен келип калды.

**Алымбек**. Андай болсо, баралы.

**Кыздын үнү**. Ай жарыгы жер тегиз,
Адырга баккан мал семиз.
Алың барда ойноп-күл,

Айланып келбейт, он сегиз.
Күн жарыгы жер тегиз,
Күзүндө баккан мал семиз.
Кезегин күтпөй ойноп-күл,
Кайрылып келбейт он сегиз.

**Алымбек**. Үнү жагымдуу экен.

*(Колуна чайдос, чылапчын көтөргөн кыз ийилип, салам берет)*. Амансызбы, сулуу кыз.

**Курманжан**. Бар болуңуз. Кол чайкап аласызбы?

**Алымбек**. Кыз балага, колго суу куйдурбайт дешчү эле, элибизде?

**Курманжан**. Өзүм. Атайлап, колуңузга суу куйганы келдим.

**Алымбек**. Анда мейли. *(Тике кароодон айбыккан кыздан жигит колун тартпай, күлүмсүрөп тура берет)*. Кандай жакшы!

**Курманжан** *(Чочуп)*. Ой!

**Алымбек**. Ырахмат! Ойлогон оюңа, самаган максатына жет, карындашым. Эмнеге чочудуң?

**Курманжан**. Мен байкабай, төгүп албадымбы, олдоксондугум үчүн кечирим сурайм?

**Алымбек**. Олдоксондук эмес. Суу мээлүүн, жайында экен. Кечиримдүү. Мен да ырахаттанып тура бербедимби. *(күлүшөт)*

**Курманжан**. Сиз сынадыңызбы?

**Алымбек**. Ким айтты?

**Курманжан**. Көзүңүз.

**Алымбек**. Сиз мени сынадыңызбы?

**Курманжан**. Кантип билдиңиз?

**Алымбек**. Күлмүңдөгөн көзүңүздөн. Күлкү чачкан

жүзүңүз *(Күлүшөт)*. *(Жигит колун аарчып, сүлгүнү анын мүрүсүнө илгенче, мурдунан чымчып коёт)*

**Курманжан.** Мени, секелек экен деп, ойлобоңуз?

**Алымбек.** Секелек эмес, селки десем чычалабайсыңбы?

**Курманжан.** Балакаттан өткөн кыз балага, тийишпейт.

**Алымбек.** Аткарган кызматына, жагымдуу мамилеңе ыраазы болуп, эркелеттим, карындашым! Айыбым мойнумда?

**Курманжан.** Айып эмес. Билерман экенсиз.

**Алымбек.** Ырахмат! Жанагы ырдаган, сиз белеңиз?

**Курманжан.** Кыздардын баары эле ырдайт

**Алымбек.** Үнүң кандай жагымдуу. Керемет үн. Сурансам ырдап бересиңби?

**Курманжан.** Кээде ырдап коем. Сиз да ырдайсызбы?

**Алымбек.** Кээде ырдап коем. *(күлкү)* Кайсыл айылда турасыңар?

**Курманжан.** Айылыбыз Жапалак. Атам Маматбай.

**Алымбек.** Атың ким?

**Курманжан.** Курманжан.

**Алымбек.** Курманжан, өзүңө төп келген ысым экен. Мен Алымбекмин.

**Курманжан.** Сизди Анжиандын акими деп, элдин баары билет.

**Алымбек.** Ии?

**Курманжан.** «Медресе-мечит курдурган, Ак-Бууранын бурдурган, Кат-сабаты жокторду, кат таанытып, жаздырган». *(күлүшөт)*

**Алымбек.** Оо, акын окшойсуң?

**Курманжан.** Алыбызга жараша.

**Алымбек**. Мына тамаша. Ачык сөзүң, тартынбаган мүнөзүң, өзүңө укмуш жарашат экен?

**Курманжан.** Жактыбы?

**Алымбек**. Анан эмей. Кантип жакпай коёт. Эмне, кайындаган жериң барбы?

**Курманжан.** Босого аттаган элем. Бошонуунун жолун сурагым келген?

**Алымбек**. Кайсыл жерге түштүң эле?

**Курманжан.** Катуу-Багыттагы жоошторго.

**Алымбек**. Колдон кандай, чыгып кеттиң?

**Курманжан**. Эркиндикти эңсеген жүрөктү, эч ким токтото албайт эмеспи.

**Алымбек**. Сөз байлашканың бар беле?

**Курманжан**. Жок. Көңүл деген, көксөгөнүн, өз теңин издейт тура.

**Алымбек**. Кечирип кой? Суроом одоно болуп калды, окшойт?

**Курманжан**. Одоно эмес. Ачык айткан, кимге болсо да, жагат.

**Алымбек**. Иштин чоо-жайын сүрүштүрүп, анан жооп берейин.

**Курманжан**. Үмүт үзбөйм. Сиз киришсеңиз жолу табылаар?

**Алымбек** *(өзүнчө)*. Арзыганын издеген, мага окшогон жан көрүнөт? Сырымды угар, дилимди туяр жанды, табармын деп, жүрдүм эле.

**Курманжан** *(өзүнчө)*. Ооматыңыз арткан жан экенсиз. Үмүт оту өчпөс.

**Алымбек**. Ар бир сөзү көңүлүмдө уюп, көөнүмдү сергити.

**Жигит**. Даткам, үй ээси күтүп турат. Жүрүңүз!

## 2-бөлүм

### Ордо

Мадали хан кумардана чылым түтөтүп, бийчилердин өнөрү менен алек. *(Эшик ага келип шыбырайт)*.

**Хан**. Бийлерди! *(Бийлер таазим кыла, жай алышат)*. – Кана, ынактарым. Эмне дейсиңер?

**1-бий**. Алдаяр, биз сиздин аткаруучуларыңыз болобуз.

**2-бий**. Улуу урматтуум, сиздин буйругуңуз. Кудайдын буйругу.

**3-бий**. Өкүмдарым, өкүм паша өзүңүз. Аны эч ким бузууга акысы жок.

**Хан**. Жаамы пенде баласы, Улуу пайгамбарыбыздын көрсөткөн жолу, сызган сызыгынан чыкпай келебиз. Бүгүн, түрки мусулмандары түп көтөрүлүп, кайирдин каапырларга каршы аттанып турат.

Дини мусулмандардын бай тактысы болгон Кашкар баш болгон алты шаар коркунучта! Кашкар аймагын кытайлар басып алганы менен кабарыңар бар. Манжу *(цин)* аскерлери ашуу ашып, Алай, Анжияндан өтүп, Коконду басып алуу аракетинде, жоолукканын жалмап жапырып жолго аттанып, келе жатыптыр.

**Бийлер**. Ээ, Алла! Өзүң колдоп, өзүң сактай көр! «Миң жыл кыямат кайым болсо да, бейажал чымын өлбөйт» деген. Каапырларды жеринде талкалап, жакын келтирбеш керек!

**Хан**. Туура айтасыңар. Кайырдиндегилердин жолун бууп, кантип өлкөбүзгө жакындатпай кое алабыз? Болбосо, шиңжандын өзүндө жылдырбай талкалап, андан ары кубалаштын жолун кантип табабыз? Кана, айткылачы?

**1-бий**. Шейкул ислам Ак эшендин тукуму Жахангир кожо «Ата мурасын колго алам» деп, аттанганын уктук, өкүмдарим?

**2-бий**. Газабат жолунда туу башы болуп, «Кашкарды каапырлардын колунан бошотуп алам» деп, хан өзү баш болуптур дешип, Аллага миң мертебе ыраазылыгын айткан азаларыңыз, ары кубанып, ары сыймыктанып, газабат жолуна ийгилик каалашууда, таксыр! Кудайым, өзүңүзгө дем-күч, кетпес оомат берсин?

**3-бий**. Мусулмандардын байтактысы болгон эзелки Кашкар калаасын кайырдиндерден тазалоого пайгамбарыбыздын зулпукар кылычын өзүңүз колго аларыңызга бир эле элиңиз эмес, жаамы түрки мусулмандар терең ишенгени, кандай гана кубаныч, азизим?

Хан Шейхул ислам Ак эшендин улуу Жахангир кожо, менин колтугумда күндө беш убак, намаз окуп, мага жалынып-жалбарып, «Аскер курап бер?» деп, өтүнүп отурат.

**1-бий**. Урматтуум, кумурскадай кытайларга каршы туруп, аркасына сүрүп-айдаш, сизден башка, эч кимдин колунан келбейт, таксыр?

**2-бий**. Кашкарды кайырдиндерден тазалоого сизден башка ким батынып, бара алмак, өкүмдарим?

**3-бий**. Касиеттүү Эшендин уулу сизге келип, бөгүлүп-чөгүлүп, кол сураганы жолуңуздун ачылганы, алдаяр. Алла Таала мындай мүмкүндүктү өзү сүйгөн, сизге гана бериши ооматыңыздын ого бетер артканы, азизим?

**Хан**. Кожонун уулу өзү гана чабарына ишенип, өпкөсү көөп, өрөпкүп калыптыр. Канча кол барары, кантип кармашары оюнда жок, паччагардын!

**1-бий**. Кудайдын айтканындай, сиздин ойлогонуңуздай болооруна ишенебиз, ордо эгеси?

**2-бий**. Эшендин уулу эмес, Кашкарды бир өзүңүз алганыңыз жаамы мусулман калкы арасында чоң сыймык. Ого эле даңазалуу атак, экенин, жакшы билесиз, таксырым?

**Хан.** Айткыла! Кантип алабыз?

**2-бий**. Кокондун жеңилбес аскери мол. Бүтүндөй Паргана, Анжиан, Алайда, жада калса жаамы тоолуктарда жоого аттанар азаматтар арбын, улуу урматтуум?

**3-бий**. Ат көөлүк, азык-оокат, курал деп, Алай баш болгон тоолуктар ордону түйшүккө салбастыгы өзүңүзгө маалым, биларманым? Кожонун уулун коюң? Газабатка өзүңүз барып, газы аталашыңызга, Алла өзү жол ачып турганы, айкын экен ордо эгеси?

**1-бий**. Дин исламдын зулпукар кылычын өзүңүз гана кармасаңыз. Сизге, эч бир душман каршы чыга албастыгына, жараткан өзү күбө, азизим.

**2-бий**. Кашкарды сиз алган чакта да, сиздин этегиңизге тооп кылган жаны жок кожо, «Мен алдым» – деп, жаамы мусулмандарга жар салары, бышык, алдаяр!

**3-бий**. Өзүн «касиеттүүмүн» деп, мактанган кожонун шайтандыгы кармаса, этек башын жыйган соң «Кутурган ит ээсин кабат» болуп, өзүңүз менен тең ата бийлигиңизге кол салбайт деп, ким кепил боло алмак, азизим?

**Хан** *(ыргып туруп)*. Жок. Мен барбайм! Так ээсиз калбайт. Айланамдын баары душман! Кокустан, ордодон жылганым эле билинсе Бухара пайлайт. Тоолуктар жөн турбайт, кылычын кайрайт. Барбаганымдын себебин билгиле!

**Бийлер**. Оо! Акылыңыз ай-ааламга, жеткен ордо эгеси! Мындайы эске келбептир. Бир сизге ишенгенбиз. Кечириңиз? Жаңылдык, жаздык?

**Хан**. Кана, лашкер башы болууга, ордодо ким ылайык? Кимиң барасың? Ачык айткыла! Сизби? Сизби?

**Бийлер**. Таксыр, биздин колдон келгенде башканы атап, сизди убара кылбайт элек.

**1-бий**. Бирден бир, колуна келе турган...

**2-бий**. Ишенимиңизди актай турган...

**Хан**. Айткыла! Ким?

**3-бий**. «Ордонун биларманы, хан агасы» аталган...

**1-бий**. Алымбек, датканыз ылайык!

**Хан**. Айткыла! Дагы? Ким бар? Алымбек жок болсо, ордо кантет?

**1-бий**. Ордодо улуктардын улугу, өзүңүз барсыз, азизим?

**2-бий**. Анжиан, алайлыктар, жаамы тоолуктар, башкалар барса, баш бербейт!

**3-бий**. Датканыз тоолук туугандарынын сырын жакшы билет, урматтуум?

**Хан**. Датка Коконго керек!

**1-бий**. Тоолуктардын колу дайыма даяр.

**2-бий**. Алымбек, «А» десе, аттанып кете беришет.

**3-бий**. Мындай чакта, тоолуктарды ордодон алыс кармап, алаксытуу керек!

**Хан** *(алаканын чаап)*. Баш вазирди!

**Бийлер**. Улуу урматууум, бизге уруксат бериңиз!

Өкүмдарым, ал бизден шектенбесин!

Намаз маалы, даарат алалы, азизим!

**Хан**. Датканын аты угулганда, даааратыңар сындыбы?

**Алымбек**. Ассалоом алейкум, алдаяр. Амансыңарбы, жакшылар!

**Бийлер**. Келиң датка! Келиң!

**Алымбек**. Кызматыңыздабыз, ханым!

**Хан**. Даткам, сиздин тескөөңүз менен ордо олжого толуп, ишибиз иретке келгенин, ордо билармандары айтып жатышат.

Чыгыш Түркстанды коркунуч каптаганын жакшы билесиз. Кашкарды кайырдиндерден тазалап, мусулман дүйнөсүн ыпластарга тебелетпейли деп, Оро-Дөбөдөгү Ак-Эшендин улуу Жахангир кожо аттанып чыкканы менен кабардарсыз.

**Алымбек.** Алдаяр, Чин Хуандинин колунан Кашкарды бошотуу оңойго турбайт.

**Хан**. Ошол кайырдин каапырлар, Кашкардан өтүп, Алай-Анжианды тебелеп, Коконго келээр экен.

**Алымбек**. Жок. Кашкардан өтпөйт. Кокон аймагынын чегине келбейт.

**Хан**. Ак Эшен кожонун уулунун он беш түмөн колу даяр. Сиз, өзүңүздүн тоолуктардан кол курап, баш болосуз. Кашкарды каапырлардан тазалап бүткөндө, мага кабар жибериңиз! Жеңиштин салтанатын бирге өткөрөбүз. *(Алакан чаап)*. Кожонун уулун.

**Жаангир**. Ассалом алейкум, жакшылар!

**Хан**. Ордонун оң колу, Алымбек датканы билесиз?

**Жаангир**. Датканы, түрк мусулмандар түгөл билет, урматтуум.

**Хан**. Менин ордума, кол баштап, сиз менен бирге Кашкарга барат.

**Жаангир**. Датка, Кытайга элчиликке бир нече жолу

барып, алардын сырын жакшы билет деп, уккам. Кашкар менен Алайдын каттоосу калың, маарakелери бирдигин билем.

**Хан**. Сиздин кабарыңыз бар экен, кожом.

**Жаангир**. Таксыр, сиздин алдыңызда, датканыз менен калеми шарифти кармап дос болоюн?

**Хан**. Дос кудайдын аты делет.

**Жаангир**. Жоону мен чапсам даткага, датка чапса, даңкы сизге болсун! Барды-келди баарыбыз, мусулман калкына ак кызмат кылалы деген, максатта, колго курал кармап жатабыз.

**Алымбек**. Ханым уруксат болсо, жол камын көрөлү!

**Хан Датка**. Жаангир төрө, сиздерди Амир Темир атабыздын арбагы колдосун!

Жигиттер! Баатырларды шаан-шөөкөт менен узаткыла! *(Добулбастар кагылат)*

**Үчүнчү көрүнүш.**
**Кашкар калаасы. Ордо**

Так үстүндө ажыдаардын сүрөтү түшүрүлгөн сары желек.

Кытай генерал-губернатору Жаңжуң канжасын соруп, тынчсыздана ары-бери басат.

**Нөөкөр**. Улуу урматтуу Жаңжуң! Аскерлер баш аламан. Мусулмандар капканы ачышты. Алымбектин колу каптап, калаага киришти. Жергиликтүүлөр аларга кошулуп, каканчиндерди аркага сүрүштү. Курчоодо калдык.

**Жаңжуң**. Жуңгуандарга эскерт! Өлөр өлгөнчө кармашсын!

**Нөөкөр**. Жуңгуандар качышып, жалаң каканчиндер калышты.

**Жаңжуң**. Ай, иттики! Баары качтыбы?

**Нөөкөр**. Сиз экөөбүздөн башка, эч ким калган жок.

**Жаңжуң**. Алты шаар Кашкарда эми, жалаң мусулмандар кайра биригеби? Эх саткындар! Буруттарга туруштук бере албаган коркоктор. Баары бир асман уулу Улуу урматтуу Хуанди качып баргандардын баштарын сылабайт.

Алдым аска, артым жар. Арга жок. Баары бир, өлүм. Андан көрө, тирүү калуунун амалын кылайын. Тартууга кытай кыздарын белендеп, кыргыздарды, дагы бир жолу сынайын.

**Нөөкөр**. Урматтуу Жаңжуң!

**Жаңжуң**. Бийликтин таманын жалаган, амалдуунун жанында, асмандагы айды самаган. Баягы жалданма калаа акимдери кайда?

**Нөөкөр**. Сыртта. Улуу урматтуум.

**Жаңжуң**. Эмне кылып, жүрүшөт?

**Нөөкөр**. Сизден буйрук күтүшөт. «Качса биригип, Хуандиге баралы» дешет.

**Жаңжуң**. Улуу император аларды көргүсү келбейт. Аны булар билбейт. Бирөөнө сөз берип алдап, чин берип майлап, бирине-бирин кайрап, атаандаштырып, байлыктарын алды. Эми, алардын эмнеси калды?!

Коконду Кокон кылган, баш коштуруп элин жыйган, Алымбектин аброю хандан бийик. Кашкардын акимдери куралдарын моюндарына салып, алдынан өтүшсүн! Тартуулашып тапкандарын. – «Биз мусулманбыз» – дешсин! Бир тилге келишип, керек болсо, цин бийлигин жамандай беришсин. Барып айт!

**Нөөкөр**. Куп болот, улуу урматтуум.

**Жанжуң**. Бирине-бирин касташтырып, бирине май, бирине сөөк таштайын. Келгендер бул жерде тура алышпайт. Амал кылып шашпайын.

Керней-сурнай менен кыргыз жоокерлери келишип, так үстүндөгү сары желекти ыргытышып, ай чыктуу Алымбектин желегин илишет.

**Алымбек**. Келберсиген кең Кашкар. Өрдөшсөк өрүшүбүз кенен, Жайласак жайыбыз белен. Чай сунуп, кымыз чайкашып, уул үйлөп, кыз беришип, кучак жая достошуп, мааракe-тойлордо бирге ойношуп, бирибизди-бирибиз колдошуп, кыргыз, уйгур дебей, өзбек, казак сенге келбей, бир үй бүлөдөй коюн-колтук алышып, душманга сыр бербей, абалтадан тамырыбыз бир, элбиз ынтымак эле. Башыңарга түн түшүп, күнүңөр караңгылап калган экен.

**Жигит**. Даткам, сыртка эл өкүлдөрү, акимдери келишти.

**Алымбек**. Киргизгиле! *(Өкүлдөр нан, туз менен келишет)*.

**1-карыя**. Ассалому алейкум, даткам! Ак жолтой баатырга салт боюнча ак таттыралы деп, алдыңа келдик.

**1-байбиче**. Кош келипсиз, Кашкар жерине, баатыр?

**2-карыя**. Динибиз да, дилибиз да бир. Чапса айрылгыс. Кессе бөлүнгүспүз.

**2-байбиче**. Өбөк-жөлөгүбүз, таянар тирегибиз кыргыз туугандарыбыз!

**1-карыя**. Жоодон элди куткарып, өлгөн жанды тирилтип, өчкөн отту күйгүздүңөр. Каканчиндер элди-жерди тебелешти. Эчендeн бери зордоп, динибизди кордошту.

**Келин**. Хуандилер акыры наныбызды талашты.

Жаңжундар балдарыбыз сабашты. Кары-картаңдарга ит азабын көргөзүшүп, каканчиндер кыздарыбызды талашты.

**Жигит.** Элдин ажалына аралжы, аман калганына себеп болдуңар!

**Карыя.** Жер десеңер жерибиз кенен. Эл кылабыз десеңер элибиз белен. Түбөлүккө биригип, журт бололу силер менен!

**1-байбиче.** Анжиан, Кашкар бир элек. Түрк ата жолун жолдойлу. Туу башын бириктирип, эрди теске, журт башына бириктирип, элди теске, баатыр! Элибиз силерге ыраазы.

**Үндөр.** Ыраазыбыз! Ыраазыбыз!

**Алымбек.** Бир бололу деген тилегиңерден. Бир туугандык жүрөгүңөрдөн. Эл-эли менен, Жер-жер менен. Биримдик болсок, жоо сестенет. Даай албайт. Каканчиндер сүрүлүп, жеңишинер колуңарга тийди. Тиричилигиңерди тынч өткөргүлө!

**Карыя.** Баатыр! Алдыңда ачык айталы! Душмандын айтканын кылып, чинин алып, бийлигин жүргүзүп, элди кууруган саткындарга жаза бер?

**Алымбек.** Эл-жерин сатканы, душманга жакканы. Бирөөнү ыйлатып, бирөөнү күйгүзүп, арам алардын тапканы.

**Үндөр.** Саткындарга өлүм. Башчыларды өзүбүз шайлайбыз!

**Байбиче.** Датка, кызыр жылоосунда болгун. Элге кызмат эткениң, эл кадырына жеткениң. Элге кызмат кылуу эр кишинин ишидир. Дайыма жеңиштүү бол, баатыр!

**Карыя.** Датка жеңиш тоюн, бирге тойлойлу. *(Чыгышат)*

**Жигит**. Даткам, миң башы жолуксам дейт.

**Алымбек**. Чакыр!

**Миң башы**. Датка, Кашкарды багынттык. Аскерлерге танапис берели?

Бел чечишип, берешен элдин сыйын көрүшсүн. Көңүл ачып, тойлойлу.

**Алымбек**. Дагы?

**Миң башы**. Жатып алып, май чайнап, олжого кашкардыктардын кыздарын алып, отуз күн оюн, кырк күн тоюн өткөрөлү.

**Алымбек**. Эмне? Оюнчулдугуң өтпөйт! Душмандан запкы жеп, чабылып чачылган эл кантет? Коркутуп малын, зордоп кызын алсаңар карындаштыгыбыз кайсы?

**Миң башы**. Кечирим сураймын, даткам!

**Алымбек**. Андан көрө чачылганын жыйнашкыла, ач калганын тойгузгула. Азап тарткандардын абылын сурагыла!

**Миң башы**. Куп болот, даткам!

**Жаангир** *(жан-жөөкөрлөрү, молдосу менен келет)*. Жаамы мусулмандарды бириктирип, көп кол менен Кашкарды манжулардан бошоттук.

**Молдо**. Кудай өзүңүзгө күч-кубат берсин. Мусулмандарга азаттык алып берип, соол иш кылдыңыз. Газабат жолун басып, казы болдуңуз, таксырым?!

**Жаангир.** Лашкер башы!

**Лашкар башы**. Лаппай, ханым!

**Жаангир**. Кашкар калкын чогулткула!

**Молдо**. Мухаметтин үмөттөрү, касиеттүү Жаангир төрөнүн акылман кебин угушсун.

**Жаангир**. Жардыгым бардыгына жеткирилсин!

Сарбаздар канжыгалуу болушсун. Кашкардын шайысына бөлөп, мингендерине ат, кийерине тон, аларына кыз тандашсын! Калаанын акындарын айдатып келгиле!

**Молдо**. Төрөмө, кытайдын кызыл дилделерин тартуулашсын!

**Жаангир**. Бүгүндөн баштап, Кашкардын ханы мен. Каалаган жардыгым аткарылат. Казынадагы дүнүйө эсепке алышсын! Чакыргыла, датканы!

**Лашкер башы**. Буйругуңузду аткарабыз, ханым.

**Жаангир**. Баскан баладан, өбөктөгөн карыга чейинкилерди көчөгө чыгаргыла! Эл менен учурашалы.

**Молдо**. Ханыбыз касиетүү. Ага ок өтпөйт. Кылыч кеспейт. Амири күчтүү эртеңкини көрүп билет.

**Жаангир.** Камалгандарды!

**Лашкер башы**. Болот, таксыр. *(Колу таңылган, бети-башы айрылган туткундарды алып келишет)*

**Нөөкөр** *(түртүп)*. Ханга таазим кыл! Чөгөлө!

**Жаангир**. Эмнеге келдиң?

**Туткун**. Сакалыңа ит чычкан, кожо. Сарбаздарың үйүмү тоноп, кызымды зордоп, алып кетишти. Калкты талап-тоношту. Мусулман баласы кылбаган жоруктарды кылышты.

**Жаангир**. Лашкер башы! Кашкарды алганыма, кудай жолуна, туткундарды түлөө чалгыла! *(туткундарды айдап кетишет)*

**Алымбек**. Чакыртыпсыз, төрөм?

**Жаангир**. Сиз датка болсоңуз, биз Кашкарды калчаган ханбыз.

**Алымбек**. Оо, кут болсун даражаңыз, Төрөм! Кашкарды алалбай жатып хан болгонуңуз кандай?

**Жаангир**. Какшыктабаңыз, датка! Хан болгонума ичиңиз өрттөнүп жатабы?

**Алымбек.** Ханды калк көтөрөт. Такка, көчүгүңүз тие элек, кожом!

**Жаангир**. Калкың кыргындан сактап, кытайларды сүрүп, Кашкарды бошоттук.

**Алымбек**. Жаамы, мусулмандар жабыла келип кармашса, даңазасы сиздикиби?

**Жаангир**. Башчылыгымды тааныгыңыз келбейби?

**Алымбек**. Манжы *(Цин)* мамлекетинин каканчиндери бүгүн чегингени менен эртең эле кайрылып келери, эсиңизде болсун, досум!

**Жаангир**. Алла акылды Алымбекке эле бергенби?

**Алымбек**. Кожого акыл такка жеткенде келдиби?

**Жаангир**. Менин көп колум, калааны, сиздин аскериңизди кошо коргоп, турганы, эсиңизде болсун, даткам!

**Алымбек**. Колуңдун көптүгүнө мактанба! Улуу хуандинин ажыдардай миңдеген түмөндөрү уйкудан эми ойгонгонуң эсиңден чыгарба!

**Жаангир**. Түмөндөгөн колумдан асмандагы карга, жердеги чычкан өтө албайт.

**Алымбек.** Ооба. Түмөндөгөн колун эл карактап, так самаган ханын эстен чыгарганын, кашкардагылардын баары билет.

**Жаангир**. Сиздин колуңуз, таламайдан кур калган окшойт? Эмне, ичиңиз ачышып жатабы?

**Алымбек**. Жок, төрө. Менин аскерлерим күмөндүү жайга жансакчы коюп, көбү сырттан келүүчүлөрдүн жолун тосуп, кайгуулда жүрөт. Олжо эч кимге опо болбосун ойлоңуз. Колуңуздан тартип кетти. Талоонго калган эл кантти?

**Жаангир**. Калкка жакшы көрүнгүңүз келеби?

**Алымбек**. Түз айтканды түшүнбөдүңүз, төрө! Хуандилерден азап тартып турган эл, бизден жакшылык үмүт этип турушат.

**Жаангир**. Алар кимдер? Жалаң эле мусулмандарбы?

**Алымбек**. Ооба. Ошол эл менен жанжуңдардын колун арткага сүрдүк. Эркиндигин өздөрүнө берели?

**Жаангир**. Кандай эркиндик? Каирдиндегилерден Кашкарды биз бошоттук. Эми, каалагандай калчап, ойдогудай тескеш биздин иш. Сиз мага, оң колум болуңуз.

**Алымбек**. Ыракмат төрө, Үмүтүңүз үйдөн чыкканда эле билинген.

**Жаангир**. Ооба. Элге башчы – Хан биз болобуз!

**Алымбек**. Эл менен кошо жыргап, кошо куураганда гана элге башчы болот.

**Жаангир**. Датка десе, дардаңдабаңыз! Айтышканды токтот! Болбосо, көзүмдө сөөлүм, тилимде мөөрүм бар, каргап койбоюн.

**Алымбек**. Жазганын көрөбүз. Акыйкат сөзгө терикпеңиз! Элдин камын жеңиз?

**Жаангир**. Жетишет. Жанымды кашайтпа! Лашкер башчы. Карма, муну!

**Алымбек**. Кожом, ынтымакты билбеген, ырыс кесет.

**Жаангир**. Кошуунуңа кошуп, кум-жам кылам.

**Алымбек**. Сен берген буйрук, менде да бар, Колуңду оргого салбай, жекеме жекеге чык!

**Жаангир**.Сенин каныңа, колумду булгагым келбейт.

**Алымбек**. Өзүңө кошуп, колуңду чабат элем. Бирок «бийлик талашыптыр» дегенден уялам.

**Жаангир**. Кол башчы мен болом. Ээрчип келген сен, мени тескейсиңби?

**Алымбек**. Сарбаздарыңды тый! Элди бүлүнтпөсүн.

**Жаангир**. Сен мени тескегениңди кой! Тебишип калабыз.

**Алымбек**. Душманды хан чаппайт. Кайратман эрлер чабат. Кана, кыйын болсоң келчи?

**Жаангир**. Жилигиңди чагып, сөөгүңдү чачам.

**Алымбек**. Жиликти чабыш оңой. Билип чабыш кыйын.

**Молдо.** Жан соога баатыр? Кекээрлешкидей кек, чабышкыдай чыр жок. Бир ачууну бизге бергиле?

**Жаангир**. Кашкардын ээси мен. Баары менин бийлигиме өтөт.

**Молдо**. Касиеттүү ханым, калкыңыз сиз менен көрүшкөнү, этегиңизге тооп кылганы келишти.

**Жаангир**. Жүрүңүз, эл менен көрүшөлү?

**Алымбек**. Бекерге жоолашпайлы! *(кожо баштагандар сыртка бет алышат)*.

**Алымбек**. Төрө төбөсү менен басып, Кудайды таанымбай калыптыр, душманга жем болору кыялына келбей калган экен.

*(Колдору байлангандарды айдап келишет)*

**Алымбек.** Буларга, эмне балээ болду?

**1-жигит**. Буйрукту угушпай, төрөнүн аскерлери менен, хан таламайда жүрүшүптүр.

**Алымбек**. Намысы жок, акмактар, кайсы топтонсуңар?

**Экөө**. Анжиандандбыз.

**Алымбек.** Колдору менен кылган күнөөлөрүн, моюндары менен тартышсын!

**Экөө**. Жан соога, датка! Буйругуңузду билбепбиз. Күнөөбүздү мойнубузга алалы!

**Алымбек**. Таламайга кошулдуңарбы?

**Экөө**. Ырас. Тиргилик деп, барганыбыз чын.

**Алымбек**. Кошуунду уят кылдыңар.

**Экөө**. Күнөөлүбүз! Алгандарыбызды кайтарып, ээлеринен кечирим, сурайбыз.

**Алымбек**. Экөөнү элге кошпой, ат бактыргыла.

**Чабаган** *(шашылып кирип)*. Датка!

**Алымбек**. Эмне кабар?

**Чабаган**. Кокондон. Хан сизди шашылыш чакыртты *(катты берет)*.

**Алымбек**. «Шашылыш Кокон коркунучта» Мадали хан Омор уулу. Аттарды даярдагыла!

Алай тоолору. Жайлоо.

Алымбек датка менен Курманжан от боюнда сүйлөшүп отурушат.

**Курманжан**. Кокон менен Кашкардагы кабарды угуп турдук. Жаамы түрк мусулмандарын бириктиребиз дешкени менен ой-аракеттери эптеп эле, бийликке жетиш үчүн окшойт.

**Алымбек**. Бийлик менен байлык кимдерди кызыктырбаган. Мурункулардын да, кийинкилердин да талашы, чыры, дал ошол маселеден чыгып жатпайбы!

**Курманжан**. Баарын таштап чыгып кеткениңиз, баатырдыкка да, айкөлдүккө да барабар эмеспи. Жеңишиңизди, эрдигиңизди Кокон эли гана эмес, түрк мусулмандары, Кашкар калкы баары тааныды, даткам!

**Алымбек**. Жандими кожобуз калктын канына забун болуп, убалын ойлонбоду.

**Курманжан**. Эптеп бийликке жетүүнүн кызганычы, ага жалпы мусулмандардын кызыкчылыгынан артык экен да? Эмне болсо да, барды-келди, алтын башыңыз сак. Ордо эч качан, эч кимге опо болбостугун өзүңүз жакшы билесиз.

**Алымбек**. Кокон эскиден эле биреөнө май, биреөнө сөөк ыргытып, ыркыраштырып, талаштырып, кандуу бийлиги чендүү, кызматы менен алаксытып, алдап келет. Аны аңдаган бар, аңдабаган бар. Көбү ордону «адилеттүү, камкор» деп, түшүнүшөт.

**Курманжан**. Адилет айттыңыз. Кимдер кандай түшүнөөрү өздөрүнө баглык. Аркалык менен Аксылык туугандарыңыз, «Баш бириктирели, туу башы болсун!» – деп айтышыптырбы?

**Алымбек**. Эмнеге, шашылышты? Учуру келээрге аз калды эле. Абайлап турушса, болмок.

**Курманжан**. Адигиненин алпы деп, Тагай бийдин урпактары, кыпчак, ичкиликтер колдобой коймок беле?

**Алымбек**. Карабагыштардан Койчу датка, теңизбайдан Шапак датка менен Дубана датка, Кыдыр ордочу болуп сөз бекиткен элек.

**Курманжан**. Калган журт ээлери сыртта калбаса керек?

**Алымбек**. Кеп ошондо. «Эмнеге ордо жалгыздатып чакырды» деген ойдомун.

**Курманжан**. Туугандарыңызга кандай жооп кыласыз?

**Алымбек**. Ордо отурумунан соң, шартка жараша жооп беремин.

**Курманжан**. Туура кыласыз, даткам. Ордого кол бербей, туугандарыңызга барсаңыз, шек туулбай койбойт, бийим.

**Алымбек.** Аттанайын.

**Курманжан.** Жолуңуз ачылсын! Жигиттин пири Шаймерден колдосун, даткам!

**Ордо.**

Хан тынсыздангандай абалда.

**Эшик ага**. Улуу урматтуум!

**Хан**. Бий, ынактарды. Ордочу, элчилерди!

**Эшик ага**. Күтүп турушат.

**Хан.** Калаанын каалгасын кенен ачкыла! Көчөлөргө килем төшөлүп, ырчы, чоорчу, бийчилер оюн кылышсын! Даткабыздын урматына мурун-кийин болбогондой, шаан-шөкөт уюштурулсун. Датканын баскан кадамы сайын дилде чачылсын! Атына ыр айтылып, эрдиги китепке жазылсын! *(Керней-сурнай үндөрү добулбастар кагылат. Килемдер төшөлүп, таң-тамаша көрсөтүлүп, бийчилер бийлешет)*

*(Алымбек Курманжанды ээрчите келет)*.

**Үндөр**. *Алымбек датка! Жеңилбес баатыр!*
*Мусулман аскерлеринин кол башчысы!*
*Кокон хандыгынын билерман жеңүүчүсү!*
*Кашкар элине азаттык алып берген, баатыр!*
*Кашкар калаасынын сактоочусу!*
*Даткага салам болсун! Салават! Салават!*
*Баатырга даңк! Жеңилбес кол башчы!*

**Акын.**

*Күндөй жаркыган хандын өкүлүсүң,*
*Этегине тооп кылышты душмандар.*
*Датка билет, Кокон ханы жеңилбес.*

*Жалтанышат бет алдынан чыккандар.*
*Кокон ханы жол баштаса душманга*
*Кумдуу чөлдөр, дарыялар кеп эмес.*
*Саябандуу, дайым бийик бейиштей,*
*Канат болот баатырларга учканга,*
*Кокон ханы миңге чыксын.*
*Дүйнө эли багынган.*
*Кокон жери эң бай өлкө,*
*Зор байлыкка малынган.*

Хан Ордого дилде, жолдорго жубар, бермет чачкыла!

Бийлерге, акындарга, лашкер башы, миң башыларга сарпай жабылсын!

*(Добулбастар кагылып, музыка үндөрү көтөрүлөт).*

**Алымбек датка**. Ассалоом алейкум, ордо эгеси!

**Курманжан**. Амансызбы, азирети?

**Хан** *(алдыга келип)*. Кел баатыр! Жеңиш кут болсун!

**Алымбек датка**. Бирге болсун.

**Хан**. Кокон хандыгы жеңилбес.

**Үндөр**. Кокон хандыгы женилбес!

**Хан**. Даткам, сизге арналган той! Сиз аркылуу хандыгыбыздын даңкы ааламга жетти. Хандыктын атын, Газабаттан туусун көтөрдүңүз! Баатырга сарпай келтиргиле!

**Алымбек.** Урматтуу ханым! Жеништин тою боло элек. Чакыртканыныздан келдим.

**Хан.** Бухардан кабар келди. Коконду көздөй кол аттаныптыр.

**Алымбек**. Эли-жерибизди коргойбуз! Душманды келтирбейбиз!

**Хан.** Аркалык туугандарыңыз орустардан жардам сурап, Коконго каршы аттанат деп уктук.

**Алымбек.** Кашкардын коогасы али тынчый элек, ханым. Кайсыл жактан болсун, душмандарга жол бербейбиз.

**Хан**. Датка, сизге, Кокондун жеңилбес аскерлерине арналган зыяпат.

Тойдон соң өргүңүз. Оюнчулардын өнөрүн көргүлө!

Ак карлуу тоонун этеги.

Чакан коргон Көөрүк басып, дөшү таптап, кылыч курчутуп, найза аштаган көпчүлүк.

**Байбиче**. Эр уулуң эмне деп, тилейт десе, эл коргойт туура. Элден айланайын! Ээ абышка, барсыңбы? Кайрат-күчүң кала элек. Курал алып, элге кошул! Азаматтарга аргымактардан тартуулап, батанды бер!

**Абышка**. Аянбаймын, байбиче. Жан аяган жаралуу. Мал, дүнүйө элден садага! Жоого чууну салайын, элден калбай мен да барайын!

**Келин.** *Күйөөсүнүн колун кармап!*
*Белиңе куруң чалып, кел.*
*Берендер менен барып кел.*
*Бей пайда кылбай адамды,*
*Беттешкен жоону алып кел!*
*Казатка жөнө эл үчүн,*
*Асылкеч жарың мен үчүн*
*Алкынган жоону жеңип кел*
*Ата Журт тилейт, сен үчүн.*
*Жигит Жароокерим!*

**Келин**. Элинди сүйгөнүң, жеринди сүйгөнүң. Ата-бабаны сыйлаганың. Ала-Тоону сыйлаганың. – Түбөлүккө бар болобуз деп, өзүндү жамандыкка кыйбаганмын. Жоого баратасың уулбу кызбы, аманатың бар, шумкарым.

**Жигит.** Наристе чоңоет. Күлгөндө мени эстээрсиң.

**Келин**. Үмүт үзбөй, жол карайм, коломтодогу отуңу өчүрбөйм, шумкарым.

**Жигит**. Кош, жыргалым.

**Эне** *(уулуна кайрылып)*. Бууданын токулуу, жоо жарагың, мына уулум.

**Уулу**. Апа!

**Эне.** Эмне? Калгың келеби? Атыңды мен минейин. Сан колдун алдында жүрөйүн.

**Улуу**. Кечир, апа! Өзүмдү эмес, уулун жоого аттанткан сизди, кыялбай турам.

**Эне**. Кагылайын зирегим. Ак сүтүмдү акта. Элден калба! Жөнө!

Кууш капчыгай, жоо жаракчан Алымбек.

**Жигит**. Даткам, Кашкардан Жаангир кожо келип, сизге жолуксам дейт!

**Алымбек**. Келсин!

**Жаангир**. Оо, Алымбек досум.

**Алымбек.** Жаангир кожо. Кудай айдап, кайдан?

**Жаангир Баатыр**. «Алдына келсе, атанын кунун кеч» деген. Кечирим сурап, алдына келдим.

**Алымбек.** Эмне балакет болду?

**Жаангир**. Кудайдын буйругу экен. Калың кытай Кашкарды каптап, колум талкаланып, калка издеп, өзүңө келдим. Аягыңа жыгылайын? Миң мертебе тобо кылайын? *(чөгөлөйт)*

**Алымбек.** Отурган тагың кантти?

**Жаангир.** Датка, айлам кетти. Калка болот деп, башымды ийип, сага келдим? Душмандан өчүмү алып бер. Сага мен гана эмес, атамын арбагы да ыраазы болсун?

Кашкарды кайта алып, каапырларды сүрөлү. Такка кайра минип доорду бирге сүрүп, бирге жүрөлү? Такка сен эле, ээ бол! Мага калааны башкартсаң эле болду?

**Алымбек.** Качкан жоону катын алат. Куйругун кыпчыган иттей, качып келипсин. Кана, сендеги кайрат? Кайда, баягы айбат?

**Жаангир**. Хан алдында, Кудайды оозанып, достоштук эле. Өзүңдүн колдооң керек, датка? Душманды тоспосоң болбос? Артымдан шаштырып, келип калды.

**Алымбек**. Жоонун жолун эр тосот. Мунун ач курсагын тойгозуп тургула! Сүйлөшөлү. *(чыгып кетет)*.

**Жаңжу** *(айланага суктана карап)*. Аскасы алтын, тоолору күмүш. Ала-Тоо койну бүт байлык дешкен эле. Суулары тунук, тоо-токою кенен. Пай-пай! Кут түшкөн жер экен! Казса алтын-күмүш оморулуп, топурагы майдай тура.

Жери салкын, абасы таза. Ошон үчүн буруттар опурулат тура. Бирок, буруттардын эли эле эмес, жери да душман. Асмандан башка көрүнбөгөн капчыгай. Аттарыбыз ташыркады. Узак жол, татаал ашууларда каканчиндер алсырады.

Канча күндөп жүрсөк да, кууш качыгай түгөнбөдү. Жалаң жалама муз, ак кар, мөңгү. Адам караанын көрүнбөйт? Тоо баштарында бизди андып турушабы? Алды-артыбызды байлап, капчыгайга камашабы?

**Алымбек** *(жигиттери менен келип)*. А Хуандинин куйруктары, келгиле? Жол болсун?

**Жаңжуң**. Баатыр, мейманчылап келдик.

**Алымбек**. Чаап ала тургансып, куралдуу кол мененби?

**Жаңжуң**. Сиз менен мамилебиз сый. Каршылашыбыз жок. Бирөөгө катуу айтпаган, салтыбыз бар.

**Алымбек**. Кебез менен мууздаган куулугуңарды билебиз! Андай болсо, тынч жаткан элге, эмнеге келдиңер?

**Жаңжуң.** Хуандинин буйругу менен Кашкарды чаң-тополоңго салып, өзүнүн бийлигин орноткусу келген Жаангирдин артынан келдик. Силер менен каршылыкка барбайбыз.

**Алымбек.** Максатыңар ошолбу? *(Жаңжуң кол куушуруп, ийилет)* Андай болсо, кожону жолуктуралы. *(кожону алып келишет)* Кожом, булар менен мамилеңер бар беле? Сизди издеп келишиптир.

**Жааңгир**. Датка, Кудай кошкон дос элек. Каапырларга кор кылба?

**Алымбек**. Кашкарда мени, душман дегениңди билем.

**Жааңгир**. Кек түйүш душмандын иши.

**Алымбек.** Кытайлар менен кектешбедиңиз беле?

**Жааңгир**. Датка, атам ак эшен ыйык болгон. Касиеттүү тукумдун каргышына калба!

**Алымбек**. Эрдемсип, элдин тилин албаганыңдан канчалаган күнөөсүз адамдар, Кашкардагы көпчүлүк эл набыт болду. Канчасы үй-жай, бала-чака, жакындарынан айрылды. Сенин кесепетиңден канчасы кыштын күнкү аязда Терек дабаңында калып, тоңуп өлдү. Канча-лагыны кыштын суугунда ач калып, кайыр сурап, жан багалбай, ай талаада тоңуп көз жумушту.

Миңдеген жетим-жесир, кары-картаң жаш балдардын өлүмүнө себепкер болуп, тентигендердин каргышына калдың. Же алардан, ыйыкмын деген, сениң жаның артык беле?

**Жаангир** *(бутун кучактап)*. Жан соога датка! Жан соога! Каапырларга бербе! Кулуң болоюн! Бир башымды, аман алып кал!

**Алымбек.** Үйрөнгөн адатың кай жерде да калбаганына күбө болдук. Бийлик, байлык самаган ач көздүгүң, башкаларды өзүңө теңебеген өзүмчүлдүгүң, өзүңдү, ата тегиңди ыйык көрсөткөн жалганчылыгыңдын акыры башыңа жетти.

Тойгон жериңде тополоң салып, барган жериңде чуу чыгарган жуукур, зөөкүр калпычы, эзели Ата Журту болбогон саткынды алгыла! Жамандыгы өзү менен кетсин!

**Жаангир**. Айланайын датка, мусулман баласы элем. Арам өлбөйүн! Өз колуң менен өлтүр *(сүйрөп кетишет)*!

**Жаңжүң**. Ырахмат, баатыр! Ыраазыбыз! Кашкарды берели! Жүр, биз менен!

**Алымбек**. Жаңжуң түндүктү кара. Камоодо калдың! Кетээриң күмөн!

**Жанжүң**. Баатыр, элиңе арамдыгыбыз жок. Алдында турабыз.

**Алымбек**. Аныңа макул. Кашкардан берки ээн жаткан жерде тойлоп, эрлерди чаап, элди булүнтүп-тоноп, жаш балдарды, кыз-келиндерди туткунга алып, кыргызды тукум курут кылмакка, түмөндөгөн колуңду баштап келген сенби?

**Жаңжуң**. Жыгылыштуумун, баатыр. Колумду каалашыңча кыр. Башым тарттуу.

**Алымбек**. Башыңдын кереги жок. Хуандиңе айта бар!

Ала-Тоону жердеген, айтылуу кыргыз эл деген

Эр Манастын тукуму, душманга сырын бербеген.

Душманды көрсө шашпаган, эзели коркуп качпаган.

Тоолорундай бир сырдуу, бөтөнгө койнун ачпаган
Кармашканын бүктөгөн. Душманга тизе бүкпөгөн,
Ажыдарга тең келип, ажалды коркпой тиктеген.

Баатыры көп, кыргыз элинде. Бизге тийишпесин! Жоону тоскон чекбиз! Достукка бекбиз! Бейиштей болгон жерибизге, берекелүү элибизге көз артпасын! Сук артып, биз тарапка баспасын! Бекерден кан ... сын. Башыңа соогат. Бар! Бара бер! *(Жанжуң ... жүгүнүп, арты менен чыгат)*. Жигиттер! Адашпасын! Келген жолуна салып койгула!

**Алымбек**. Каканчиндерди капчыгайга камап, ... лын таштагандарга, тийбегиле!

Кайгуулдун отун кенен жагып, ырдап-чоордоп, ... легиле! Жоонун колу талкаланган ушул жер-Кытай Кыр... гон аталсын!

**Жигит**. Даткам, Кашкардан сүрүлүп, качып келген... дер. Сизге жоолуксак дешет?

**Алымбек**. Келишсин! *(Арып-ачкан уйгур, өзбек, ... гандар баш болгон чал-кемпир, кыз-келиндер жүдөө, ... ырчы кейпинде келип, жүгүнүшөт)*.

**1-карыя.** Ассалоом алейкум, датка.

**Алымбек**. Кош келгиле, меймандар?

**2-карыя**. Келдик. «Кара көпөлөк» айдоо болуп, качып келдик.

**Алымбек.** Кабарым бар. Бүлүккө түшүп, аман ... луу үмүт менен сүрүл-гөнүңөрдү билем. Саныңар канча болушу, мүмкүн?

**1-байбиче**. Санымыз канча экенин ким билет, ... жүрсөк ойдо, жолдо жүрсөк жолдо баш-аягыбыз ... бөдү. Кашкар калаасынын жарымынан көбү ...

[illegible] кожобуз баш болуп, элди талап-тоноп, зор[illegible] [illegible] тартып алышып, үйлөрдөн айдап [illegible], [illegible] кыра башташканда, сизди «калка бо[illegible] [illegible], сүрүлүп келдик.

**[illegible]**. Какачындер кайрылып келишкенде, ко[illegible] [illegible] ортосунда катуу кыргын болуп, калаа[illegible] [illegible] тым-тыракайларын чыгарышты. Деги эле, [illegible] [illegible], үй-жайы жоктор «Алымбек датка бизге [illegible] [illegible] дешип, Алай-Ошту көздөй жол тартып, кат[illegible] [illegible].

**[illegible]**. Ата-балага, эне кызга, улуу кичүүгө кай[illegible] [illegible] болбой, жылуу кийимдери жок, ач [illegible] [illegible], [illegible] кыраан чилдесинде Терек да[illegible] [illegible] тоңуп, көбү кырылды. Адам денеси [illegible] [illegible] толуп, тоңуп, өлгөндөн калганы, жолдо [illegible] [illegible] жүрүп, өзүңө эптеп, тирүү жеттик. Дар[illegible] [illegible], шайы кеткендердин өлгөндөн калганы, [illegible] тирүү келдик.

**[illegible]**. Мусаапыр миндеген элдин, аман калгандар[illegible] [illegible] аманат! Тирүү, калганыбыз сага эл бололу.

**[illegible]**. Эл ишенген калкабыз, таянар тирегибиз [illegible] [illegible]?

**[illegible]**. Кичүүбүзгө ата, улуубузга ага, жалпы элибиз[illegible] [illegible], бир тууган болот деп, келдик, ата?

**[illegible]**. Качкандар биз деп, айрыкча сизди кара[illegible] [illegible] [illegible] эмнеге аянабыз, датка?

**[illegible]**. Катка чийдирип, санын тактагыла! Ар [illegible] [illegible] [illegible], аксакалдар элден үй, уй кой-эчки [illegible], [illegible] топ кылып, бир айыл кылалы. Ал жерди [illegible] [illegible] атайлы:

**Карыя**. Бизди бөлөк дебей, колтукка кысып, кам к...
гөнүңөргө ыразыбыз!

Айылыбызды «Алымбек айылы» атайлы. Орто...
ынтымак, биримдигибиз тегиз болсун. Омийин! *(чы...
кетишет)*

**Ош калаасы**

**Жигит**. Ордодон, чабарман экен, бийим.

**Алымбек**. Ким жөнөттү?

**Чабаган**. Малике айымдан келдим. *(кол жоолукт...
нат)*

**Алымбек**. Бул эмне?

**Курманжан**. Билдирүү, датка! Тумары кайда? *(ча...
ган койнундагыны түйүндү берет)*.

**Алымбек**. Кандай иш?

**Курманжан**. Чамасы, ордо жардам сурайт. *(Кат...
берет)*

**Алымбек** *(окуп)*: «Амансыңарбы, туугандарым? О...
жардамыңарга муктаж»? Жаркын айым.

**Курманжан**. Болжолум туура чыкты, бийим.

**Алымбек**. Ордо кутумдугу дагы башталдыбы?

**Курманжан**. Бир ишеним, сиз экенсиз, даткам.

**Алымбек**. Сейит датканы менен Полот датканы ча...
райын!

**Жигит**. Даткам. «Аркадан Буйлаш бийдин уулу ...
лом», деп, бир жигит келди.

**Алымбек**. Келтиргиле!

**Арстанбек**. *Ассалоомалейкум.*

*Алымбек ханым аманбы?*
*Аркадан келген бир балаң*

*Айтып турат саламды.*
*Атымды алды уланың,*
*Алдыңа келип турамы.*
*Акынган Алай суусундай,*
*Агылган ырды сунамын.*
*Анжиан, Алай жердеген*
*Айтулуу баргы эл деген,*
*Араван-Өзгөн жердеген*
*Эч кимге намыс бербеген*
*Баатыры көп элиңе.*
*Барайын деп дегдегем*
*Кармаганын куткаргыс,*
*Алыкем озү, ким деген?*
*Адилет ордо бийлеген*
*Тартууга эчен соога алган,*
*Акылы менен жоо алган.*
*Оруска, Оогон, Кытайга*
*Элчи болуп доо алган.*
*Жабдыктап минип, жакшы атты,*
*Жашоону сүйүп максатуу*
*Суктандырып даалайды,*
*Жайладың, кең Алайды.*
*Анжианда кыштадың,*
*Кайдыгер келген мейманды*
*Хан уулундай куштадың.*
*Кас санаган душманды,*
*Как төбөгө муштадың.*
*Кең Коконду имердиң,*
*Оруска элчи жибердиң.*
*Кашкар менен Жаркендик*

*Кадимки эле, өз элиң.*
*Ак бараң мылтык камдаган,*
*Аркарын атып сандаган.*
*Алты дубан элине,*
*Акылман сөзүн арнаган.*
*Тең тийген элге кереги,*
*Теңирим берген, белеги.*
*Оруска жетип дареги,*
*Казакка тийген кереги.*
*Желпинип турат желеги.*
*Датка атам, акыл кенеңи*
*Өзбек, тажик, уйгурга*
*Түмөндөп, тийген кереги*
*Улуу тоого чыкканмын.*
*Узатып турган сөзүмдү*
*Улуулардан уккамын.*
*Ала-Тоого чыккамын*
*Айтып турган сөздөрду*
*Аалымдардан уккамын.*

**Алымбек**. Кыска тарт, ырчым! Ырахмат! Тоо суусундай төгүлгөн ырыңды хан баш болгон ордо билермандары тамшанып, угушуп, тан беришти. Ордодо кыргыз өнөрүнүн кадырын көтөргөнүңө баарыбыз ыраазы болдук.

**Арстанбек**. Даткам, өзүңүз деп, өтүнүп баргам?

**Алымбек**. Түшүнөм. «Датакасына ишенип, мени [illegible]готпогондорго бир көрүнөйүн». «Хан сепилин бүтүн, сарбаздарды куугунга алган тоолук-тарга жалаа деп, Буйлаш бий баш болгон, тоолук бийлерди, хан зындани

[illegible] ошондо эле билгемин. Чыгартам. Ошол [illegible] көргө көрүнбөй, ордодон алыстап кетүүгө [illegible]!

[illegible] Ишенгенибиз сизсиз, даткам!

[illegible] «Тоолуктарды биротоло баш ийдирип, [illegible] келтирем» деген хан, жаңылышат. Тоо[illegible] адамдары, ханга мукурабайт.

Арстанбек. Дайыма, кызматыңыздамын, даткам.

[illegible]

[illegible] көрүнүшү суз.

[illegible] Улуу урматтуум, сиздин буйругуңуз ме[illegible], ордонун өкүлү Ракматилда баш болгон [illegible] кордодук.

[illegible]!

[illegible] Сарбаздарга жабдыгы менен бирден атты, [illegible] – Чүй аймагын-дагы тоолуктар камдап бермек.

[illegible] Ий?

[illegible] Жабдыктуу ат эмес, күнүмдүккө азык [illegible] жалаң гөш жеп, ичтери ооруду

[illegible] оттубу?

[illegible] Узун-Агачты орустар менен бет келип, [illegible].

[illegible] кайда жүрдү?

[illegible] Ал тоолук туугандарынан Үмөтаалыны, [illegible] Төрөкелдини, саяктан Тайлактан уулу Осмон[illegible] Корчу баатырын ээрчитип, кош аттуу [illegible] колу менен келип, бизге жакындамак тургай, [illegible] да, койбоду.

[illegible] ойу бар экен?

[illegible] «Койнунда котур ташы бардай» таксыр.

**Хан**. Кимге? Сагабы? Же магабы?

**Канат шаа**. Орустар менен карчылдаша кар[illegible] жатканыбызда, жардамга келмек тургай, кыр [illegible] түшмөк тургай, түмөн колун баштап, тескери кетти.

**Хан**. Аркалык туугандарынын силерге, көңүлү [illegible]

**Канат шаа**. Кош көңүл. «Келдиңби, же кеттиңби» [illegible] бей, бизди көңүлгө алып да коюшпады.

**Хан**. Жортуулуңарга тоскоол болдубу?

**Канат шаа**. Тоскоол болгону ошол, сырт [illegible] баштанып, сынап, турушту.

**Хан**. Даткага көңүлдөрү кандай?

**Канат шаа**. Оо, ханым? Тоолуктар датканы, [illegible] ге салып, ага арнап ай туяк чалып...

**Хан** *(Ордунан тура кала)*. Ай туяк чалып? [illegible] Ордодо хан бирөө эле...

**Канат шаа.** Таксыр!

**Хан**. Таксыр. Таксыр деп, бет келгенде жүгүнүп, [illegible] тан ушактап биригип. А мен силерге ишенип, [illegible] чачып, кол камдайм. Колпакоптун азын-оолак колун [illegible] калап салбай, не кылып жүрөсүңөр? Төрт орустун [illegible] гын ташка жайып салбайсыңарбы?!

**Канат шаа**. Оо, азирети, таксыр. Сиз үчүн [illegible] луна, газабатка ак кызмат кылуу милдетибиз.

**Хан**. Кана, ак кызматыңар? Кана, аткарчу [illegible] тиңер? Сарбаздарды кармоого, канча чыгым [illegible] билесиңерби?

**Канат шаа**. Билебиз, таксыр. Кантип билбей [illegible]

**Хан.** Кана билгениңер?

**Канат шаа**. Кеткен чыгым кайтарылды. [illegible] дын кызматка кыздарын, колго улоолорун өндүрдү[illegible]

Хан. Качан гана, орустардан куугунтуп жеп, качкандарын [illegible]? Мен силерди орустарды тоскула! Экинчи [illegible]! деп, жибербедим беле? Барыңыз!

Канат шаа. Кечиресиз, таксыр? Шарт ушундай болуп [illegible].

Хан (*кочуп чабат*). Бийлерди!

Бийлер (*жабыла*). Ассалому алейкум, алдаяр! [illegible] кушубак, коонуңуз шат, турасызбы?

Хан. Чакырганымдын себеби, Канат шаа жортуулдан [illegible].

Бийлер. Газабат жолунда ийгилик болсун!

Хан. Ишенген датканарды, тоолук туугандары, [illegible], ак кийизге көтөрүшүптүр.

1-бий. Күмөнүбүз ырас экен. Тоолуктар «каттоону [illegible]» дешип, датканын уулуна Умөталы бийдин [illegible], той өткөрүшүптүр.

Хан. Бул эмнеси? Датканардын ордого күйгөнү ушубу?

2-бий. Датканы ордодон биротоло айдап, ал ишенген [illegible] чачып жиберүү керек, өкүмдарим?

3-бий. Тоолуктар мурдатан эле, «казактар аркылуу [illegible] менен тил байлашыптыр» – дегенди, укканым [illegible]?

4-бий. «Умөталы бий баш болгон топ, орустарга [illegible] деген кацшааарга ишенбегем, өкүмдарим.

5-бий. Даткабыз «Олуя-Атадагы жарым паша Калпа[illegible] менен жең ичинен сүйлөшүптүр – дегенге, ынаган [illegible]?

6-бий. Ал Арк[illegible] туугандары менен кеңишип, ордо[illegible] өтү алабыз» деп, бүтүмгө келишиптир». [illegible] деп ойлогом, ордо эгеси.

**Хан** *(кыйкырып)*. Жалган! Баары жалган!

**Бийлер**. Уккан кулакта, жазык жок. – Эл эмне гана дебейт. – Көрө албастардын жапкан жалаасы – дегенбиз.

**Хан**. Эмичи? Айтылгандарды ким төгүндөйт? «Ордо биларманы, хан агасы» деген, даткабыздын кылаары ушулбу? Баштатан эле угупсуңар, билипсиңер! Эмнеге айтпадыңар? Эмнеге билдирбедиңер?

**1-бий**. Датка агабыздын мындайы, ойго келбеген.

**2-бий**. Датка башы менен кантип ушундай жолго барат – деп ишенбегем.

**3-бий**. «Ордонун биларманы», «хан агабыздын» мындайын, билбегемин.

**Хан**. Баары аныкталды. Эми, эмне кылабыз?

**1-бий**. Таксыр, дагы да болсо, абайлайлы?

**2-бий**. Айтылгандын баары эле туура эмес. Чын-төгүнүн билели!

**Хан**. Абайлап жүрүп, ушул күнгө келдик. Ырас. Абал оор. Батышыбыздан орустар, чыгышыбыздан Ооган, Кашкар аркылуу Кытай. Андан башкалары да, коркунуч туудуруп турган чакта, кандай, айла-амал айта аласыңар?

**1-бий**. Мындай, коогалуу коркунучта ич ара бөлүнбөйлү, алдаяр?

**2-бий**. Биримдигибизди жоготуп албайлы, өкүмдарим?

**3-бий**. Ишеним гана болсо, ишибиз ырбаш табайт, таксыр! Бөлүнбөйлү. Биригели. Ишенели.

**Хан.** Дагы? Эмне кыл дейсиңер?

**3-бий**. Даткабыз аркылуу, ынтымакты кармап калалы, ордо эгеси?

**Хан**. Кантип? Оруска берилген кайырдинди көргүм жок. Ага кантип ишенем?

**Бийлер.** Дини бөлөк, дили бөлөк. – Динибиз бирге. – Алахамдулилла мусулманбыз. – Бири-бирибизди кыйбайбыз.

**Хан**. Акыл, кеңешиңерди уктум. Оюңарды түшүндүм, ынактарым! Бирок, «ынтымак, өзүбүз» деп, датканы жамандыкка кыйбадым эле. – Кечиришели деп, датканын артынан элчилерди жиберсем... Баарын орого салдырып, баштарын алдырыптыр Мына! Менде күнөө болсо айткыла!

**Макул**. Айтылгандарга көнөлү. Даткабызды ордого чакырып, болгон сөзүбүздү, оюбузду ортого салалы! Чын-төгүнүн билели.

## Ордо жыйыны

**Хан**. Урматтуу билармандарым бийлерим, ынактарым, бул кабарды Ташкен кушбеги Канат шаа өзү жибериптир. Орустун Черный паашасы Ташкенди көздөй аттаныптыр. Канат шаа, өзү Ташкенди кармап турууга кааруу-күчү жетпестигин мойнуна алып, жардам сурап, ылайыктуу бирөөнү жиберүүнү өтүнүптүр! Буга эмне дейсиңер? Кандай кеңеш бересиңер?

**1-бий**. Таксыр, сиздин айтканыңыз, бизге буйрук.

**Хан**. Орустарды тосуп, аркага кайтара алабызбы?

**2-бий**. Сиздин айтканыңыздай болот азизим!

**Хан**. Кантип? Кандай жолу бар? Кана, айткыла кеңеширди?! *(Бийлер баштарын, жерге салышат)* Мындайда дагы эле датка агабыз жол тапчу эле?

Анын «кылган кылыгын» өзүңөр айттыңар». Киминер даткадай, жолун таба аласыңар?

Эгер Ташкенди орустарга алдырсак, ордонун абалы эмне болот? Ойлондуңарбы? Аскер баштап ким барат? Кур сөз, кубаты жок, ашкебилер! Айткыла!

Ордонун тагдырын ойлойсуңарбы? Киминерге ишенүүгө болот? Кана, кимиң, мен деп чыгасың?

**1-бий**. Ханым, чындыкты моюнга алууга, туура келет. Мындай, ары жооптуу, ары оор ишти, бир даткабыз гана колго ала алат!

**2-бий**. Ырас. Даткабыз ылайык. Масилат берет.

**3-бий**. Ал кайтпайт! Кандай иш болсо да, жолун табат!

**Хан**. Ээ! «Аны оруска сатылган. Ордону чабат!» дебедиңер беле?

**1-бий**. Улуу урматтуу, өкүмдарим! Бийлериңиз туура айтышты. Черный пааша менен кармашууга, бир Алымбек датка ылайык.

**2-бий**. Мындай ишти датка, баштан көп өткөргөн.

**3-бий**. Анын көңүлүн кирдетпей, ишеним берели, таксыр!

**Хан**. Андай болсо, колду көбөйтүп, курал камдоого, киришкиле!

Ак кардуу Алай тоолору. Жайлоо.

Бүркүт шаңшыйт жылкычылардын үндөрү.

Курманжан жол карап, тынчсызданган абалда.

**Жигит.** Байбиче эне, улоолор даяр. Үйлөрдү чече берели!

**Курманжан**. Аярлайлы. Датканын жагдайын билип, үй чечели.

**Жигит**. Алыска кеткен даткабыздын, кайсы маалда келери күмөн эмеспи?

**Курманжан**. Келетат. Маанайы жарык. Ырымга садагага камылга кылгыла!

**Үн**. Датка атам келди. Байбиче эне сүйүнчү!

**Жигит.** Тообо! «Байбиче энемин айтчуусу бар» дегени ырас окшойт!

**Алымбек.** Амансыңарбы, туугандарым! Айыл-апа амансыңарбы, Курмаш?

**Курманжан**. Шүгүр. Ат көөлүк аман. Узак жолдо кыйналбай келдиңизби? Өзүңүз бардагыдай, эл ичи тынч.

**Алымбек**. Учугумду узартып, уулдарга нарк билгизип, салт үйрөтүп, көптүн камын, эл ынтымагын ойлогон, зирегим. Сага ыраазымын!

**Курманжан**. Кут жактагылар менен кучак жая көрүшүп, сырдашып, боор батырып келдиңизби?

**Алымбек**. Бөтөн эмес. Түбүбүз бир. Ак тилектерди айтышып, оюбузду ортого салдык.

**Курманжан**. «Миң тукумунан бөлүнөлү. Өзүбүзчө ордо болуп, биригели!» дедиңиздерби?

**Алымбек**. Ооба. Туугандардын ордого ичтери тоң. Орустар менен жакшы экен.

**Курманжан**. Элиңиз кор болбой, буйруса ынтымак артат экен.

**Алымбек**. Туура айттың, Курмаш. Бирок, ордодон кол үзүп кетиш, оңой го турбайт.

**Курманжан**. Дилиңиздегини туюп турам. Сиз аркылуу ордо кыпчак-кыргыздарды, жаамы Паргана журтун кармап турбайбы! Канткенде да, карапайым калкыңыз сизге ишенет. Чачылганды чогултуп,

бөлүнгөндү бириктирген таяныч, байтерексиз. Жолуңуздан тайбаңыз!

**Алымбек**. Журтубуз качанга чейин камчынын көгүнөн, кылычтын мизинен жалтаңдап жүрөт? Эркиндигин башкага ээлетпей, алсын, өзүнүн самаган ой-тилегин!

**Курманжан**. Маслат-кеңешиңерди туйган ордодогулар, жөн койбосо керек?

**Алымбек**. Канчага чейин ордонун бүтүмү, хандын жардыгы деп, жер карап жүрөбүз? Калк да түшүнсүн, ойлонсун, ойгонсун! Башкаларга окшоп, тагдырын талашып, келечегине кам көрсүн!

**Курманжан**. Ордого кайрылып барганыңыз, коркунучтуу. Так ээлеринин кеги ачык. Бейгам болбоң, датқам! Сизди ордо, өзүңүз курган медресе-мечит эмес, тоолук журтуңуз сактайт. Абал бир жактуу болгонго чейин, тоодо эле болгонуңуз оң?

**Алымбек**. Курмаш, силер менен болгонго не жетсин. Заман тейи башка. Баш канжыгада, кан көөкөрдө турган чак.

**Жигит**. Датка ата, Кокондон «Мала ханды тактан алышыптыр» деп, кабар келди. Молдо Алымкул «Сизди келсин?» деп чабарман жөнөтүптүр.

**Алымбек**. Ата-а, шашылышкан экен. Курмаш, мен жөнөйүн!

**Курманжан**. Барың, даткам! Өзүңүзгө сак болууну, эстен чыгарбаңыз!

**Алымбек**. Көз айрылбай, баш жарылбай, мөрөй колго тиймек беле?

**Курманжан**. Ошентсе да, жараткан «сактангандı сактайм» деген. Жамы калк ишеними, бир башыңызга

түшкөн чак. Намысыңызды бийик көтөрүп, бийликти бек кармаңыз, даткам?

**Алымбек.** Ооба. Кемелине келген чак.

**Курманжан.** Бийликке кимдер кызыкпаган, бийим. «Хандыктан ажырасаң да калктан ажыраба» – дегенди жакшы билесиз, акылманым! Так дегенде, бир туугандар бирин-бири аяган эмес. Хан тукуму сизге, эч качан жакшылык кылбасын, жадыңыздан чыгарбаңыз?

Каттуу ишке бел байладыңыз. Артыңызда арыстандай алты уулдарыңыз, Паргана, Алай, тоолорго толо калкыңыз бар. Кылчактабаңыз! Касиеттүү ата-бабаларыбыздын арбактары колдосун!

**Алымбек.** Кара башты камы эмес, калк камы деп баратам, ак маңдайым.

**Курманжан.** Ак жолуңуз ачылсын! Даанышманым. *(Датканын көкүрөгүнө башын жөлөйт).*

Алымбек. Айтканың келсин, зирегим. «Тагдырыма сендей асыл затка буйруган экен. Жаратканга миң мертебе, ыраазымын, делбирим!

**Козу ажы** *(кирип)*. Алыке! Коконго жол тартып баратат деп уктум. Залим хандын, тактан кеткени чынбы?

**Алымбек.** Ошондой кабар келди.

**Козу ажы.** Уюткулуу элдин ээсисиң. Опурталдуу чакта кол менен барганыңыз оңбу, дейм?

**Алымбек.** Жагдайга жараша иш туталы. Колду кое туралы. Ансыз да, ал тарапта тосуп алуучулар арбып, ажым.

**Козу ажы.** Өз элиңдин өкүлү катары, бирге барайын? Кана, жол башта! Кеменгерим! Жолубуз шыдыр, жолдошубуз кызыр болсун! *(чыга жөнөшөт)*

**Ордо**

**Алымбек датка.** Бийлерди, диван бектерди жыйынга чакыргыла!

**Чуру-Чуу.** *Чабыш. Өрт.*

*Дүбүрт катуулайт,*
*Жалгыз аттын шыңгыр үнү*
*Каралуу Курманжан.*
*Капыстан келип жоо чапса,*
*Калканы болбой не болор.*
*Калка болоор датка жок.*
*Калкымдын күчү кем болор.*
*Жоонун колу каптаса*
*Жол тосоор болбой, не болор*
*Ынтымакка бирикпей*
*Жоодарым, элим кем болор.*

Аягы

# АЛТЫН КАЗЫК – АМАН

*(Төрт бөлүмдөгү даректүү драма)*

Катышкандар.

Алымбек датка
Курманжан датка
Абдылдабек
Камчыбек
Бешкөкүл
Асел айым
1-2-3-келин
1-2-3-4-киши

Окуя XIX кылымдын аягында Алай, Ош аймактарында өтөт.

## Биринчи бөлүм

Түн. Жайлоо. Асман толо жылдыз.
Коломто четинде Алымбек менен Курманжан.

**Курманжан.** Даткам, Бухарадан Мурзафар эмир – «Кайрадан Кудаярга такты алып берем» деп, «колун баштап Коконго аттаныптыр» – деп угабыз.

**Алымбек.** Бухара эмиринин «Коконду кошо бийлейм» деген ниети бизге белгилүү.

**Курманжан.** Кайран эл эмне гана кордуктарды көрбөдү. Эмне гана азаптарды тартпады. Хан алмашкан сайын чапкын-бүлгүн. Жада калса ортодогу орун талашкан бир туугандар чырдашса да, тополоң чыгып, калк кансырады. Опосуз ордого калктын ишенич кетти окшойт?

**Алымбек.** Ордо, качан эле элди эске алчу эле. Алардын эси-дарты бийлик менен байлыкта.

**Курманжан.** Бухара эмири басып кирсе, эл башына дагы да түн түшөбү? Алардын капсаланынан калкты аман сактап калуунун чарасы барбы?

**Алымбек.** Эл-жерибиз тынч болсун, ички-сырткы душмандан сактайлы-деп, канча бир жолу, өмүрдү тобокелге салдык. Ордо аны билбеди. Билгиси да келбеди. Качан гана өз баштарына коркунуч келген чакта «Ат көөлүгү, аш-азыгы менен сарбаз курагыла!» деген болуп, зекет-салыгын көбөйтүшүп, караламан калктын колундагы тапканын, «балдарыма» деп катканын тартып алууга көнүшкөн.

**Курманжан.** Ырас. Түбү жыртык казынасы түк толбогон ордо. «Битке өчөшүп, көйнөгүн өрттөбөйт» деген. Коконду эмирден сактап калбасаңар, ордонун ойрону кетет. Ордосу жок эл кантет?

**Алымбек.** Кулгунасы куюлган жарадай ары ыпылас, ары ыркы жок, ушак менен кутумга толгон ордого, эл ишеними эбак эле кеткен. Канча жолу камчысын чаап, түбү түшкөн казынасын толтуруунун камында болдук. «Тарпы кеткен ортолукту толуктайлы, ордону байыталы, өлкөнү чыңдайлы» деп, канча жолу жабыла колго алып, жан үрөдүк. Аны ордо « – Кылар ишиңер. Аткарар милдетиңер» деп түшүндү.

Ызаттап, сыйласак-корккону, абайлап, аярласак чөгөлөгөнү деп ойлошту. Билебиз, ордонун сасыган кылыктарын. Куп түшүнөбүз так ээлеринин былыктарын. Кол бала кылып ойнотуп, ийиктей кылып, бийлеткиси бар. Чыксын, так талашып, бийликти ээлейм дечүлөр. Бирин бири аңдыгандардын, биринен бири оңдусунгандардын колунан эмне келээр экен? Көрөлүчү?..

Курманжан Даткам, өзүңүз айткандай, эл тагдырын, журт камын ойлогон жан хан тукумунан чыкпастыгын жакшы билип түшүнөсүз. Дагы эле болсо, келип келип өзүңүзгө окшогондор күч берет.

Кудай бетин ары кылсын, кокустан Кокон Кудаярдын колуна тийип калса барбы, сизди, сизди калка кылган калкты, эч аябайт. Кайын атасы Мусулманкул баштаган кыпчактарды жазалагандан да артык кылып, бутага коюп, атып, чаап ойноп, ичиндеги бугун, ыңгайы келбей жүргөн кегин албай койбойт.

Аны кетирип, такты Малаханга алып бергениңизден баштап, бир сизди. Сизге ыкырар жаамы тоолуктарга тишин кайрап, баскан жолуңарда, ал тургай ар бир кадамыңарды эсептеп, аңдып отурушат.

**Алымбек**. Таап айттың, асылым. Ансыз да, буга чейин үй-бүлөсүн эптеп баккан, эчен деген букаралардын алакандай жерлерин, кочушуна толбогон оокаттарын зордоп, тартып алышып, өздөрүн ай-талаага айдап чыгышкандары айкын.

**Курманжан Датка.** Сизди «Орустар колдойт экен» деген аңыздын, чын-төгүнү кандай?

**Алымбек**. Ооба. орустар аркадагы туугандардын билармандары менен ой бөлүшүп, менин макулдугуму суратышыптыр. Ал тургай ак падышанын Сибирдеги өкүлү Дюгүмел мырзасы атайлап кат жолдоп, менин жообуму билүүгө ынтызар.

**Курманжан**. Дини бөлөк, тили бурулар менен кантип байланышасыз? Сизге кызыккандарга кандай бүтүмүңүздү билдирдиңиз, даткам?

**Алымбек**. Көп ойлондум. Жооп бере элекмин. Окуу издеп, Стамбулга барганымда орустардын жөн-жайын билүүгө кызыгып, көп китептерди алып окудум. Тарых-таржымалдарын билгим келди. Аймагын алты жыл араласа, чеги билинбеген түбү түптүү эл болот экен.

**Курманжан**. Кандай болсо да, шартка ылайык иш тутарыңызды, жөн-жай тобо- келдикке барбастыгыңызбы жакшы билем, даткам!

**Алымбек**. Ээ, зирегим. Эл тагдыры оңой эмес. Түмөн түйшүгүн сезип-билип, тобокелдикке баруу алабармандык болор.

**Курманжан Датка.** кыргыз-кыпчак журтуңузду бөлүп алып, өзүнчө эл-журт болобуз деген аракетиңерге, көрө албагандар жол бербей, ачыктан эле ачык душман чыгышаар.

Кокон бийлигин биротоло алып, кийин-соңку шартка жараша иш тутканыңыз оң. Өзүңүз жакшы билесиз. Бир диндеги элди ажыратуу кыйынга турар. Душманыңыз ого эле көп. Ошентсе да элибиздин эртеңи деп, улуу ишке бел байлап отурасыз. Абайлаңыз даткам! Акылдын ана башы болсоңуз да, жан биргениздин өтүнүчүн, эстей жүрсөңүз экен? Адамдын дилин туюп, көкүрөгүндөгүнү окуган сезимталдыгыңызга ар дайым баш ийип, таазим кылам.

Не болсо да, айлана-тегерегиңизге кыргыз-кыпчактын акылгой билар-мандарын көбүрөөк тарта жүрүңүз? Анан да, бир көзгө, экинчи көз жоо болуп турган чакта, жаныңыздагы жан сырдашыңызга да, купуя болууну жадыңыздан чыгарбастырсыз?

**Алымбек.** Зирегим, акылдын канышасы өзүңсүң, асылым! Элдин тагдыры, журттун камына жан күйгүзгөн асылзаадам. Пенделик намысымды ойготуп, адамды касиетимди агарткан таза дилиңе ыраазымын, акмандайым.

**Курманжан.** Падышам, аялзаты канчалык, көп кырдуу, миң сырдуу болсо да, эр алдынан өтө албайбыз. Эне заты эркекти өзгөчө төрөйт. Эркек бүлөөнүн ээси, камкору. Аялдын, балдардын сүйөнүчү, сүйүүсү жана ишеними. Эр адамдын касиети улук. Мен сиз менен өмүрлөш болгонума ыраазымын, айкөлүм!

**Алымбек**. Жароокерим, өзүңдөй асылзаададан бөлүнгүм келбейт. Баарын бийлигин да, байлыгын да кечип, өзүңдүн, балдарымдын маңдайында болуп, Алайдын асыл жеринин көйкөлгөн туланын аралап, ээрчишип, басып жүрсөк кана? Атаганат!

**Курманжан**. Бул сиздин мага болгон арзууңуздан улам, келе калган кыялдар.

**Алымбек**. Кыял болсо да, көңүлгө кылт келе калып, эңсетип, эске салбай койбойт экен?

**Курманжан**. Сиздин ордуңуз Анжиан-Алайдан да, Кокон өлкөсүнө гана эмес, жаамы мусулман түрк дүйнөсүнө батпай турат. Элиңиздин оомадысы артып, улуу максаттын кушу колуңузга конгондо, туулуп өскөн Алайыңызда эс алаар күн да келээр.

**Алымбек.** Ошондой учур болсо кана!

**Курманжан**. Эл атасы, журт башы болуп туруп, бир зайыптын маңайынан чыга албай турсаңыз, сиздин шердигинизге, кеменгердигинизге, эркектин заты-ңызга, эр деген бийик атыңызга, элим деген ыйык ниетиңизге шек кетээр.

**Алымбек**. Туулуп өскөн жердин кадыры өзгөчө го чиркин. Ордодо жүргөнүмдө да, ак карлуу Алайымдын аппак тоолору, аркырап соккон шамалы, туйлап аккан булактары, туландуу төрлөрү, арча-кайыңдуу аскалары көзүмө элестей берет.

**Курманжан**. Падышам, сиз туулган жериңиз, ошол өзүңүздүн элиңиз деп, баш байлап турасыз. Элиңиздин тагдыры кылыч мизинде турган чакта, санаага көп тартыла бербең, жолборсум! Кайрылып, кылчактабаңыз! Мындай чакта шарт жүрүп кеткениңиз оң. Артыңызда

Анжиан-Алай журту, калың элиңиз турат. Алты Алымбек арстан уулдарыңыз бар. Элдин эртеңки милдетин мой-нуңузга алган кадамыңыз, ак жолтой болсун! Ата-бабалардын арбактары кол-досун. Намысты бекем кармап, жеңиш менен келиңиз? Жеңишиңиз эли- жериңизге сизден белек болсун!

**Алымбек.** Асылым! Ооба. Эли-жеримден эмнени аянам?

**Курманжан.** Ат тизгинин тартпаң! Темиңиз!

**Алымбек.** Тилегибиз кабыл болсун! Сени менен тагдырымды кошкон жаратканга миң мертебе ыраазымын! Улуу жолго кадам таштатып, эрдикке шыктандырган сенин дилиң сенин демиң, асылым, кош!

Жалгыз артын дүбүртү. Бир аздан соң, ага миң деген туяктардын күтүрөгөн доошу кошулат.

Өрт чыгып, дүбүрт катуулайт. Чуру-чуу. Чабыш.

Жалгыз аттын шыңгыраган үнү.

**Курманжан.**

*Кызыл кымкап эндейди,*
*Кымбатым эми кийбейби?*
*Кыргыз менен кыпчактын,*
*Кыздары тууйбу сендейди?*
*Кара кымкап эндейди,*
*Асылым эми кийбейби?*
*Анжиан-Арка калкынын,*
*Аялы тууйбу сендейди?*
*Жашыл кымкап эндейди,*
*Жолборсум эми кийбейби?*
*Журт ичинде асыл баа,*
*Жубаны тууйбу сендейди?*

*Капылеттен жоо тийсе,*
*Караны болбой не болоор?*
*Калкан болоор датка жок,*
*Калктын кучү кем болоор?*
*Хандын колу каптаса,*
*Каршы туруп ким чыгаар?*
*Калкан болуп элине*
*Даткадай болуп, ким турар!*

**Үндөр**. Намысты алдырбайбыз! Кек алабыз! Ылгоол, ылгоол!

Чыккыла, эр азаматтар! Коконго барабыз!

Чык! Баргы, Бөрү, Жору, Мунгуш, Кара багыш! Сарт, Тооке, Сабай, Бакал, Ардай, Мөнөк, Коңурат, Мундуз. Чыккыла!

**Курманжан**. Кутман журт! Калайык калк! Силерге ыраазыбыз. Кол топтогонду койгула? Капылеттен өрт чыгып, эл кырылбасын! Кара ниет душмандарга, таба болбойлу? Калканыбыз датка өлсө, жыланач кылыч балдарыбыз бар.

Бир алышка кеменгер даткабыздын өлүмү элди ынтымакка бириктирсин! Кийинки күрөшкө мен да силерге кошуламын.

Аял-эркек дебей, ата бабалар намысын бек туталы!

## Экинчи бөлүм

Курманжан ойлуу.

**Бешкөкүл** *(жүгүнүп)*. Амансызбы, датка эне?

**Курманжан**. Кел кызым!

**Бешкөкүл**. Мен салтта жок, жорук менен алдыңызга келгениме, кечирим сурайм!

**Курманжан**. Кечирим сурагыдай, күнөөң бар беле? Ким болосуң?

**Бешкөкүл**. Уулуңуз... Абдылдабек менен... убадалашып...

**Курманжан**. Анын бүлөсү бардыгын билбедиңби?

**Бешкөкүл.** Билем. Туура түшүнүңүз! Опурталдуу чакта...

**Курманжан.** Абдылда сырын жашырчу эмес эле?

**Бешкөкүл**. Апама кел. Апам туура түшүнөт» деген.

**Курманжан**. Ал бир сүйлөйт. Ханзада атына, бекке кимдер кана кызыкпайт. Акыл таразасы абийир.

**Бешкөкүл**. Байлык менен бийлик, түбөлүк турбастыгын билем, апа! Бекзааданын бийлиги да, байлыгы да мени оюма келбеди. Мен да бир уруунун билерманы, бир журттун бийинин кызы болом.

**Курманжан**. Ага эмнеге кызыктың?

**Бешкөкүл**. Бектин, элди ойлогон эрдиги, ажалдан кайтпаган шердиги жакты. Айыбым, кыз болуп калганымда. Эгер уул болсом, элди коргоодо жан аябай кылаада менен ат жалында, тизгин кагыштырып, бирге болмокмун.

Элим деп, башын сайган баатырга өмүр бою кызмат кылсам да, аз деп ойлойм. Баатырдын эрдигин, эл деген кадырын сыйлап, тагдырымды ага коштум эле.

**Курманжан**. Бактылуу болом дедиңби?

**Бешкөкүл**. Бакыт эл менен экен. Элден бөлүнгөндүн бактысы болмок беле, апа? Эл үчүн күрөшкөндүн өзү бакыт эмеспи?

**Курманжан**. Жеңишиңе ишендиңби?

**Бешкөкүл**. Ишенбесем, ага сөз бербейт элем. Абал чатагына айланып, орустар аркасынан сая түштү деп угам.

**Курманжан**. Эмне деген ойдосун?

**Бешкөкүл**. Менин тагдырым баатырдын, сиздин колуңузда.

**Курманжан**. Абдылданы чакыртып, абалын билейин! Кандай кабар бар экен?

**Үн**. Кабар бар эне. Абдылдабек Жанырык капчыгайын тосор кылып, кайгуул чыгарып, орустардын колун тосуп жаткан. Саткындар орустарды башка жол менен алып келип, баатырдын колун үлгүртпөй басып калды. Алыска атар мылтык, замбирек менен куралданган орус аскерлери, Абдылдабектин колунун тымтыракайын чыгара талкалап, аман калгандарды туткундашты. Аз колу менен Абдылдабек сизге жолукканы келе жатат.

**Абдылдабек** *(кирип)*. Амансыңбы, апа!

**Курманжан**. Аманчылык. Өзүң кандайсың?

**Абдылдабек**. Иш болбой калды, апа! Арабыздан саткындар чыгып, биз турган буктурманы басып алышып, айлабызды кетирди. Орустардын мыкты куралдарына, биздин мергендердин кара мылтыктары тең келе албады. Өлгөндөн калган, аз кол менен аркага чегиндик.

**Курманжан**. Кой! дегенде болбодуң эле, балам! – «Атамын кегин кектеп, өчүн алам» деген, хан кайда? Ал түп орду менен жоголуп, ордуна орус чыкты. – «Оруска бийлетпейм. Жеримди тебелетпейм» деген күрөшүңдүн арты менен караламан калк бүлүнүп отурат.

**Абдылдабек**. Апа! Айтканыңыз, табалообу? Кайирдиндерге баш ийип, камчысын чапканым, дурус беле? Эмне деп айтып, отурасыз?

**Курманжан**. Оруска каршы курал көтөрбөгүлө! Алар түптүү журт деп, канча жолу эскерттим. Тилими албадыңар. Эми арганар куруп, атыңарды таппай отурасыңар.

**Абдылдабек.** Апа! Эмнеге «Элиңди коргоп, душманга каршы чык» деп, айтпайсыз. Тигилердин сөзүн сүйлөп. Деги алар элге, эмне кылып берет? Же сизге бийлигин береби?

**Курманжан**. Алда, балам ай! Карыганда кайда мага бийлик. Эл тынч болсо экен деген тилек.

**Абдылдабек**. Эл тынчтыгы күрөш менен. Андан көрө «Калк топтолуп, казна жыйгыла! Темир ийлетип, курал соктургула!» дебейсизби! «Орустун айтканына көнгүлө» дейсиз. Сизден ыйманыңыз кайда кетти?

**Курманжан**. Тэ-эйт! Көөдөнү сокур, көпкөн уул! Аламанды дүрбөтүп, «Оруска каршы чыгабыз», дейсиңер. Ээнбаштыгыңардан, канчалаган бейкүнөө азаматтар, кылыч мизине, мылтык бутасына айланып, ажал табышты?

**Абдылдабек.** Апа!

**Курманжан**. Апалабай угуп тур! Момун эл бүлүккө түшүп, аргасын таппай турат. Азыр да, кеч эмес. Эсин барда, этегиңди жап! Кандуу жолдон баш тарт! Кол куушур!

**Абдылдабек**. Душманга кол куушуруш өлүм менен барабар. Атамын ай тамгалуу асабасынын алдында, ант беремин, апа!

**Курманжан**. Антың менен куруп кал, көк долу! Эки баштуу бүркүт өпкөңдү үзө тебет.

**Абдылдабек**. Апа!

**Курманжан**. Ыраматылык хан атаң «Өзүнчө өлкө түзүп, орусту колго алам» дечү. Орус калкка, Кокон хандыгындай азар бере элек. Же, атаңды, орус өлтүрдү беле?

**Абдылдабек.** Ишенесизби ошого? Канчалаган убадаларды беришти. Бирисин да аткарышкан жок. Аны биз орустардын Ташкен, Кокондогу, ал тургай жаныбыздагы Ош, Кара-Суудагы элге кылган мамилелеринен байкадык, апа?

**Курманжан**. Ал силердин күнөөңөрдөн!

**Абдылдабек**. Апа, элдин үмүт-тилеги орундалбай, орто жолдо, арабөк калабы? – Дагы да бөтөндөргө кор болобузбу? Өмүр бою эл эңсеген азаттыкты күткөн элем. Ага жетпей, башкаларга мүңкүр болобу, кыргыз апа?

**Курманжан**. Башыңды ажалга сайып, «азаттык» дейсиң. Төшүңдү окко тосуп, «эркиндик» дейсиң! Ага ким жол берет? Ата-Журт кадырын башына көтөрүп, ар намыс дейсиң. Сени ээрчиген, жылаңач элдин эртеңи кантет?

**Абдылдабек**. Биздин максатыбыз айкын, апа. Көптүн тилегин кудай берет. Мени – Кайт! – дейсиз. Кайтсам, намысым кайда калат? Мени туу туткан, ээрчигендер кантет? Эртеңки урпактар менин күрөшүмө кандай баа берет, апа? Баскынчыларга каршы чыкканым, чыккан!

**Курманжан.** Жетишет! Тилимди албадың. Тиреген асманыңды таштасаң да, оруска алың жетпейт. Башкалардын убалына калбай, колуңду тарт!

Ар намысыңа мен ыраазымын! Ак сүтүмдү кечтим! Менде карызың жок.

**Абдылдабек**. Апа!

**Курманжан.** Мен оруска барам!

**Дүбүрт угулат**. Кишенеген аттын үнү.

Сырттан Абдылдабектин жигити кирет.

**Жигит**. Каныша эне!

**Курманжан**. Токто! Айтпагын!

*(жигит үн катпай, уулунун камчысын сунат)*

**Курманжан**. *Билгем, жигитим.*

*Гүлгүн кезде жайраган гүл,*
*Тумандаган максаты гүл.*
*«Элимди коргойм» деп, ээлигип,*
*Жеримди коргойм деп, жээлигип.*
*Бүрүн бүрдөбөй, гүлүң гүлдөбөй*
*Соолудуңбу, гүлгүнүм?*
*Көзүмдү жаштап ыйлабай,*
*Кошок айтып ырдабай.*
*Ичим ысып, чок болуп,*
*Жүрөгүм күйүп, өрт болуп.*
*Арманыңды айтамын,*
*Атанын жолун жолдогон.*
*Эл камын эңсеп, ойлогон,*
*Бүтүм кылып, ант берген.*
*Арманыңды айтамын,*
*Эгелеш болсун, элим деп.*

*Азатта болсун, жерим деп,*
*Анжиан-Арка арасы,*
*Ишенген жөлөк, белим деп,*
*Паргана-Алай аймагын,*
*Ардактап, күштап, өзүм деп,*
*Ээрчитип баштап, сан колду,*
*Элине күйгөн камкорум ай!*

Бала кезиңден эркин курчутуп, ата-бабасын билгиздим эле,
Бапестеп, мээримге бөлөп, Ата-Журтун сүйгүздүм эле.
Жомок айтып, жобурап, намысты бийик тут! – дегем.
Улуу сөздү улантып, Элиңди ыйык күт! – дегем.
Сезимиңди курчутуп, эрдикке эчен үндөгөм,
Алтын уя бешигин, Алайын сенин, кут дегем.

*Намысың кетти жалындай,*
*Арманың калды арылбай.*
*Алты дубан аламан,*
*Ар жерде калды, чогулбай.*
*Алтындай жанын, аманат,*
*Атылдың көккө сабалап.*
*Алдырып койдуң душманга,*
*Артыңдан күлдү табалап.*
*Абийирди таап ордодон,*
*Атанын жолун жолдогон.*
*Адилетсиз душманы.*
*Артыңдан түшүп, кордогон*
*Ата-Журт калды, эл калды*
*Айгайлаш, курбу тең калды*
*Арманын айтып түгөнгүс*
*Күйүтүн айтып апакен,*

*Сүйүшкөн жарың тул калды.*
**Бешкөкүл.** *Хан атамын тун уулу,*
*Тагын бир ээлер кулуну*
*Кайрылып калды канаты,*
*Айтамын өксөп, муңумду*
*Туу болуп, туулган журтуңа,*
*Туйгунум турса булкуна.*
*Кайдан да, чыкты кара өзгөй,*
*Тушоо салып бутуна.*
*Арстаным турса, чамынып,*
*Асканын оозу жабылып.*
*Арамдык кылган кара өзгөй*
*Арадан чыкты сатылып.*
*Бат атар арттан атылып,*
*Баатырлар ханы чачылып,*
*Бекзатым кеттиң армандуу*
*Душманга*
*Бет келе албай, качырып!*

**Бешкөкүл.** Ак жылдыздай жаркыган арзуум кана? Ата-баба кармаган салтты кечип, Абдылдага арзып келдим деген сүйүүм, акталбай калабы? Ата-энемдин эл караган жүзүн, жер каратып, арсар жолдо, арзыганыма жетпей калдымбы?

Тал-талдап өргөн чачымды жазып, тасырайган бетимди ачып, арманымды ыр кылып, күйүтүмдү күү кылып, «Арзыганым Абдылдам» деп, караламан элдин алдында, кантип айтам? Каралуу жоолук салынып, «кара жолтой» аталып, каралуулар арасында, кантип отурам?

Абдылда ак сүйүүңдү, элге арнаган эрдигиңди, эл намысынан кайтпаган шердигиңди ырга айлантам. Атын

Ала-Тоодо жаңырып, элге арнаган өмүрүн аңызга айлансын! Алайдын алп тоолорунун эң бийик, эзелтен мөңгүсү кетпеген муз каптаган чокуларына атыңды коем!

Элим деп эңсеген эрдигиң, жерим деп самаган шердигиң, ак кардай аруу, бийик, таза боюнча, кийинки муундардын ар биринин көкүрөгүндө жат болуп, айтылсын! Абдылдам кош, кыраанным! Сенин эрдигиң эл арасында унутулбайт!

**Абдылдабек.** Туулган жер. Акактай кирсиз, аппак Ала-Тоо, чалкайып жаткан кенен Ата-Журт. Туланы белден буралган, бетегелүү жайлоо. Туйлап аккан көк кашка булактар. Ойносо оюнга тойбогон жаштыгым. «Айт!» десе алгалап, жоого бирге аттанышкан куралдаш курбуларым. Аска-тоодой арка бел, акыл калчап, кеп чечкен, айылымдын ак дил карылары. Жүздөрү жылдыздай жайнаган калың журтум. Караңгыда көз болуп, капилетте арка болгон атамдын касиеттүү арбагы, күрөшсөм күч-кубатым, намысым, ишеничим, айдай туум апакем!

Жарадар жаш бүркүт болуп, көккө көтөрүлүп, аскаларды жаңырта шаңшый албай, ааламдын кендигинде душманымды бир чала албай, бөтөн жерде мен карыпмын.

Апаке! Кышында муздар тоңуп, ызгаар болсо,
Жазында күн күркүрөп, сел каптап, үйөр жүрсө,
Ызылдап, бороон улуп, добул түшсө.
Чагылган чарт айрылып, жалын чачса,
Таш кулап, жер солкулдап, көл чайпалса.
Ал менин душманымдан жанбай калган кегим болот.
Эстей жүр элим!

Теңсиздиктен тебеленбей душманга,
Алсыздыкка аёо кылбай бир жанын.
Туулган элден, алыс кетип бир балаң,
Ичи өрттөнүп, алоолонуп чок жалын.

**Курманжан.** Оо жараткан! Пендеге өмүр берип, энеге бала берип, турмуштун азап-тозогун тарттырып, неге сынайсың? Же күлкү менен шаттыктын, сүйүнүч менен кубанычтын кадырын билсин дейсиңби?

Баатырым өтүп, тул кадырын билдим. Гүлгүнүм өтүп, уул кадырын билдим. Кара башыл адамдын кайгысы канчалык экенин, айрыкча эл баштаган кыраандардын орду өзгөчө экенин билдим. Эл жетимсиреп, журт томсорсо жүрөгүм тилинип, кайгынын канын жуттум!

Ээ, кайран гана кайненем! Баласынын баскан-турганын баамдап, парасат салып, аярлачу тура. Мен келгенде, кандайдыр бир, жерип жүрдү. Атымда айтпай, «качак» деп, кылган ишимди көп көзөмөлдөдү. Көрсө, «Уулумдун кадырына жетээр, бүлө болсун» деген тура. Мен ага терикпедим. Жашоо кадырын, адам баркын баалоого үйрөткөн кайненеме, миң мертебе ыраазымын! Ал киши тирүү болсо кана? Менин көкүрөгүмдө кайнап турган сан-ойдун баарын туюп, кеңешин бермек. Мени телчиктирип, көзүмдү ачкан кайын энеме ыраазычылыгымды билдирсем, арманым болбос эле?

**Бешкөкүл.** Апа, кыз баланын бактысын табышы оор болобу?

**Курманжан.** Кыз бала балакатка эрте жетилет «Кызга кырк үйдөн тыюу» деп, эл, айылы тарбиялайт.

Барган жеринде, атасынан мурун «кай жерден экен?» деп, жери, айылы суралат. Жакшы чыкса эли-жери абийири. «Кыз адеби кымбат» деп абийир-намыска эл өзгөчө-маани берген. Жакшы кыз бир үй бүлөнүн эмес, жалпы журттун сыймыгы.

**Бешкөкүл**. Кыз бала төрөлгөндөн, үй-бүлө күтүп, картайганга чейин көптүн көзөмөлүндө, элдин оозунда болобу?

**Курманжан**. Бир эле кыз бала эмес, аялзаты бардык жайда, астейдил, парасаттуу аяр, сылык-сыпаа болуусу милдет. Жашоону, чөйрөнү аял заты кызытат. Үй тутуу, конушу менен мамиле түзүү, бала тарбиялоо, мейман күтүп, узатуу, жаман-жакшылыкка, барыш-келиштин алакасы аял-энеге тиешелүү. Андыктан аялзатынан, өзгөчө баамчылдык, акылмандуулук талап кылынат.

Аялзатынын дили таза, жүрөгү ак. Кайгы-кубанычты жүрөгү менен сезип, астейдил, аяр кабыл алат. Аялзатынын көзү жаштуу, көкүрөгү мундуу болуусунун себеби, ошол.

Эгем, аялзатына түгөнбөс бакыт берсин. Аял-эне балдары, жубайы, эли журту менен бактылуу. Адам тукумун улап, торолтуп, жашоону үйрөткөн, жакшылык менен жамандыкты, арам менен адалдыкты билдирип, сулуулук менен сүйүүгө үндөгөн касиетүү эне заты. Анын мээримине тең келээр эч нерсе жок. Эне дүйнөсү теңдешсиз, кенен. Тазалык менен тунуктук, актык менен аруулук, терендик менен кенендик, залкарлык менен чексиздик бир гана эне жүрөгүндө жашайт.

Эне тилеги тынчтык. Ырыстуу дүйнөдө ыргактуу бала терметип, бешик ырын созолонтсо, анын авазы бүт дүйнөнү мемиретип, жаратылыш, жан жаныбар, кең табият баары, кулагын төшөп сүйүп угат. Эне ырынын ыргактуу созолонгон добушуна балкып, көөшүйт. Чексиз аалам ошондо гана бакыт-таалайдын кадыры канчалык экенин сезет.

**Бешкөкүл.** Андай учур, болоор бекен? Же кур кыялбу, апа?

**Курманжан.** Кур кыял эмес. Жер үстүндө эркиндик, теңдик келгенде, качан гана чындык жеңип, актык даңазаланганда, бакыт кушу көкөлөп, эркин угат.

**Бешкөкүл**. Биз самаган, биз күткөн эркиндик, келээр бекен?

**Курманжан**. Эркиндиктин жолу татаал. Баркы бийик. Азаттыктын баасы кымбат.

**Бешкөкүл**. Адамзаты ага жетеби?

**Курманжан**. Жетет. Жетебиз деп, эчендеген эр азаматтар башын сайып, төшүн тосуп, келди. А бирок, адилетсиздик менен арамдык, ач көздүк менен жамандык, чындыкка жетем дегендердин белдерин оморуп, муундарын кесип, жол бербей келүүдө.

Кайран эл, кылымдар бою өжөрлөнүп, азаттыгын талашып келет. Баскан жолун карасаң бирде алоолонгон от, бирде жалын чачкан чок, бирде ташыган сел, бирде мемиреген көл, кээде какшып, чөл болуп, кээде бириндеп, кээде толуп, бирде добул болуп, кылымдар түпкүрүнөн, чаңдуу бороондой аты-затын сактап, кыргыз деген элдигин жоготпой, миңдеген жылдар арасынан суруулуп, куйруктуу жылдыздай жанып, жашап келүүдө.

**Бешкөкүл**. Апа! Эл жерин сүйгөн, эр азаматтар азайып баратабы?

**Курманжан**. Элим-жерим деген күрөштүн, баасы-баркы башка. Көпчүлүк учурда уруу-урууга бөлүнүп, бийлик-байлык, жер, жайыт талашкандардын оймүдөөсү башка. Алардын намысы жок. Акыл ою тайыз. Журт кадырына, баркына жетээрлик сезимдери мокок. Алар эч убакта элим дей алышпайт. Аларды эл, башчы да, кылбайт. Андайлар менен эл максатка жете албайт. Алар улуу ишке кедерги.

Эл ээси, туу башы болчу эр азаматтарды мезгил өзү издеп, өзү жаратат. Андайлар жүз жылда бир келээр.

**Бешкөкүл**. Жүз жылда бир жаралган пенде, сиз болуп жүрбөңүз апа?

**Курманжан**. Түү! Башкалар укпасын. Андай бийиктикке жетүү кайда? Болгону мен чагылгандай бир өтүп кеткен даанышмандын карапайым жубайымын.

Кайран гана хан-падышам! Сенин эл деп, жанган тилегиңден, жалтанбаган эрдигиңден канчалаган амалкөй, ичи бузуктар жалтайлап, баскан изиңди аңдып, жасаган ишиңди элге каршы койгулары келишти. Бирок, аларга сен моюн сунбай, таңкы жылдыздай жаркып, жанып келдиң.

Асыл баа, кеменгер даткам! Эл атасы болуп, журт камы дедиң. Эркиндик деп, эл баштадың. Сени көрө албаган душмандарын көп болду. Ыпластыкка каршы эрдик менен аттанганыңда, дили бузуктар ат үстүнөн алып тынышты.

Сенин ишиң ак, эл деген кызматын бийик, жолуң улуу. Атыңды кийинкилер унутпайт.

**Бешкөкүл**. Каныша эне! Көзүмдү ачтыңыз! Көрсө, жубайды күтө билүү, анын дилин терең туюу, көрүнгөн пенденин колунан келе бербес?

Армандуу дүнүйө ай! Бекзаада жанымда болсо кана? Мен анын ишенимине шек келтирбейм. Экөөбүздүн ортобуздагы махабатты таза сактап өтөм. Атын, оболото обон созуп, ырга салам.

Жүрөк сырын ачык айтып, элим деп, элине күйгөн Ырахмат сизге, касиеттүү эне!

**Курманжан**. Мени сөзгө алып, сырымды айттырган, сен да, жөн эмес экенсиң, кызым!

**Бешкөкүл**. Апа! Бухара эмири сиздин алдынызга келип, падыша наркы менен, алтын сайма тон жаап, датка парманын берсе, орустун жарым пашасы «ханыша» атап, келишим түзүшү жамы кыргыз эли, анын ичинен аял затынын эбегейсиз сыймыгы болду.

**Курманжан**. Сен сыймык деп сезгенин менен эмирдин алтын сайма тон жабышы мен аркылуу кыргыз элине токум жапкандай, ал эми орус жарым падышасы-нын чен берип, «ханыша» аташын элиме чалма салгандай түшүндүм.

**Бешкөкүл.** Кудаярды такка койгон эмир, тоо элинен жазганып алдыңызга келип, «датка» парманын ыйгарып, сиз аркылуу «Анжиан-Алай элинин көңүлүн алам» деди.

Орус жарым пашасы «ханыша» атап, чен бериши «Жамы кыргызды, Паргана аймагын тынчыт. Орус бийлиги орноду. Эми сиз аркылуу кыргыз журтуна, эч бир жакка кете алгыс, нокто илгеним» деди. Эми, эли-журтубуз тынчый бекен?

**Курманжан.** Тынчыганы курусун. Эл согуштан жадап бүттү. Убактылуу болсо да тынчтыкка келиштик. Эми тополоң басылар. Бул күндөр үчүн канчалаган азаматтардын өмүрлөрү шейит кетти. Канчалаган балдар жетим, аялдар жесир калышты.

**Бешкөкүл**. Өксүктөр арбын. Ошол өксүктөрдүн акыры бололу. Согуш болбосун!

**Курманжан**. Кана, ошондой болсо? Ый акыры, муң акыры биз болсок. Бизден кийинкилер, кайгы эмне экенин билбей жашасын.

Байкуш эне! Баланын күлкүсүн, жакшылыгын көрүп, өзүн бактылуу сезип, ырахатка батып, кең ааламдай жайылып, эне болуп жаралганына сыймыктанат. Балага өмүр, жашоо бергенине кубанып, «жакшылыктын баарын, баарын бөбөгүмө ыроолосом» дейт. Төбөсү көккө жетип, наристесинен мандайына жылдыз тагып, кучагына күн менен айды колтуктатып дүйнө сулуулугун, тазалыгын баласына арнаган эне тилеги башкача го, чиркин!

Эне максаты кандай улуу, кандай тунук! Эне тилеги кенен, кандай назик. Бул жашоодогу айкөлдүк менен чексиздикти эне менен салыштырууга болот. Ошол үчүн эне баарынан улук, баарынан бийик.

Баласынын капалыгын, кайгысын сезген эненин жүрөгү канап кайгыга батат. Кең аалам тарып, санаага кабылып, эзилет. Баласы үчүн тозоктун отуна түшүп, жамандыктын баарын мойнуна алгысы келет. Төбөсүнө түн түшүп, дүйнөнүн ырахаты, көркү капарына да келбейт. Татканда тамагы даамсыз, жашаган күндөрү кунарсыз. Эх эне, эне!

## Үчүнчү бөлүм

### Курманжан менен Камчыбек

**Курманжан**. Кана балам, ишти териштирип, күнөлүү ким экенин тактай алдынбы?

**Камчыбек**. Канчалык териштирсем да, күнөөлүү ким экени билинбеди, апа.

**Курманжан**. Орустарга, эмне деп жооп бересиң? Күнөөкөр табылбаса, алар ишти жаап коет деп ойлойсуңбу?

**Камчыбек**. Жок, апа! Күнөөлүүлөрдү тапмайын сайын, орустар элдин тынчын алып, жөн койбойт.

**Курманжан**. Эмне кылайын деген, ойдосуң?

**Камчыбек.** Орустар Зымканада жоголгон эки адамдын дарегин сурап, бир тарабы кытайга, экинчи тарабы оогонго чейин дилгирем беришиптир. Ал тургай чек арага жакын, көчүп жүргөндөр арасына издөө салып, дарегин билдиргендерге сыйлык беришерин айттырышыптыр.

**Курманжан**. Жергиликтүүлөрдүн шек санаганы ырас экен. Эми, кегине албаса эле болду. «Жылан чакпай, жылкы теппей» туруп, жөндөн жөн эле, жумуру баштуу «эки адамды тапкыла!» деп, бир айдан бери, элдин тынчын алып, тиричиликтеринен алагды кылып, тоомо тоо, кокту-колотту каратып, жылга жыбытты иттери менен шимшилетип, аккан суу менен аска-зоону түп көтөрө ыңтар-теңтер каратып жатат. Табылып калса элге тынчтык. Кокус табылбай калса барбы, элдин шорун куруткудай.

**Камчыбек**. Элде эмне күнөө, апа! Күнөөкөр табылып калаар?

**Курманжан**. Ошол күнөөкөр ким? Баары бир «тилди оозгоката албагандай» эле, бир күнү өзүнөн өзү жарыя болуп чыгат. Анда кеч болуп калат.

**Камчыбек.** Күмөндөгөнүңүз барбы, апа!

**Курманжан**. Бу орустар издөө салгандан тартып, Эркеайымыңдын күлкүсү азайып калды. Бир шек шыбасын, билеби дейм?

**Камчыбек.** Ал билсе, менден жашырбас эле.

**Курманжан**. Алдыртан, чекмелеп, байкачы?

**Камчыбек**. Бул ишке, Аселдин тиешеси жок болсо керек?

**Курманжан**. Ылайым эле жок болсун! Бирок, катышы болуп калса, орустар эч кимди аябастыгын, эсиңден чыгарба?

**Камчыбек.** Жок, апа. Ош гарнизонунун башчысы Павло Шыйковский менин жанажан досум эмеспи?

**Курманжан**. Аркы ак падышадан бүтүм келсе, досуң сага арачы боло албайт. Досуң доочу чыгат.

**Камчыбек.** Апа, шек шыбаасын билет окшойсуз? Ошого жараша иш туталы?

**Курманжан**. Эркеайымдан сура! Кылгылыкты кылып, кыл жип менен бууп жүрбөсүн!

**Камчыбек**. Макул. *(Курманжан чыгып, Асел айым кирет)* Эркем, орустардын издөө салып, тоо-ташты түрө кыдырганынын шегин билсен, ачык айт?

**Асел**. Мен кайдан билем, бекзада! Орустарыңыз бекер эле бизден шек санап, улам-улам суроо салып, жадатып бүттү.

**Камчыбек.** Алардын шектенүүсүнүн жөнү бар экен. Орус ээринин күйгөндөн калган «темирин табышыптыр» дешет.

**Асел.** Бек, бул жолдон кимдер гана өтпөгөн, орус ээринин темири табылса, биз күнөөлүү болмок белек?

**Камчыбек.** Шегин билсең, ачык айт! Кийинкиси оор болуп калат! Кокустан, биз тараптан болсо барбы... Алар эч кимди аяшпайт.

**Асел.** Эмне кылмак эле? Апам, жаамы кыргыздын ханышасы. А өзүң Ош шаарынын башчысы болсоң... Орус аскерлеринин башчылары сенин досторуң болсо...

**Камчыбек.** Ошол жагы болуп турат. Бизден шек билинсе барбы, алар бизге, экинчи ишенбей калышат. Күчтүн баары мага келет!

**Асел.** Бек, бул ишке менин катышым бар.

**Камчыбек.** Эркеайым?

**Асел.** Ооба, өткөндө көчүп келе жатсак, зымканада орустар көчтү токтотуп, уруксатсыз, сандык-бокчолорубузду чачышты.

**Камчыбек.** Эмне издешиптир?

**Асел.** Жүк арасында эмнеңер бар? Сандыгыңарды ачкыла! – дешип, талап кылышты. Мен – Көчтү токтотпогула! – дедим. Орустар жолду торошуп, улоолордун белдериндеги аркандарын кылычтары менен кыя чабышты. Жүк ар жерде жайылып-чачылып жатып калды. Бириси келип, – Сандыктын ачкычын бер! – деп, менин чачпагыма асылды. Аларга моюн бербей, каршылык көргөздүм. Бирөөсү келип, чачпагымды тартып туруп, чачымды кесип алса болобу?

Көзүм тумандап, чачымы кырктырганга ызааландым. Көчтү коштогон жигиттерге « – Кармагыла!» – деп буйрук бердим. Орустар мылтыктарын тарсылдата атышып, каршылык көргөзүштү. Биздин жигиттер көптүк кылышып, аларды кармап, камчынын көгүнө алып, куралдарын тартып алышты.

**Камчыбек**. Ии, анан?

**Асел.** Катуурак төпөштөп коюшканбы, бириси кан жөткүрүп, көмкөрөсүнөн кулады. Экинчисинин колун таңып коюшту эле, эптеп бошонуп алып, кылычын ала, биздин жигиттерди чапмакка, обдула чуркады. Биздин жигиттер шамдагайлык кылып, аны да, торойто чабышты. Менин чачым, анын колунда булайып көрүнгөндө, ачуум келип, өзүмдү токтото албай «Көздөрүн тазалагыла!» – деп, буйрук бердим.

**Камчыбек**. Жинди болдуңарбы? Денелери кайда?

**Асел**. Ээн талаада, эч ким көргөн жок. Шек шыбасы билинбесин деп, аттарынан бери мууздатып, бир күбүргө салдырып, арчаларды үйүп, өрттөтүп салдык.

Камчыбек Иш болбой калаган экен.

**Асел**. Бек, менин намыс-арым, кайда калат? Ханышанын келини, шаар башчысынын жубайы болсом, Шамал ачпаган жүзүмдү ачып, ардактап, бапестеген чачымды кескилегенине ардандым, намыстандым. Ачуу менен көздөрүн тазалаттым.

**Камчыбек**. Орустун эки адамынын канына забун болупсуң. Аларга эмне деп жооп беребиз?

**Асел.** Көп кыйноого алышса, мени алып бар. Жообун өзүм берем. Бизди, биздин кадырлаган каада-салтыбызды, адеп-абийирибизди алар кордогонго

кандай акылары бар? Эмнеге басынтышат? Өз эли-жеримде аларга басынгыдай, алардан айбыккандай, айыбым барбы бек?

**Камчыбек**. Жок. Намысыңды, ариетинди коргодуң. Бирок, ачуугa алдырбаганың-да күнөөлөрүн моюндарына алдырып, кечирим сураттырат элек

**Асел**. Кантип ачууланбай коем, бек. Алар мени, менин салтымды кордоп жатышпайбы?

**Камчыбек.** Эми кеч болуп калды. «Адам өлтүрдү» деген кине коюлбай койбойт.

**Асел**. Бек, мен эмне кылышым керек эле? Кылчайбай бастырып келип, алдыңызга чачы жок, тумтуюп келсем, эмне дейт элеңиз? Уккан эл, көргөн-билген туугандар мени жакшы демек беле? Чач кескен салт, элибизде бардыгын, укчу белеңиз, бек?

**Камчыбек**. Болор иш болуптур. Калганын көрө жатарбыз. Менин кийимдеримди даярда, жолго чыгам. *(Асел чыгып кетет.)*

**Курманжан.** Эрке айымын, эмне дейт, уулум?

**Камчыбек**. Күнөөнүн ана башы, биз экенбиз.

**Курманжан.** Кана, бул ишти кандайча бүтүрөбүз? Жолун кантип табабыз?

**Камчыбек**. Бир гана жолу бар, апа! Күнөөнү моюнга албаска, чара жок.

**Курманжан.** Ким алат?

**Камчыбек**. Мен алам, апа!

**Курманжан.** – Анда жаза, адилетсиз болуп калбайбы? «Кол менен жасалган күнөөнү, моюн менен тартыш керек!»

**Камчыбек.** Башка чара жок. «Бек күнөөлүү аялын, кармап бериптир» деген насак, урпактарга уланышын каалабайм, апа!

**Курманжан**. Кийинкилерге жүзү жарык болсун, дегениңби?

**Камчыбек.** Жамандык эл башына түшпөсүн, апа! «Кур доомат таш жарат» болуп, бул ишти жаап койгон учурда да, Алай эли жазаланбай калбайт. Баардык күнөөнү жалгыз мен, мойнума алышым керек.

**Курманжан**. Сен күнөөнү мойнуңа алдың дейли, мен-энең байкуш кантип чыдайт, каралдым?

**Камчыбек.** Апа! Элден улук эмне бар «Эл жүгүн моюнга алуу, эр жигиттин милдети» деп үйрөтпөдүңүз беле?

**Курманжан**. Каралдым, мен сени жамандыкка кантип кыям? Баарын көрүп-билип туруп, бул акыйкатсыздыкка кантип чыдайм?

**Камчыбек**. Мен үчүн санаа тартпаң, апа?

**Курманжан**. Кантип, санаа тартпайм, каралдым? Чымындай жаның чыркырап, чындык үчүн күйсөң мейли эле. Акыйкат үчүн алкынып, аламан элдин алдында, айбаттуу турсаң мейли эле. Адилет үчүн жан кыйып, адал ишке моюн сунсаң мейли эле. Адилет өкүм болду деп, актыкка моюн сунмакмын. Курулай жала жабылып, кур намыс үчүн кеткениңе, ак жерден жалаада калганыңа куураймын. Купшуңдаган эркеңдин күнөөсү деп, ак кеткениңе сумсаям.

Бир чети, бул ишиң да эрдик. Аял затын баалагандык. Ар намысты, ата салтын бийик туткандык. Калк каадасын кадырлап, кийинкилер алдында парыздан кутулгандык.

**Камчыбек**. Апа! Күнүм апа! Алдыңызда башымды ийип, миң жолу таазим кылам? Кымбатым, асыл баа апакем. Менин бул ишке барганыма капа болбо! Мен барбасам, ким барат? Мен элим үчүн керекке жарага- ныма сыймыктанам. Уулуңду сагынып, санаага батып саргайып, эстеген сайын эзилип, азиз жаныңды кайгы- га салып кайгырба, апа!

Тоо башынан эрте менен таң кылайып, күлмүңдөп күн шооласын ааламга чачса, анын нурларында мен бар- мын. Кечкисин күүгүм тартып, ай шооласын ааламга чачканда, ата-бабамдын алтын конушундагы ар булак- тын күүлөнгөн шылдырагы, миң сан гүлдүн бажырай- ып ачылып, салкын желдин эпкинине башын ыргаганы, туулган жердин ажайып кооздугун туйсаң, эл ичиндеги ар бир өткөрүлгөн тойлордогу кубанычтуу каткырыктар- да мени бар деп сезгин, апа!

Мен бул ишке, атам менен апамдын аты үчүн ба- рууга бел байладым. Эркеайымды күнөөлөбөңүз? Эли- бизде чачты ыйык көрүп, өзгөчө сыйлайт эмеспи. Жаратылыштагы сулуулукту, жумшак мээлүүн- мээримдүүлүктү чачка теңеп, чачка салыштырат. Чач жаштыктын, ажайып кооз көрктүн, белгиси дешет. Элим- дин көркүн, сулуулугун кыркып, «Жапайы» деп теңине албай, көпкөн ала көөдөндөргө туура жаза берилген.

Калкымдын каада-салтын тебелеп, кылымдар кыйы- рын баскан көчүн бузган, түркөйлөр-энчисин алышты деп ойлоймун. Элибиз өз жеринде кенен, кымырынып кы- сынбай, башкалардан жазганбай эркин болсун. Канчала- ган эр азаматтар эркиндик үчүн жан беришкен. Эркин- дик биз үчүн ыйык, апа!

**Курманжан**. Жароокерим, көкүрөк кучүгүм. Сен ушул бүтүмгө келип, ушундай чечтиңби? Адилеттүү чечим, өз милдетиңди туура өтөдүң, кулунум. Кылчактаба! Өлүмгө тике карап, дос-душмандарыңдын алдында өзүңдү, бийик карма! Сага, жараткан шейит өлүм буйруптур. Шейит өлүм ата-бабаңдан калган. Алар да элдин камын көрүп, эл үчүн жан беришкен. Баарынын өлүмү сыймыктуу. Эл силерди унутпайт. Эртеңки урпактар силердин эрдигиңерди кайталап, өмүрүңөргө шыктанат. Алар да силерчилеп, элге ак кызмат кылышып, элин сүйүшөт.

Кош көкүрөк кучүгүм! Энеңдин карызынан кутулдуң. Кечтим, сага берген ак сүтүмдөн, кечтим!

## Төртүнчү бөлүм

### Элестер

**Камчыбек.** Апаке! Мен өзүмдүн тунук махабатымды сактап калдым. Элимди, сизди, баарыңарды сүйгөнүмдү аныктадым. Баары бир күнөөкөр жазаланышы керек эле, туурабы? Эл тынч болсун дедим, апа. Менде күнөө болсо кечир, алтын апакем? Ата-бабам ажалга тике карап, жалтанган эмес. Бизди эрдикке элдин дөөлөтү, бийик руху тарбиялаган. Эл-жерим тынч болсо, менин жашаганым ошол. Ажарлуу аймакта эркин сайраган куштардын үнү болуп, үйгө келем. Гүл болуп көңүлүмдү ачып, жел болуп, жүзүңдү сергитип, дайыма келип турам. Мен деп санаа тартып саргайба. Апаке!

**Асел.** Апа! Дини мусулман эли-датка, орустар-ханыша деп, баары тааныйт. Даңкыңыз, даңазаңыз бийик туруп, бир балаңызды, көкүрөк күчүгүңүздү сактап калууга алсыздык кылдыңызбы?

**1-келин.** Эне! Өлгөндөрдүн өз шору. Тирүү калган балдарыңды итап кылдырбай, сактап калыш кантип эле колуңуздан кебеди? Биз кантебиз? Небере, чөбөрөлөрүңүз аталарын жоктошпойбу?

**2-келин.** Чийедей катын-бала, какшаган бойдон кала беребизби? Эркеги жок бүлөнүн тиричилиги кантип өтөт? Биздин көз жашыбызды, убалыбызды ким ойлойт?

**3-келин.** Шыбырга айдалып кеткен балдарыңдын келер келбесине ким кепил боло алат?

**1-киши.** Катындыгына бардың да, катындыгыңа! Орус балдарыңдан да, артык беле?

**2-киши**. Ургаачы жолборс карап туруп, балдарын душманга салып бербейт. Дилиң карарган экен. Бийлик балдарыңдан да кызык беле?

**3-киши**. Кайран датка! Сенин мындай экениңди билбей кетпедиби. Айтса арман көп.

**4-киши.** Ээ деп эле, койсоң, болмок. Жабыла чыгып, орустарды кумурска талаган жылаандай кылат элек. Аялдын иши аял да. Аялдык кылдың.

Курманжан кулагын басат. Белиндеги кемерин чечип, башындагы жоолугун алат.

**Курманжан**. Даткам, кулундарым. Мен куруюн! Баарына күнөөлүү мен. Кургак даңк, ордосу жок так, көзгө көрүнбөгөн таажы, алдамчы, колго жукпаган бийлик. Жүзү курусун. Айтылгандардын баары бул жашоого огожо боло албайт тура. Турмуштун агымы да ушуга алып келди. Мен аны канткенде өзгөртө алам? Мен аракетимдин болушунча, акылымдын жетишинче турмуш агымына аралашып келдим. Мындан башка өзгөртүүгө чамам да, чаркым да жетпеди.

Мен болгону аял-энемин. Эх! Кайран даткама теңелүү кайда! Көрсө, бактымдын баары даанышманым менен кеткен экен. Кайран киши, башкача жан эмес беле. Менин дилимдегинин баарын туюп, билип турчу.

Ал эл эртеңин түшүнгөн экен. Мага чоң ишеним артып, эл милдетин, журт тагдырын тапшырган экен. Ал ишеничти актай алдымбы, даткам? Жок. Өзүң жок алсызмын. Муунум бошоп, шалдырап турам.

Элиң үчүң жалтанбаган кылыч элең. Жамандыкка көкүрөк тоскон калкан элең. Мен сендей боло албадым.

Чабалдык кылдымбы, же аялдык кылдымбы? Өзүңдөй бет бага, тике тура албадым. Өзүң болгондо, башкача болмок беле, кеменгерим!

**Алымбек**. Жок. Асылзаадам. Сен туура иш кылдың. Болгондо да аял-энелик айкөл жүрөгүң, акылмандыгың, эл эртеңин көрө билген көсөмдүгүң менен элиңди бир нече жолу аман сактап калдың. Мунуң ченемсиз эрдик. Эбегейсиз баатырдык. Мындай иштер көрүнгөндүн эле колунан келе бербейт.

Уулдарың, сенин ак дилиңден сызылып чыккан ак сүтүңдү татып, эр жетишкен. Намысчыл, ариетке баш коюшуп, ажалга тике туруп, айбыкпай акка моюн сунушту. Алар өлгөн жок. Кийинки жашоо кумарын, өтөлгөлүү өмүрүн эли-жерине арнашып, баарыңарды сактап калышты. Эл ичинде, жер үстүндө бейпилдик, тынчтык болсо, ата-бабалар биз самаган, баш коюп күрөшкөн эгемен эркиндик келет. Миңдеген Абдылдабек, Камчыбектер туулуп, адилеттикти туу тутуп, элге ак кызмат кылышат.

Зирегим, кайгыга чөгүп, капалыкка алдырба! Эртеңки күндүн жылдыздары тынчтыкты орнотуп, элдин келечеги деп жашайт.

**Курманжан Датка.** Абдылдам, көкүрөк күчүгүм, Камчыбегим! Мен силерге ыраазымын. Силердин өмүрүңөр ак. Арбагыңарды, рухуңарды ар дайым эстей жүрөм. Менин жашоомдогу ар бир күнүмдө силердин кубатыңар бар.

Кагылайын калкым! Силер аман болсоңор, бар болсоңор, мен да бармын! Менин жанаар тоом, жөлөнөр аскам, байлыгым да бактым да силерсиңер!

Ыңаалаган наристенин үнү угулат.

Мына, өлгөндөрдү, тирүүлөр толуктайт. Бул элдин үнү. Алтын казык-аман!

Куттуу журт! Ынтымакка биригип, жакшыны асырагыла! Адилдик менен акылды кастарлагыла! Биримдик менен бийик болгула!

*Көшөгө*

# АРИЕТ

*(Ариет арманы)*
*(Эки бөлүмдүү тарыхый драма)*

КАТЫШКАНДАР.
Курманжан датка
Абдылдабек – анын уулу
Бешкөкүл – Абдылдабектин сүйгөнү
Баатырбек – Абдылдабектин иниси
М.Д.Скобелев – генерал-губернатор
Ионов – аскер жетекчиси
Кудаяр –хан
Бийлер, жигит, эшик ага ж. б. эл өкүлдөрү катышат.

Окуя Кокон хандыгына жана орус падышалык бийлигине каршы 1875-76-жылдардагы көтөрүлүшчүлөрдүн мезгилинде Фергана-Алай өрөөндөрүндө өтөт.

Жайлоо.

Ак карлуу тоолордун этеги. Кыз оюндагы жаштардын ырлары, жагымдуу күлкүлөрү.

Ээрчише баскан Абдылдабек менен Бешкөкүл көрүнөт.

**Абдылдабек.** Атайлап келгенимдин жөнү да, шылтоосу да сенсиң, Көкүл!

**Бешкөкүл.** Бекзаада, ай чырайлуу аялыңыз туруп...

**Абдылдабек**. Ооба, аны танбайм.
*Бешенеси жайнаган,*
*Булбулдай сайраган.*
*Бешкөкүл кыз жолугуп.*
*Бекзааданын жүрөгүн байлаган.*

**Бешкөкүл**. Ордонун билерманы, бекзаада болсоңуз. Алыстагы мени, кантип жактырып калдыңыз?

**Абдылдабек.**
*Кокон, Кожент, Хивада,*
*Бухар, Кабул, Оогондо.*
*Сендей чүрөк болгондо,*
*Алыстан кабар айттырбай.*
*Атайлап жуучу чаптырбай,*
*Шаан-шөкөт кылбай, бармакмын.*
*Каадасыз эле алмакмын.*
**Бешкөкүл**. Кыз көңүлүнө карабай элеби?
**Абдылдабек**. Ооба. Тамаша. Көкүл
*Ажикенин чүрөгү,*
*Багынтып жанды,*
*Өзүнө тартып алды.*

**Бешкөкүл**. Бекзаада, уккандар эмне дейт? Атам сиздин ата-энеңиздей датка болбосо да, Өзгөн, Кара-Кулжадагы менмин деген байлардын бири.

**Абдылдабек**. Мага байдын, бийдин кереги не? Акылы зирек, ырчы-булбул кыз керек! Аксы-Алайга таанымал, «кара жаак» Калмырза ырчыны жеңген, Бешкөкүлдү көрүүнү көксөдүм. Жоолугууну эңсеп, ага болгон кумарым артып...

**Бешкөкүл**. И-и, анан?

**Абдылдабек.** Көкүлдүн көңүлүн таап, жүрөк отун тутантууда, өзүмдү алсыздай сезем.

**Бешкөкүл**. Коюңуз, сөзүңүзгө ким ишенет?

**Абдылдабек**. Сендей ырчы болгонумда, жүрөк күүсүн ырга салмакмын. Аттиң, ырга жокмун.

**Бешкөкүл**. Беттегенден кайтпаган, шердигиңиз бар. Түмөн кол курап, ханга каршы аттанды деп угам?

**Абдылдабек.** Ооба, хандын камчысын чапкычакты, калктын кайгысын тартканым артык.

**Бешкөкүл**. Көңүлүңүздү санаага  салып койдум окшойт?

**Абдылдабек**. Ырдап берчи?

**Бешкөкүл** *(ырдайт)*.

*Ай тийген тескей гүл колот,*

*Алтынды соккон уз болот.*

*Арзытып селки жүрөгүн,*

*Акылман жигит дос болот.*

**Абдылдабек**. Жан эргиткен абазыңдан, Көкүл! Сен жанымда турганыңда аска-зоону жаңырта шаңшыган шумкардай, көккө канат кергим келет.

Эх, туулган жер! Чайыттай асманды тиреген ак чокулуу алп тоолор, жылга сайын шаркырап аккан тунук булактар, карагай-черлүү жайлоонун келбети өзүнө суктандырып, көрүнүшү кандай көрктүү.

*Көкөлөп учкан күүсүн айт,*

*Көк кашка мөлтүр суусун айт.*

*Коонунчө сайрап ойногон,*

*Миң түркүн куштун чуусун айт.*

**Бешкөкүл.**
*Күн тийген күңгөй гүл колот,*
*Күмүштү соккон уз болот.*
*Күйдүрүп селки көңүлүн,*
*Күйөрман жигит дос болот.*

*Жаштыкка жаштык жанашса,*
*Жароокер отун жакпайбы.*
*Жаш селки менен жигиттин,*
*Жалындап мооку канбайбы.*

**Абдылдабек**. Көңүлүмдү эргиттиң, Көкүл. Жеңиш менен кайрылып келгенимде, ийгилигимди ырга салаарсың.

**Бешкөкүл**. Ырды сизден аямак белем. Күрөшүңүз жеңиштүү болсун!

**Абдылдабек**. Ырахмат, Көкүл. Сенин калыңыңа сураган арча торуму, атаңдан аябайм.

**Бешкөкүл**. Эл ичи тынч болгондо жөндүү болмок. Казатка баратканда ат алмашбаңыз. Ийгилик менен келиңиз?

**Абдылдабек**. Айтканың келсин, Көкүл. Жеңишти колго алганымда, тээ белден, желек ыргап, белги берем.

**Жиги** *(кирип)*. Бек, байбиче энем «Тез келсин!» – деп, чакырып жатат.

**Абдылдабек**. Барайын, Көкүл!

**Бешкөкүл**. Жолуңуз шыдыр болсун, бек!

Өргө.

**Курманжан** *(чечкиндүү келип)*. Жигиттер!

**Жигит**. Байбиче эне.

**Курманжан.** Жолго чыгабыз. Атты чеккиле!

**Абдылдабек** *(кирип)*. Апа, шашылыш чакыртыпсыз?

**Курманжан**. Ооба. Камын! Жолго чыгабыз.

**Абдылдабек.** Кайда барабыз?

**Курманжан**. Хан чакырыптыр.

**Абдылдабек.** Эмнеге чакырат?

**Курманжан.** Аны, бара көрө, билебиз.

**Абдылдабек**. Апа, жүзү каранын алдына барбайлы. Атамдын өчүн алууга тоолуктардан кол курап жатам.

**Курманжан**. «Барбайм» – деген оюңдан кайт. Барып, бетме-бет сүйлөшөлү. Атаңын артында тоо толо эли, изин басар эр азамат уулдары бар экенин билип, сезсин!

**Абдылдабек**. Ордону чабалы деп, кепчүлүк кылыч кармап, шерт бердик эле.

**Курманжан**. Өч алууга шашпа, уулум! Сабыр кыл! Элинин тагдырын, ойло! Ханга коркконубуздан бараткан жокпуз. Бет келишели оюн, дилин билели.

**Абдылдабек**. Анын жүзүн көргүм жок. Каарынан коркпойм. Аны хан деп санабайм. Элди ага көз каранды кылгым келбейт.

**Курманжан**. Ордодон бөлүнүүгө шарт келе элек. Атаң да аны көргүсү келбей жүрүп шейит кетти. Паргана кыргыздарын хан биз аркылуу башкаруусу тийиш. «Жок!» – дей турган болсо, сен айткандай туу көтөрүп, Паргана дагы кыргыз-кыпчак баш болуп кол топтоп, «Хан же биз» дейбиз! Азыр мени менен барууга камын!

**Ордо.**

Ханжан-жөкөрлөрү, бийлери менен жыйын өткөрүүдө.

**Эшик ага** *(кирип)*. Азирети таксыр! Датканын жубайы Курманжан айым, уулу Абдылдабек бекзаада келишти.

**Кудаярхан**. Айым менен бекзааданы урмат менен тосуп алгыла!

Керней-сурнай ойнолот. Сырттан уулу Абдылдабекти ээрчиткен Курманжан кирет.

**Курманжан**. Амансыздарбы жакшылар?

**Хан**. Ырахмат, Асылзаада датка агабыздын айымы, бекзаада келиңиздер?

Хандын белги берүүсү менен Куран окулуп, жалпы бата кылышат.

**Хан**. Наалаты бейбаштардын кесепетинен, акылгөй, ары көсөм адамыбыздан айрылдык. Ордо орду толгус жоготууга учурап, хандыгыбыздын карааны болгон даткабыздын жогу жоктолуп, томсоруп, калдык.

**1-бий**. Казабы бейбаштар жазаланганы менен даткабызга болгон биздин арманыбыз арылбай өксүдүк.

**2-бий**. Төгөрөгү топ келген даткабыздай адам, дини-мусулмандар арасында чанда жараларын паанадабыздан ажырагандан соң моюнга алууга аргасызбыз.

**Хан.** Атайлап барып, сиздерге көнүл айтууга шарт болбой, кооптуу абал курчуп, айлабыз кетип турганын жашыра албайбыз.

**1-бий**. Аза арыбайт деген. Канчалык кайгырсак да, ордодо карааны тоодой болгон даткабыздай адамды таба албастыгыбыз айгине.

**Хан**. Айым, бекзаада! Датка агабыздын өлүмү жалпы давлетибиздин кабыргасын кайыштырып, кайгыртып койду. Мусулманчылыкта ичке кек сактабайт деген.

Мындай акылгөй, чыгаан ишмер адам бүтүн дини-мусулман өлкөлөрүндө чанда жараларын көзү өткөн билип отурабыз. Барыбызды анын арбагы колдосун. Датканын ордун басар өзүңөр барсыңар.

Курманжан. Хан тактысына куттук айтууга келдик, тапшырма болсо баш тартпайбыз.

**Хан.** Англичандар, кытайлар күн чыгыштан, батыштан орустар каптап, алапайыбызды таппай калдык. Кайырдиндер мусулман жерин тепсеп, коркунуч түштү. Бирикпесек абал чатак. Паргана-Алай элин башкарууну, өзүңүздөр колго алыңыздар?

**Курманжан**. Кытай тараптагы чек ара бышык. Тоолук кыргыз атчандары эч кимди өткөрбөйт.

**Хан.** Уулуңуз Абдылдабек байбатча, бой тарткан экен. Мырзаны ордого калтырыңыз, айым?

**Курманжан**. Жок. Ал коркунучка каршы аскер курасын.

**Хан**. Сиз айткандай болсун. Айым менен мырзанын урматына шаан-шөкөт башталып, сыяпат көрсөтүлсүн!

Жайлоо.

Курманжан *(ойлуу)*

**Жигит** *(кирип)*. Датка эне!

**Курманжан.** Жаңылык барбы?

**Жигит**. Абдылдабек келди... *(Абдылдабек Баатырбекти ээрчите кирет)*

**Курманжан.** Эмне болду? Кабагың суз го, балам?

**Абдылдабек** *(ызалуу)*. Ордо адамдары козголоңчуларды шылтоолошуп, кары-картаң, катын. балдарды кырышады. Айласы кеткен калк орустардан калка издешсе, орус аскерлери туш келгенин кырып, эки ортодо жанчылып, калк кансырады.

**Баатырбек**. Жандары ачынган козголоңчулар, мындай кыргынга чыдай алышпады.

Хандын сарбаздарынын шаштысын алып, артка сүргөндө, Абдырахман автобачы менен Иса олуялардын колдору бизге кошулушту.

**Абдылдабек**. Болот хан колго түшкөн орус туткундарына ырайым кылып бошотуп, куралдан жардам сурап 14 кишини Түркстан губернаторуна жиберсек, курал бермек тургай, аларды кыйнап, өлтүрүп салышты.

Орустардын бул кылыгына козголоңчулар наараза болдук. Эми, ханга эле эмес, падыша аскерлерине да каршы, кармаш башталды.

**Курманжан**. Заман ай! Заман. Кылымдап көзү ачылбай, өз журтунда өздөрү корунуп, бөтөндөрдөн куугунтук жеп, аргасы куруп, алапайын таппаган караламан момундарым кимдер жоо. Ал кайдан келип, кайсы бөйрөккө бычак уруп кетерин билбей баштары маң. Азаттык кан тегүүсүз болбойт.

Кезинде «Ыйык журтту коргойм, азаттык!» деп далай эрлердин көкүрөгүнө найза кагылып, далай баштар ийнинен ыргыган. Эл талабын талашкан баатырлардын жаны шейит. Карапайым калкты бериктирип, кимге каршы аттанаарын туюнтуп, кол баштоо азаматтардын милдети. Максатыңар аламан журтка айкын болсун, балдарым!

**Абдылдабек**. Козголоңчулар катуу кармаштык. Колго түшкөндөрдү жан аябай салгылашып жатып бошотуп, Насырдин бектин колун талкаладык. Орус генералдарынын колдору менен аянбай салгылашып, Коконду, Ташкенди кайрадан тартып алдык.

**Баатырбек.** Абдырахман автобачы, Иса олуя баш болгон саткындар эми кайрадан орустарга кошулуп кетишип, күчүбүз алсырады.

**Абдылдабек.** Орустарга улам жардамдар келип, козголоңчуларды эч бир аяшкан жок. Алар Анжианды, Ошту, Өзгөн менен Кара-Сууну ээлеп, элди мыкаачылык менен жазалашып, козголоңчулардын башчыларын кармап берүүлөрүн талап кылып, кыйнап жатышат. Искөбүл Ошту аскерлерине талатып, зордук менен элдин азык-оокаттарын тартып алды.

**Курманжан.** Хандын кордугунан да, орус аскерлеринин зордугу ашкан тура?

**Абдылдабек.** Орус аскерлеринин мыкаачылыгына чыдабай Ак-Жар менен Ашоб кыштагындагы аялдар, аш бычактарын көтөрүп коргонушту. Ооба, орустардын кордугу аябай эле ашынып кетти.

**Курманжан.** Орустарга катылып, ажыдаардын куйругун бастыңар. Ажыдаар силерди аябайт! Эми сел жүрүп, кыян каптайт.

**Абдылдабек.** Сел, кыян жүрсө тособуз, апа! Ата-бабаларыбыз илгертен «Жоолашпай жүргөн жоо барбы?» дешчү экен. «Эл башына түшкөн күн, эр башына түшкөн түн».

**Курманжан.** Жоолашкан жооңор катуу.

**Абдылдабек.** Жоо миң катуу болсо да, элибиздин тагдыры бизге кымбат. Басылып, багынып бербейбиз.

**Курманжан.** Кайран эл, душманды достой көрүп, өзү ачка калса да, бар тапканын мейманга деп, кол көтөрсө жалтаңдап, муштап кетсе буйурганы деп, оокатын тартып алса тагдырдан деп, момураган байкуштар. Кылымдап көзү ачылбай, кор болуп өтүп кетеби?

Баш бириктирип, намыс талашчу мезгил кайда? Найза учун канга чылап, ат туягын ташка кайраган азаматтардын намысчыл, жоокерчилик заманы өтүп кеттиби? Коогалаң, үстүнө коогалан. Кандай заман, кандай мезгилге туш келдик? Бөрүчө тытмалаган, итче кабышкан чакпы? Эл кырылып, жер тозобу? Эрегиштин арты жаман. Эриш бузулат. Зилзала болуп, эл тозот. О, Кудай, сакта! Жакшылыкка жар боло көр!

**Абдылдабек**. Эми кармашуу, бир гана кармашуу калды, апа! Бирок, сатылган чыккынчылар көбөйүп кетти. Чегинүүгө аргасыз болдук, Апа! Кеңеш бериңиз!

**Курманжан**. Кагылыштан, бечаралардын бейкүнөө каны акты. Орустарга өчүккөнүңөрдү койгула! Өчөгүштөн өрт чыгат, өрүш бузулат.

**Абдылдабек**. Өчөшкөндүк эмес апа! Эл эркин болбосо, биздин эл аралап жүргөндүгүбүз кайсы?

**Курманжан**. Оюң жакшы, балам! Бирок, дин исламга зыян кылдыңар!

**Абдылдабек**. Кандайча, апа?

**Курманжан**. Эл тагдыры башка, уулум. Бул жерде орус менен исламдын ортосунда уруш болуп, абал чатагына айланып кетпедиби? Орусту кетирсеңер эле, элге жакшылык келип калабы? Сен каршы аттанган хан кайда?

**Абдылдабек.** Хандан да, каапырлар келип, Паргана – Алайга түн түшүрүп жатпайбы? Эли-жерибизди ордого, орустарга кор кылбайлы деген аракет, апа!

**Курманжан**. Ойрону чыккан ордону оозго албай койсоң да болот. Орус дегениң түптүү журт. Жеңерге күчүңөр кайда? Андан көрө аларга жан тартып, жакшылыгын үйрөнгүлө!

**Абдылдабек**. Калкымды сатып чен тонго, калкыма казап боломбу? Бөтөндүн камчысын чапсам, элдин кайгысы кантет? Ата-бабамдын турагын коргой албасам, намысым кайда калат?

Чачылган колдорду бириктирип, душманды тосом. Өлсөм да, Алайга киргизбейм.

**Курманжан**. Козголоңчулар тоодон түшкен селдей элеңер, эми кумга сиңген суудай азайып баратасыңар. Алды-арканңарды карап, акылга таразалагыла! Эр өлтүргөн эрдик эмес, жер өрттөгөн жеңиш эмес. Кекчилдик кеменгердик эмес. Элдешкениңер дурус, балдарым!

**Баатырбек**. Тамчы бир тамса кумга, көп тамса көлгө куят. Эми, кайтууга кеч болуп калды, апа! Болгон колду курал менен камсыз-дашыбыз керек.

**Курманжан.** Эл коргойм деген курал камдап, каскак копшоп, калкан алат. Курал алганга казнаңар барбы?

**Абдылдабек**. Казына казына эмес, эл казына. Эл каржысын сарптап, уста жыйдырып, темир ийлетип, дөөшү таптатам.

**Курманжан**. Жылаңач калк эки ортодо набыт болуп, кырылып жатат. Элди аягыла кагылайындарым? Орустар менен доолашканыңарды, жоолашканыңарды койгула!

**Абдылдабек**. Биз актыкка. ыйык ишке аттанганбыз. Эми кайтпайбыз, апа!

**Курманжан**. Шартыңар аргасыз болуп турат. Акылга салып, ойлонгула, жоолашбагыла! Балдарым!

**Абдылдабек**. Жоолашпасам, кактап алат канымды, Айдап кетет малымды, кишенге бутум түшкөн соң, кимге айтамын зарымды?

**Курманжан**. Кол кайырбай багынган, жоокерлерге тийбегин деген.

**Батырбек**. Жөнү жок багынуу эр жигитке өлүм менен барабар.

**Абдылдабек**. Кайридиндегилерге ишенбейм. Аларды Алайга келгис кылмайынча, кылычымды кынга салбайм, апа!

**Курманжан**. Жаңылышасың, балам! Орус менен ойношпо. Алар түптүү журт. Чоң мамлекет. Шермендең чыга электе, каршылашканды токтот. Максатыңа жетпей калып жүрбө!

**Абдылдабек**. Апа! *(камчысын жерге чаап чыгып кетет)*.

**Бөлмө**

Фергана өрөөнүнүн картасы илинген. Согуштук маселе талкуланууда.

**Скобелев**. Мырзалар! Биз хандыктын 170 жыл бай тактысы болгон Коконду борбор катары таанууну саясий мааниде туура эмес деп таптык.

**Ионов**. Михаил Димитрович! Сизди Кокон ордосунун биротоло ойрондолушу менен куттуктаймын.

**Скобелев**. Ырахмат. Мырзалар, сиздерден абалды тез арада өзгөртүүгө киришүүңүздөрдү талап кыламын! Бүгүндөн баштап, бекем тартипти орнотуу зарыл!

**Ионов. Талабыңыз аткарылат, улуу урматтуум.** Аймактагы абал боюнча, азыркы күндө бизге каршы, бир гана Ошто Алымбек датканын уулу Абдылдабектин колу каршылык көрсөтүүдө.

**Скобелев.** Сиздерге дагы бир жолу, Абдылдабектин ким экендигин билип алууңуздарды эскертемин. Ал он жыл бою Ош-Анжияндын акими, андан соң Кокондун беги болуп, жергиликтүү эл эмес, бүтүндөй Кокон хандыгында чоң абройдун ээси экендигин, эсиңиздерден чыгарбаңыздар!

**Ионов.** Абдан туура. Абдылдабек Кокондогу хандыктарды баш кийим алмашкандай алмаштырган Алымбек датканын уулу. Ал Кокон бийлигине, айрыкча Кудаяр ханды жок кылууга күрөшкөн Болот хандын дэңгээлиндеги көтөрүлүшчүлөрдүн жетекчиси.

**Скобелев.** Аны жергиликтүүлөр бардык жерде колдошот.

**Ионов.** Абдылдабекке ишенишкен, кыргыз уруу башчылары, биздин бир нече жолку кат жүзүндө чакы-руубузга карабай, багынгандыктарын билдиришпелек.

**Скобелев.** Орус куралдарынын каары канчалык экендигин, Тоолуктар жакшы билишпесе керек?

**Ионов.** Алайлыктар орус куралдарынын күчүн көргөндө, баш уруп, чуркап келишери бышык. Ошондуктан алайлык көтөрүлүшчүлөргө каршы 10 замбиректен турган отряд менен эки миңден ашык жоокер жиберүүнү чечтик.

**Скобелев.** Жок. Алдын көтөрүлүшчүлөргө каршы, жергиликтүүлөрдөн түзүлгөн Шабдан Жантай уулу баш болгон топторду жөнөтөлү.

**Ионов.** Өткөндө оштук, маргаландык кыргыздар баш болгон үч отряд жиберген элек. Бирөө гана жан-жигиттери менен араң качып, кутулуп келди.

**Скобелев**. Мейли, жергиликтүүлөр алардын курмандыгына айлана беришсин.

**Ионов.** Абдылдабек өзүнүн колу менен Гүлчө капчыгайына чеп куруп жатат.

**Скобелев.** Аларда кандай куралдардын бардыгы такталдыбы?

**Ионов.** Такталды, улуу урматтуум! Эч кандай замбирек, алыска атар мылтык жок. Түтөтмө кыргыз мылтыгы, азын оолак кылыч, найза, чокмор, союл менен куралданышкан.

**Скобелев**. Мырзалар! Абдылдабек менен сүйлөшүүнү колго алсак, кандай болор эле?

**Ионов**. Абдылдабек колго түшкөн орус адамдарын бир нече жолу бошотуп, ишенимдүү адамдарын жиберип, биз менен мамиле түзүүнү көздөгөн болчу.

**Скобелев.** Маалымат боюнча кезинде, анын атасы Алымбек датка да, орус бийлигине байланышуу менен Кокон ордосунан бөлүнүүнү жашырган эмес.

**Ионов**. Абдылдабектин козголоңчуларды баштап чыгуусунун негизги себеби, атасы үчүн хандан өч алуу. Аны улуу урматтуу, мырза генерал-губернатор Фон Кауфманга жазган катында жашырбаптыр.

**Скобелев**. Генерал-губернатор кат менен иштөөнү бизге тапшырды. Өтө кылдат мамиле жасоону сиздерге сунуш кылаар элем, *(папкасынан катты алып)* Кат менен дагы бир жолу таанышып көрөлү. Окуңузчу!

**Ионов** *(окуйт)*. «Улуу урматтуу паша, Түркстан генерал-губернатору Фон Кауфманга!

Биз адилетсиздикке *(Кудаяр менен анын жан-жөкөрлөрүнө)* чыдай албай, зекетчилерди карактадык.

Хан бизге аскерлерин жиберди. Биз жайлоолорубузду калтырып, тоону көздөй качтык. Бирок, хандын аскер башчылары 240 кишибизди туткунга түшүрүп, аларды Асаке шаарына алып барышып, хандын жардыгы боюнча, казыкка отургузушту. Ошондон соң, өзүбүздү хан душманы деп жарыяладык.

Сиздер бизге адам жибердиңиздер. Ошентип, сиздер менен тамыр болуп калдык. Эми сиздерге тамыр катары кайрылабыз. Сиз чоң начальниксиз. Бизге кеңеш айтып, буйрук бере аласыз, Эмне айтсаңыз аткарабыз. Эгер урушууну буйрусаңыз урушабыз. Анткени чыдамыбыз кетип бүттү». Сизди урматтап Абдылдабек!

**Скобелев.** Биз анын талаптарынын бирин да, аткарган жокпуз. Себеби, ордо адамдары, «газават» деген ураан чакырышып, дин өкүлдөрүн тукуруу менен биздин максаттардын аткары-лышына каршы, жалпы элди көтөрүлүүгө үндөп жатышат. Абдылдабек көтөрүлүшчүлөрдү баштап, мусулмандык парзы менен бизге каршы чыгып алгандыгын, өзү да билбей калды.

**Ионов.** Урматуу Михаил Димитрович! Анын башын айландырган айланасындагы дин өкүлдөрү.

**Скобелев.** Канткен менен ал, бизге душман.

**Ионов.** Мүмкүн ал, апасы менен кеңешип, биз менен ынтымакташууга макул болоор?

**Скобелев.** Биз ага кат менен кайрылып көрөлү. Мына муну окуп көрүңүзчү!

**Ионов** *(окуйт)*. «Абдылдабек датка. Сизди Абдыкеримбекти ээрчитип алып, өз ыктыярыңыз менен бизге келүүңүздү сунуш кыламын! Сиз жеңилбес орус армиясын тоолор да, суулар да, душмандар да токтото

албастыгына ишениңиз! Ошондой эле сиз, качандыр бир кезде биз тарапка колго түшмөйүнчө качкын боло беришиңиз айкын.

Эгер сиз, бизге багынсаңыз, анда жарым падышанын улуу боорукерлигине жана ырайымдуулугуна бөлөнөсүз».

**Генерал**. Михаил Димитрович Скобелев 1876-жыл, 26-июль.

**Скобелев.** Катты чабаган аркылуу, өз колуна тийгизиңиз!

**Ионов**. Михаил Димитрович! Мага уруксат берсеңиз, катты өзүм тапшырып, бетме-бет сүйлөшүп көрөйүн?

**Скобелев**. Алай жери опурталдуу, Ионов мырза!

**Ионов**. Түшүнөм улуу урматтуум! Датканын баласы мени өзүнө, абдан кызыктырат. Уруксат бериңиз?

**Скобелев**. Коопсуз жайга чакырып, этият болуңуз! Келээр бекен?

**Ионов.** Ал тайманбас, эр жүрөк. Келет.

**Скобелев**. Маакул, аткарыңыз!

**Ионов**. Эгер макул болсо, анын талаптарын аткарууга, убада берсем болобу?

**Скобелев**. Сүйлөшүп көрүңүз!

**Ионов**. Ишенимиңизди актаймын, улуу урматтуум!

**Скобелев**. Айткандай, Ионов мырза! Абдылдабек жайгашкан чыңдоону изилдөөнү унуткан жоксуздарбы?

**Ионов**. Маселе, талданды. Ага алып баруучу ишенимдүү жол керсөткүчтөр изилденди.

Жайлоо.

Чыйырчык ашуусу. Жолугушууну күткөн Ионов кабатыр.

**Абдылдабек** *(кирип)*. Ассалоом алейкум.

**Ионов**. Амансызбы, Абдылдабек мырза?

**Абдылдабек.** Биздин конушука кош келиңиз, мейман?

**Ионов.** Ырахмат. Экөөбүздүн сүйлөшүүбүздүн коопсуздугунун сакталы-шына, кепилдик берем.

**Абдылдабек**. Сиз да, коопсузданбаңыз.

**Ионов**. Сиз каршылык кылууну токтотуңуз, мырза?

**Абдылдабек.** Макул. Каршы чыкпайлы. Сиздер биздин жашоо-тиричилигибизге кийлигишпейсиздерби?

**Ионов**. Сиздердин жериңиздерге, биз тартип орнотобуз.

**Абдылдабек.** Жергиликтүүлөрдүн кызыкчылыгы сакталышы керек! Элдин ыктыярына, макулдугуна карабайсыздарбы?

**Ионов**. Жалпы элди, ордонун бийлигинен куткардык. Эми жер иштетүүгө, дыйканчылык кылууга үйрөтөбүз.

**Абдылдабек.** Жаңылышасыз, орус төрө. Эл сиздердин саясатыңарга ыкрар боло элек. Ким менен кандай мамиле кыла турганын сиздер эмес, өзүбүз чечүүбүз керек. Сиздерге көз каранды болгудай, элдин күнөөсү кайсы?

**Ионов**. Туура айттыңыз мырза, Абдылдабек. Элдин күнөөсү жок. Бирок, сизге окшогон эл башкарган бийлер, элди бизге каршы тукурууда.

**Абдылдабек.** Сиз да туура айттыңыз. Сиздер бизге кимсиздер? Эмне максат менен келип отурасыңар? Эл жер иштетеби, мал багабы аны өздөрү чечүүсү керек. Жергиликтүү элге кийлигишүүгө, дини бөлөк, тили бөлөктөрдүн, акысы жок.

**Ионов.** Абдылдабек мырза, элим дейсиз. Элиңиздин эртеңкиси сизди ойлондурушу керек. Кубаттуу жөлөгү болбосо, сиздерге чыгыштан Кытай, түндүктөн Англия өңдүү мамлекеттер басып кирип, коллонияга айлантып кул кыларын түшүнөсүзбү? Бөтөндөрдүн басып алуусуна, биз жол бербейбиз.

**Абдылдабек.** Кыргыз эли эзелтен канчалаган жоолордун чапкынына учураса да, кул болууга моюн сунган эмес. Өз эркиндигин талашууда жана эли-жерин коргоодо жан аябаган жоокерлигин, кайра тартпас баатырдыгын билбесеңиз керек?

**Ионов**. Чек араны бекем сактоо, мындан чейрек кылым мурда, мамлекеттер аралык келишимде көрсөтүлгөндүгүн билип алыңыз. Орус падышачылыгы сиздер үчүн кам көрөт.

**Абдылдабек**. Кам көргөнүңөр ушулбу? Эмнеге куралы жок, бей күнөө элди кырып, тоноп жатасыңар?

**Ионов**. Элге жамандык кылган жокпуз. Бизге каршы чыгып, катылган-дардын жазасын берип жатабыз.

**Абдылдабек.** Кокон өлкөсү сиздерге каршылык, же тийиштик кылып, жериңерди тартып алмак болду беле?

**Ионов**. Кокон бийлигине сиз, эмнеге каршу чыктыңыз эле?

**Абдылдабек**. Ордодон, хандан атамдын кегин алмакка, экинчиден Кокон өлкөсүнө Паргана кыргыздарынын күнкор болбосу үчүн күрөшкө чыктым.

**Ионов**. Орус бийлигине каршылык кылууну токтотуңуз! Мамиле менен иш жүргүзөлү. Каалаган кызматты беребиз.

**Абдылдабек.** Биз орустарды эш туткан элек. Ага карабай, бизди душман санадыңар. Биз кудайга ишенүү менен сиздерге каршылык көрсөтүп келүүдөбүз.

**Ионов.** Силерди четки жана коркунучтуу душмандардан сактаарыбызды эсиңизден чыгарбаңыз!

**Абдылдабек.** Жок. Сиздер убадада турбайсыздар! Өткөндө жарым паша Кокон хандыгын берсе да, Насирдинди алдап, Сибирге жөнөтүп жиберди. Элге кадырлуу Абдырахман автобачы баш болгон бир нече бийлерди «Коконго отургузам» – деп, кур убада менен колго түшүрүп, Сибирге жөнөттү. Ушунун баары коркунучту, ишенбөөчүлүктү пайда кылды.

Куралы жок козголоңчуларды аябай жазаладыңар. Ошондон тартып исламды туткандар, силерге катуу каршылык керсөтүүгө бел байладык.

**Ионов.** Орус армиясы жеңилбес экенин билиңиз!

**Абдылдабек.** Силер өзүңөрдүн чоң жана жеңилбес армияңар менен сыймыктанасыңар. Биз кудайга сыйынып, шүгүрчүлүк кылабыз.

**Ионов.** Биз убада берели. Мына бул Скобелевдин сизге атайлап, жазган каты.

**Абдылдабек.** Эгер берген убадаңар так аткарылса, силердин сунушуңарга макулбуз.

**Ионов.** Дагы да ойлонуп көрүңүз. Биз менен кызматташуу сизге чоң ийгилик алып келет. Кошуңуз, Абдылдабек мырза.

**Абдылдабек.** Жакшы барыңыз, орус төрө.

Өргө

Бир туугандар талашып-тартышууда.

**Баатырбек.** Келсин депсиз?

**Абдылдабек.** Ооба. Чакырттым.

**Баатырбек**. Буйругуңузду күтөм?

**Абдылдабек.** Мага бийликти эч ким берген эмес. Бирок, мен берилбеген бийликти пайдаланып жатам. Бул укукту уурдап алган жокмун. Эл башына түн түшүп турганда сен, буйрукту так аткарууга тийиишсиң, иним!

**Баатырбек** *(жер карап)*. Тапшырмаңызды аткарууга милдетүүмүн.

**Абдылдабек.** Тайсалдабай айт! Күрөшүүдөн жададыңбы?

**Баатырбек**. Мына, канча мезгилден бери бел чечпедик, аттан түшпөдүк. Кылычты кынга салбай, найза кучактап жүрөбүз.

**Абдылдабек**. Өз эл-жериңдесиң. Сени эч ким кыйнаган жок.

**Баатырбек**. Жер бетине адам каны чачылды. Эл тозду, айыл азайды. Карапайым калк кооптонуп, жанын оозго тиштеп отурушат. Күрөштү токтотсок кантет?

**Абдылдабек**. Эмне, чарчадыңбы? Анда, эс ал.

**Баатырбек**. Бир боорум, сен түшүнгүң келбай жатат. Менин жүрөгүм канап турат.

Сага, өз элиңе тынчтык керек. Эл бейпил болуп, мал баксын. Кыз чыгарып, уул үйлөшсүн. Жайлоолорго көчүшүп, аш-тойлорду беришсин.

**Абдылдабек.** Ата-бабалардан калган касиеттүү жерибизде канчалаган адамдар бейпилдик үчүн өз жандарын курмандыкка чалышканын унуталыбы? Жанды оозго тиштеп жүргүчө, аргымактарды атырылтып, душманга тике чыкканыбыз чыккан.

**Баатырбек**. Боорум, сен мени түшүнчү?

**Абдылдабек**. Сен менден акылдуулук кылам дебе, иним! Макулбу? Мындай кебиңди экинчи укпайын. Бар!

**Баатырбек.** Тообуз да, шар аккан суубуз да таза калсын десек.

**Абдылдабек**. Токтот сөзүңдү! Чеч кылычты!

**Баатырбек.** Эмне?..

**Абдылдабек.** Кана, айт ошону! Эмне жорук баштап жатасың? Сенин колтугуңа суу бүркконддор кимдер? Айт!

**Баатырбек.** Жырткычтанба!

**Абдылдабек**. Бас жаагыңды, өлө элегиңде.

**Баатырбек**. Өлтүрөсүңбү? Коркпойм.

**Абдылдабек**. Бакырба!

**Баатырбек**. Бир тууганыңды аябаган, элди аямак белең.

**Абдылдабек**. Сен коркоксуң.

**Баатырбек**. Сен коркосуң! Бийликтен, амалдан коркосуң! Өкүмдүүлүктү жакшы көрөсүң.

**Абдылдабек**. Токтот сөзүңдү!

**Баатырбек**. Өзүң токтот. Сени бийлеткен эл. «Багынсам, бийлик тийбей калат» деп ойлойсуң.

Колуңдагылар жадады. Араң эле турушат. Акыры барып, өзүңдү кармап беришет. Ойлон!

**Абдылдабек**. Быдылдаба!

**Баатырбек.** Айланайын бир боорум! Ойлон! Оруска каршыкканыбыздын эртеңи жок болуп турат.

**Абдылдабек**. Намыссыз!

**Курманжан**. О, кулундарым ай! Шордууларым ай! Бөлүшө албаган, эмнеңер бар? Акылдан адашып, жинди болдуңарбы? Элден уялып, кудайдан корксоңор боло?

Жаштайынан жакшы атанын уулдары, жакшы чыкма байбатчалар дегизип, элге эш болоор, түмөнгө пеш болоор, беш берээн аталтпадым беле? Бекзаадаларга жаман көз, суук сөз тийбесин деп, көөдөндөрү бөксөрбөсүн, көкүрөктөрү кирдебесин, дилдери мокобосун, көңүлдөрү өксүбөсүн деп, тегиндей көсөм, атасындай бекем кылсам дебедим беле? Бириңдин сөзүңдү бириң укпай, бириңдин дилиңди бириң туйбай, ынтымак болмогуңар кана!

Ата ариети, ар-намысыңар кайда? Минтсеңер менин жүрөгүм эмес, элдин жүрөгү оорубайбы?

**Абдылдабек**. Апа!

**Курманжан**. Апа дебе! Эл безери, жер безери боло элегиңде, каргашалуу жолуңдан кайт! Анан ошондо, апа де!

**Баатырбек**. Кечириңиз апа! Сиздин тилди албай, сиз айткан акылга көнбөй. Таан ителгиге тийгендей болдук.

**Абдылдабек**. Эмне, күрөштөн баш тартканы турасыңбы? Арбактарга жалынып, ант кармап, кылыч мизин жалап чыкпадык беле?

**Баатырбек**. Кылыч мизин миң жаласаң да, жардам жок. Арбактар колдосо ушинтип Жаңырык капчыгайына сүрүлүп отурбайт элек.

**Абдылдабек**. Ушундай экенсиң да? Бир тууганымсың. Болбосо…

**Курманжан**. Бириң боор этим, бириң жүрөк толтом. Бир бармагым кессем, экинчим ооруйт. Баш паанасыз элди, замбирек оозуна кептебегиле! – деп, эскертпедим беле! Чийинден чыккан бейбаштыгыңардын арты, кызыл ала кан болду. Тил албадыңар, алдан күчтөн тайганым ошол.

**Абдылдабек.** Сизден, бийлик кеткени качан. Сөзүңүз эм болбой калган. Сиз калк башындагы калыс эмес, кара жанын калкалаган...

Сизден бийлик гана эмес, ыйман да кетти. Дилиңизди оруска буруп койдуңуз.

**Курманжан.** Тэ-эк! Көөдөнү сокур, көпкөн уул! Бийлик эми менде эмес, сенде да эмес. Бийлик оруста.

Ыйманыңа сен камчы басып кеттиң. Эл-жер коргоп, эрдик кылмак түгүл, оруска кыр көрсөтөм деп, кылыч көтөрүп, ээленип... Акыры апаатка айланып, момун элдин турмушу бүлүккө түштү. Кындан суурулган кылыч, баш кесет. Дагы да айтам. Кандуу жолдон баш тарт!

**Абдылдабек**. Эми, кеч болуп калды.

**Курманжан**. Кеч эмес. «Орусту мылтык берип, чепке кой» – деген.

Эсиң барда этегиңди жап. Эки баштуу бүркүт, өпкөңдү үзө тебет. Сени ээрчиген эл кантет?

**Абдылдабек**. Ашуу ашып Катуу-Багыт, Кашкарга, же Сары-Колго барып, атамдын досторунан кол, курал сурайм.

**Курманжан**. Тили буруу, дили бөлөк, курал береби?

Катыныңардын кардын жарып, ичиндеги балдарын «бурут» деп ыргытканда көпшүнүңөр сууйт. Андан көрө оруска колуңду куушур!

**Абдылдабек.** Орустан ырайым күтпөйм. Аларды журтумдан сүрүп чыкмайынча атамын ай тамгалуу асабасынын алдында күрөшкөнүм күрөшкөн. Качсам да, бир кайрылып келээрим бышык.

**Курманжан.** Качып, кайда барасың? Кытайгабы, Ындыгабы? Оогонгобу? Алар сага эркиндик береби? «Азаттык!» – деп, башыңды ажалга сайып, төшүңдү окко тосуп,

«Кан төгүп жатам» дейсиң. Калкың кайда калат? От кадыры сууда, суу кадыры чөлдө, бар кадыры жокто. Ата Журт кадыры намыста!

**Абдылдабек**. Азаттык үчүн кашык каным калганча, каруум казык, башым токмок. Колумдагы куралды таштабайм.

**Курманжан**. Каныңды чаначтап төксөң да, куралдын иши курал. Замбиреги тоо көчүрүп, от бүрккөндө жылаңач эл кайда барат? Тилегиң сооло электе, тизгиниңди тарт!

**Абдылдабек**. Апа! Канчалык катуулукка барсаңыз да, тандаган жолумдан тайдыра көрбөңүз? Баары бир, калың каапырдан кайрым күтпөйм.

**Курманжан**. Кайрым кылган каапыр эмес. Кан күсөгөн каапыр.

**Абдылдабек**. Кайрыдиндегилерге калкымды бийлетип, жеримди тепсетип жашагым келбейт, апа!

**Курманжан**. Сен анткениң менен момун элиң, кантет?

**Абдылдабек**. Мен кайтсам, мени ээрчиген кол кантет? Анда, ата уулдугум кайсы? Жигиттик намысым, кайда калат?

**Курманжан**. Көктүгүңдү койбодуң, көк долу. Тиреген асманыңды таштасаң да, орусту ала албайсың! Элди жамгырдай жааган окко, шыркыраган кызыл чокко салбагын! Тилимди албадың, тилегиң соолуйт.

**Абдылдабек.** Душманга тизелеп жашаганча, тик туруп өлгөнүм артык. Актыгымдан танбайм, апа!

Бул менин ата уулдук антым! Калк алдында, сиздин алдыңызда антымдан тансам. Төбөсү ачык кек урсун!

Түбү туюк көл урсун! Касиеттин наркы урсун! Аккан суунун шары урсун! Теңир тоонун кары урсун! Адилеттиктин агы урсун! Адал даамдын баары урсун! Асмандын жарык таңы урсун! Анттан тансам, акыретим айгине. Кудайдан корккон жан күбө!

**Курманжан.** Жетишет! Ата уулу болбой кал! Намысыңдын бектигине ишенем, берекем!

**Абдылдабек.** Эл кимики эле? Эл атамкы, сиздики эмес беле? Сиздер да эл деп, жан күйгүзүп келбедиңер беле?

**Курманжан.** Алда балам ай! Алда кулунум ай! Кайдан сени мээримге бөлөп, жериңди сүйгүздүм эле? Кайдан сени эркиңди курчутуп элим, дегиздим эле? Айтканыма көнбөдүң, туйгунум. Ант урбагай эле! Алда гүлгүнүңдө куураган, гүл жигитим ай!

**Абдылдабек.** Айтканым айткан апа! Ата-бабанын жерин коргой албасам, мени көрүстөнгө койбогула!

**Курманжан.** Жаным, жүрөк толтом, боорум, балам.

### Бөлмө

Баштагы көрүнүш. Согуштук маселе талкуулanууда.

**Скобелев.** Мырзалар! Абдылдабектин Жаңырык капчыгайындагы буктурмасын биротоло талкаладык. Ошентсе да, Алай тоо этектериндеги Өзгөн, Гүлчө, Үч-Коргон, Сох, Исфара аймактарындагы калкта, тартипсиздик көбүрөөк байкалууда. Бирок, Абдылдабектин калган колу менен Эки-Суу арасындагы, Наманган бөлүгүндөгү, Кокондон, түштүктөгү Чимион, Кожент уездериндеги кыргыздардын көтөрүлүшчүлөрүнүн байланышы бар. Аларды тез арада, өз алдынча жок кылууну талап кыламын!

**Ионов.** Абдылдабектин жеңилиши алайлык кыргыздарга өтө катуу таасирин тийгизди. Аман калууну ойлогон уруу башчылары, кол куушуруп келе башташты.

**Скобелев.** Абдылдабек дале тынчый элек. Ал Кара-Кулжа, Өзгөн тарапка келип, шашылыш кол топтой баштагандыгы боюнча, маалымат келди. Бизден качкан көтөрүлүшчүлөрдүн майда топтору, кайрадан баш көтөрүшүп, аларга кошулуп жатыптыр.

**Ионов.** Абдылдабектин иниси Асанбек жигиттери менен келип, Акимбек болушту, анын уулу Термечикти, таздар уруусунун бийи Темиржанды, карабаргыдан Болотбекти, сарыбаргыдан Солто бийди байлап кеткендигин Кара-Кулжадагы тазбаргы уруусунан Мама дегени билдирди.

Абдылдабек өзү келип, Өзгөн, кара-кулжалыктардан «кыл куйрук» талап кылгандыгын өзгөндүк болуш Орозали маалымдап кетти.

**Скобелев.** Мырзалар! Абдылдабектин колун биротоло талкалап, өзүн туткунга алуу үчүн Алай жерине согуштук жүрүш уюштурууда «Алай илимий-согуштук экспедициясы» – деп атадык. Экспедициянын курамында астрономиялык, зоогеографиялык, статистикалык жана топографиялык чиймелерди даярдоого окумуштуу-адистер чакырылды.

«Алай экспедициясын» үч колонналык жүрүш менен баштасак. Абдылдабектин биротоло талкалоого 120 кишиден турган аткычтар ротасын, 30 кишилик Борисовдун саперлорун, 129 кишиден турган аткычтар двизонун, бир ракеталык взвод, 130 кишиден турган казак-орус жүздүгү жана өзүмдүн конвоюм, баары биригип 442 киши жолго чыгабыз.

**Ионов.** Михаил Димитриович! Уруксат берсеңиз, колонналык жүрүштүн багытын тааныштыра кетсек.

**Скобелев**. Айтыңыз!

**Ионов.** Биринчи колонна полковник Видгентшейн башчылыгында Папан, Шарт, Турук капчыгайы аркылуу багыт алат. Аны Сары-Могол колоннасы – деп атайлык.

Экинчи колонна полковник Вардердин, капитан А. Н. Кропаткиндин жетекчилигинде Үч-Коргондон Теңизбай ашуусу аркылуу Чоң-Алай багытына барат. Аны Дароот-Коргон колоннасы деп атайлы.

Үчүнчү колонна Михаил Димитревич сиздин жетекчилигиңиз менен.

**Скобелев.** Албетте сизди, өзүмө кошуп аламын.

**Ионов**. Ал Ош-Гүлчө, Сопу-Коргон аркылуу Алай тоолоруна багыт алуу менен жүрөт. Аны Ош колоннасы дейли. Ар бир колоннаны жол көрсөткүч жана көмөкчү согуштук күч катары кыргыз жигиттери коштойт.

**Скобелев**. Менин командама Шабдан Жантай уулун, нөкөрү Баяке, экинчи иниси Байболсун баштаган жигиттерди да кошуп аламын. Бул жүрүштү жергиликтүү калктын өкүлдөрү билүүгө тийиш эмес.

Бирок, Ионов мырза, алайлыктар оңой жоо эместигин, ар дайым эстен чыгарбашыбыз керек!

**Ионов**. Биз аларга эч кандай ырайым кылбасак, жеңиш биз жакта болоруна мен терең ишенемин.

**Скобелев.** Абдылдабектин жана анын жигиттеринин тыным алуусуна мүмкүнчүлүк бербегиле! Аттары да, өздөрү да күйүккөндө, колго түшүүгө аргасыз болушат. Мындай тактика жергиликтүүлөргө өзгөчө сабак болору белгилүү.

**Айкаш**

Орус аскерлеринин келишин күткөн Абдылдабектин колу.

**Абдылдабек** *(дүрбү менен жол карайт)*. Туугандар! Жан аябай кармаша турган кез келди. Бул таймаш биздин тагдырыбызды чечет. Жеңиш же, жеңилүү. Орустун Искөбүл төрөсү бизге биротоло каршыгып алды. Ал төрт жүздөн ашык колу менен Оштон чыгыптыр. Келе турган маалы жакындады. Колду даярдагыла!

**Баатырбек** *(кирип)*. Орустар келип калышты. Кайгуулдагылар кабар беришти.

**Абдылдабек**. Жакшылап тосолу. Даярдангыла!

*(Баатырбек чыгып, сырттан эркекче кийинген Бешкөкүл кирет)*.

**Бешкөкүл**. Амансызбы, бек?

**Абдылдабек**. Көкүл, кантип келдиң?

**Бешкөкүл**. Орустарды тоскон кабарыңарды угуп, жардамымды берейин. Урушка кирсеңиз азык ташып, чаалыксаңыз суусундук сунуп, эс алганыңызда ырдап берем.

**Абдылдабек.** Ыраазымын Көкүл! Бирок, согуш эркектердин иши.

**Бешкөкүл.** Менин сизге салакам тийбейт. Коркпойм. Ок-дарыңызды ташып турам.

**Абдылдабек.** Сенин келишиң жеңишке барабар. Бирок, сен айылга бар!

**Бешкөкүл**. Сизден башка мени, эч ким таанибайт.

**Абдылдабек**. Жолоочумун дегин. Бул жер опурталдуу.

**Бешкөкүл.** Бек!

**Абдылдабек.** Түшүндүм. Тилимди ал. Эртерээк кетиштин аракетин кыл!

**Бешкөкүл.** Бегим!

**Абдылдабек.** Апама жолук, баарын айт. Ал түшүнөт. Бар!

**Баатырбек.** Бек! Орустар шаштырып, катуу келе жатышат.

**Абдылдабек.** Баатыр! Жоо менен биз беттешели. Сен көчтү алып, Терек ашуусу менен Көк-Сууга ашып, «Алайчынын ташынан» өткөрүп, көчтү түшүрүп, үйлөрдү тиктире бер!

**Баатырбек.** Бек, жоо алкымдап турганда, кантип силерди таштап, душман менен беттешпей кетем,

**Абдылдабек.** Баатыр, бир боорум...

**Баатырбек.** Жок. Таштап кете албайм.

**Абдылдабек.** Душман менен беттешүү алда кандай болуп кетет?!

Сен өзүң көчкө баш-көз бол! Мүмкүн, орустардын биз билбеген тобу, чек араны тосууга кетсечи?

**Баатырбек.** Бул сөзүңдүн жөнү бар. Көчтөн бейкам бол! Мен жөнөйүн?

**Абдылдабек.** Баатыр! Бешкекүл ырчы кыздын жөнүн билесиң. Өзүн кошо алганча кет? Апама айт. Жакшы бар.

**Баатырбек.** Көрүшкөнчө.

**Абдылдабек.** Баатыр?

**Баатырбек.** Абдыш?

**Абдылдабек.** Мен десеңер, Көкүлдүн көңүлүн оорутпагыла?

**Баатырбек.** Койсоңчу, Абдыке!

**Абдылдабек.** Апам мени кечирсин? Мындан башка эмне деймин. Бар. *(Баатырбек кылчая тиктеп, чыгып кетет)*.

Күтүрөгөн туяктардын үндөрү. «Дүңк-дүңк» замбиректер атылат. Ызы-чуу, кыйкырык. Атылган мылтыктар, татыраган пулемёттун үндөрү. Качкан кол. Кууган куугун.

Жарык өчөт.

Күүгүм, боз жарык. Сулаган адам өлүктөрү, Жарадарлардын онтогон үндөрү. Ыңалааган наристенин үнү.

Курманжан айкаш болгон жерлерди аралап жүрөт. Четтеги балалуу аялдын өлүгүнүн жанына келет.

Чулгоодогу наристени алып, айланага телмире тиктейт.

Жарык өчөт.

### Боз талаа

**Абдылдабек.** Айланам уч-кыйырсыз бетпак талаа, Жери ысык, суусу шор, жыланач тоо. Топурак, чаң, көңүлүм кир... Жүрөктү ызаа чулгап, көкүрөктү санаа баскан, кетпеген кегим кайнайт...

Туулган жер. Акактай кирсиз, аппак Ала-Тоо, Чалкайып жаткан кең Ата-Журт. Туланы белден буралган, бетегелүү жайлоо, туйлап аккан көк кашка булактар, ойносо оюнга канбаган жаштыгым. «Айт!» десе алгалап, жоону бирге чабышкан жолдошторум. Артымдагы арка бел, акыл калчап, кеп чечкен аба-аксакал. Жылдыздай жүздөрү жайнаган калың журтум, Караңгыда көз болуп, капилеттен алдастатпай, арка болгон атамдын касиеттүү арбагы. Күрөшсөм күч-кубатым, намысым, ак зыйнатым, ишенген тоодой ишеничим, бел болгон айдай туум, апакем!

Жарадар жаш бүркүт болуп, асманга атып чыгып, шаңшый албай, ааламдын кеңдигинде, жек көргөн душманды бир чала албай, бөтөн эл, бөтөн жерде мен карыпмын. *(тыным)*

*Бел чечип, жоо жаракты үйгө коюп,*
*Бейпил күн, белес ашып сапар тарттым,*
*Көркөмдүү Ата-Журттун айдыңында.*
*Жайлоонун гүлүн кечип, кымыз таттым.*
*Берекке бешенелүү, жылдыз жанган*
*Бешкөкүл булбул үңдүү кызды таптым.*
*Шаңшыган мукам үндүү ырын тыңшап,*
*Керемет авазына таазим эттим.*
*Табышмак, ачылбаган сыры кымбат,*
*Уктабай ойлой берип, азап чектим*
*Махабат майрамында кезигиштик,*
*Маанилүү сөздөр айтып эзилиштик.*
*Жоо жоолап, жеңиш колго тийген күнү,*
*Шарт коюп баш кошууга чечилиштик.*

*Аттиң ай! Баары калды,*
*Ишеним менде болгон талкаланды,*
*Ата-Журт тепселенип душмандарга*
*Үмүттү кысып барат, кектин тагы.*
*Алайдын ар бир ташын ыйык керүп,*
*Мөлтүрөк суусун татып, сыймык көрүп,*
*Бек түйүп, ала келген топурагын,*
*Тооп кылам, өз жанымдан бийик көрүп.*
*Аңкыган арча жыттуу абасын ай,*
*Жаныңды жан жыргаткан дабасын ай,*
*Койколгон көк шибери, бетегеси,*
*Коркүнө бир тамшанып аласың ай!*

*Аттиң ай! Тулпар оозун кое берип,*
*Жел болуп, көз ирмемде сага жетсем,*
*Белестен көз тайгылткан көркүн көрүп,*
*Көөшүлүп, шуудурумдөй ээрип кетсем,*
*Мейли эле, мөлтүрөгөн булак болуп,*
*Ичкенге күч-кайраттуу кубат болуп,*
*Ата-Журт түбөлүктүү жашамакмын*
*Өзүмдү сага берип, сен деп ооруп.*
*Суу бойлоп, белес ашып чуркасам ээ,*
*Шиберди жылаңайлак кечип алып,*
*Чарчабай турагымды бут кыдырып,*
*Чыгамын кыялымда жетип барып.*
*Дартыма даба болмок сенин абан,*
*Душманды талкалабай кантип барам?*
*Туулган жер ыйыгымсың, эң кымбатсың*
*Тирүүмдө сендеп күйүп, сен деп жанам.*
*Апаке!*
*Кышында муздар тоңуп, суук күчөсө*
*Жазында күн күркүрөп, көчкү көчсө,*
*Сел каптап, кыян жүрсө*
*Ызылдап бороон улуп,*
*Ышкырыгы шамалдын шуулдаса.*
*Алоолоп түтүн чулгап,*
*Чагылган чарт атылып, жалын чачса*
*Таш кулап, жер солкулдап. көл чайпалса*
*Ал менин душмандан албай калган кегим болот!*
*Эстей жүр, элим!*
*Теңсиздиктен тебеленбей душманга,*
*Алсыздыкка ае кылбай бир жанын.*
*Туулган элден алыс кеткен бир балаң,*
*Ичи өрттөнүп, алоолонуп чок-жалын!*

*Кош, Ала-Тоо! Келбети ашкан Кең-Алай!*
*Кош, ак сүтүн эмизип, эр жеткирген апакем,*
*Кош, санжыралуу сансыз элим,*
*Саябандуу туулган жерим.*
*Тапкедейде тебишип ойногон курбулар*
*Өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бир туугандарым.*
*Турган турпатым бөтөн жерде болсо да,*
*Туйлап соккон жүрөгүм,*
*Туулган жерде болсун!*
*Абдылдабектин ыры.*
*Ала-Тоо башын айланып*
*Ак шумкар учат тууруна*
*Алыста калган мен өңдүү*
*Ата Журт кымбат уулуңа.*
*Куш болуп учсам сабалап*
*Заматта сага жетемби.*
*Алыста калып бир балаң*
*Бара албай сага зарлаган*
*Ажарлуу ыйык турагы*
*Санаасын бөлүп кыйнаган,*
*Ала-Тоо калды, эл калды*
*Айтылуу Алай жер калды,*
*Алышып бирге ойногон*
*Курбулар баары, тең калды*
*Апакем калды, жар калды*
*Жетүүгө менде ал барбы*
*Бабалар барктап келишкен*
*Кадыры чексиз жай калды.*
*А бирок, намыс бек калды*
*Алынбай ичте кек калды.*

*Ак сүтүн берген апакем*
*«Абдылдам, боорум» деп калды.*
*Кемтиги бүтпөс ай калды*
*Керексиз эми... бой калды*
*Кылымдап элим зар болгон*
*Келээри кумөн той калды.*
*Чыгамын кыялымда жетип барып*
*Дартыма даба болмок сенин абан,*
*Душманды талкалабай кантип барам?*
*Туулган жер ыйыгымсың, эң кымбатсың*
*Тирүүмдө сендеп күйүп, сен деп жанам*

Апаке! Кышында муздар тоңуп, суук күчөсө. Жазында күн күркүрөп, көчкү көчсө, сел каптап, кыян жүрсө. Ызылдап бороон улуп, ышкырыгы шамалдын шуулдаса. Алоолоп түтүн чулгап, чагылган чарт атылып, жалын чачса. Таш кулап, жер солкулдап. Көл чайпалса ал менин душмандан албай калган кегим болот!

Эстей жүр, элим! Теңсиздиктен тебеленбей душманга алсыздыкка ач кылбай бир жанын, туулган элден алыс кеткен бир балаң ичи өрттөнүп, алоолонуп чок-жалын! Кош, Ала-Тоо! Келбети ашкан Кең-Алай.

Кош, ак сүтүн эмизип, эр жеткирген апакем, кош, санжыралуу сансыз элим, саябандуу туулган жерим. Тепкедейде тебишип ойногон курбулар өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк бир туугандарым. Турган турпатым бөтөн жерде болсо да, туйлап соккон жүрөгүм, туулган жерде болсун!

*Абдылдабектин ыры.*
*Ала-Тоо башын айланып*
*Ак шумкар учат тууруна*
*Алыста калган мен өңдүү*
*Ата-Журт кымбат уулуна.*
*Куш болуп учсам сабалап*
*Заматта сага жетемби.*
*Алыста калып бир балаң*
*Бара албай сага зарлаган*
*Ажарлуу ыйык турагы*
*Санаасын бөлүп кыйнаган,*
*Ала-Тоо калды, эл калды*
*Айтылуу Алай жер калды,*
*Алышып бирге ойногон*
*Курбулар баары, тең калды*
*Апакем калды, жар калды*
*Жетүүгө менде ал барбы*
*Бабалар барктап келишкен*
*Кадыры чексиз жай калды.*
*А бирок, намыс бек калды*
*Алынбай ичте көк калды*
*Ак сүтүн берген апакем*
*«Абдылдам, боорум» деп калды.*
*Кемтиги бүтпөс ай калды*
*Керексиз эми... бой калды*
*Кылымдап элим зар болгон*
*Келээри күмөн той калды.*

# ДАТКАЙЫМ

*(Алты көрүнүштөгү даректүү, лирикалык пьеса)*

Катышкандар.

1. Алымбек датка
2. Алыке датканын жардамчысы
3. Маматбай – кыздын атасы
4. Батма – кыздын энеси
5. Курманжан – алардын кызы
6. Тоймат – уста
7. Уулча – устанын байбичеси
8. Эгинчи – устанын уулу, ырчы
9. Доочу

Айылдык кыз-келиндер, уландар, көпчүлүк катышат.

Окуя XIX кылымдын башында Ош калаасындагы Ороке айылында өтөт.

*(Элдик ырлар пайдаланылды)*

## Биринчи көрүнүш

Бактуу короо. Маматбайдын үйү.

**Үн** *(сырттан)*. Бай, барсыңарбы?

**Маматбай**. Кел, келе бер? Үйдөмүн.

**Тоймат**. Ассалоом алейкум.

**Маматбай**. Валеки. Кана, үйгө кирели?

**Тоймат**. Ырахмат. Салкындап, сөөрүдө эле отуралы.

**Маматбай.** Меймандын көңүлүндөгүдөй болсун. Байбиче, дастаркону бул жакка жай.

**Тоймат.** Демдүүсүзбү, байбиче?

**Датка.** Шүгүр. Орун алгыла?

**Тоймат.** Омийин. Биз келдик, балээ келбесин.

**Маматбай.** Кана, даамга карайлы?

**Тоймат.** Сизди, эртелеп аттанып кетпесин деп, келе калдым, бай.

**Маматбай.** Эртели-кеч көрүнбөй калдың?

**Тоймат.** Тиги, коңураттардын Токторбайы «Уулума той берем. Сенден эстелик болсун. Күзгө чейин бир үйдүн сөөгүн бүтүрүп бер?» дегенинен, таң эртеден, күүгүмгө чейин, токойдо кереге-уук жасайм.

**Маматбай.** Канча канат?

**Тоймат.** Жүз баш болсун! дейт.

**Маматбай.** Оңор эмес экен. Үлгүрө аласыңбы?

**Тоймат.** Чымгарагын ийип, көз салып жатам.

**Маматбай.** Оо, бүткөнү калыпсың. Ого эле мээнеткечсин, устам.

**Тоймат.** Убададан корком. Болжогон мезгилге жеткирбей бүтөйүн деп, жер жарыгандан, көз байланганга чейин алектенип, жардам берип жаткан уулуму да тындырбайм.

**Маматбай.** Алган акың, насип кылсын. Аткарган иштин акысын сүйлөшкөндүрсүң.

**Тоймат.** Иштин бүткөнүн көрүп, ыраазылык, акысын өзү айтаар. Уулуму үйлөйүн деп, каржы топтоп жатам.

**Маматбай.** Мээнетиң ак, устам. Ишиңи таштап келгениңе караганда, зарыл окшойт?

**Тоймат.** Билдиңиз. Жөн келбедим, бай.

**Маматбай.** Айт! Угалы?

**Тоймат**. Чоң уулум өзүмү тартып иштерман. Колунда иши, оозунда сөзү бар. Кармаган иштин майын чыгарат.

**Маматбай.** Ар пенденин баласы, сенин уулуңдай эле болсун.

**Тоймат**. Кийинки күндөрү өзгөрдү. – Ии? дебейсизби? Көп ойлончу болду.

**Маматбай**. Ооруп калбадыбы?

**Тоймат**. Анысына, аябай эле кыжаалатмын.

**Маматбай**. Эмне дарты бар, сурабайсыңбы?

**Тоймат**. Сурадым. Ачык айтпайт. Акыры жүрүп, дарты табылды.

**Маматбай**. Ии?

**Тоймат**. «Тартынбай, ачык айт? Үйлөнөм десен, сенден тапканымды аябайм» – дедим.

**Маматбай**. Бирөөлөрдүн кызына, куштар бекен?

**Тоймат**. Энеси экөөбүз ортого алып, күндө бош боло калганда кыстасак – «Бай абамын кызын жактырам» – дейт.

**Маматбай**. Менин кызымыбы?

**Тоймат**. Баламын шагы сынбасын деп, сизге эртелеп келгеним ушул.

**Маматбай**. Коңушум, бөлөк-бөтөн эмессиң. Менин абалымды көрүп-билип турасың.

**Тоймат**. Ооба. Билем. Кызыңыз Каттуу-Багыттан кайрылып келгенден бери, уулум короонузду күзөтүп, «Күн баткандан, түнгө чейин ошол жерде» дешкенин, эми укпадымбы.

**Маматбай**. Уста, жакын коңшусун. Катуу кетпейин. Кайдагы катындар менен балдардын сөзүн айтпа, мага!

**Тоймат.** Кызыңызды ырга кошуп, безилдеп ырдаганын, элдин баары эле билет экен.

**Маматбай.** Убадалашкан жерден, башы ачыла электигин, башка билбесе да, сен жакшы билесиң, уста. Сөздү кыска тарт.

**Тоймат.** Байым, кайрылып келген кызды баари бир, кайра кайтарбайсыз. Иш да, оң салды болуп, бүтүп кетээр. Макулдук бериңиз, байым? Элден кем эмес, жолдугун кылайын?

**Маматбай.** Устам, кызыма болгон өзүмүн каталыгымды эми сезип, эч бир жанга айтбаган элем. Кызымын тагдыры, чиеленип чечиле элек.

**Тоймат.** Баламын көнүлү деп, алдыңызга келдим. Маакул десеңиз, өз уулуңуздай болуп, бүт кызматыңызды аткарат.

**Маматбай.** Сыйкатып айтсам түшүнбөдүң, устам. Балаңдан өтүп, мен да кыжалатмын. Салт, намыс деген тилими байлап турат. Болбосо, буга чейин, бир жаңсыл болот эле. Жакшы бар.

**Тоймат.** Байым, мени кембагал деп, кемсинтбеңиз! Калыңдан качпайм. Айтканыңызды берем.

**Маматбай.** Сөздү узартпай, болду кылалы, устам!

**Тоймат.** Бай, «Буудайдын барар жери тегирмен. Кыздын барар жери күйөө» Кызды баары бир, күйөөгө бересиз. Менин уулум, акыл-эстүү, иштерман. Кызыңызга куп эле ылайык. Жок дебеңиз!

**Маматбай.** Жок. Жок!

**Тоймат.** Конушу туруп, кириш-чыгыш кылбай калбайлы? Бай болбосом да, – уста деп, элдин баары сыйлайт. Ойлон, байым? Бой жеткен кыздын үйдө отурушу айып. Аны эмнеге ойлобойсуз?

**Маматбай**. Бир айтканга түшүнбөгөн, элдик салтты билбеген кежир. Сен ойлонуп эле, эмнени кыйратар экенсиң! *(Уста тура качып, чыга жөнөйт)*

**Доочу** *(кирип)*. Бай, бар бекен?

**Тоймат** *(чыгып баратып)*. Байыңдын башы маң. Тигине кыжалат болуп отурат. «Кара далы» кызына кардар болсом, «Башы ачыла элек. Билбейм» дейт. Канчалаган ишимен калдым. Кайра келип, оңдоп, сүйлөшбөсөм, болбойт.

**Доочу**. Ассалому алейкум «хан куда».

**Маматбай.** Ваалейки. Кел?

**Доочу.** «Жуучу менен доочуга өлүм жок» демекчи. Башта жуучу элем. Эми доочу болуп келдим.

**Маматбай**. Түшүндүм. Айтайын дегениңди сыйкатпай, дароо айт!

**Доочу.** Сиздин кызыңыз, биздин босогону аттап, никеси байлангандан кийин, биздин келин. Демек, биздин топтун бүлөсү.

**Маматбай**. Сүйлө! Дагы?

**Доочу**. Качып келгенине канча болду. «Алып кеткиле!» деп айттыргандан уялсаңыз керек. Күтсөк. «Ак да, көк да» дебедиңиз. Так айтканда, жоолугуп оюңузду, бет келишип ниетиңизди билейин деп, келдим.

**Маматбай.** Бир гана сөзүм. Качып келген кызым, кайрылып барбайт!

**Доочу.** Ийе? Калыңын алдыңыз. Эл алдында берилген бата бузулабы? «Кайрылып барбайт!» дегениңиз кандай, бай?

**Маматбай.** «Калыңына эки эселентип, сеп кылып бердим. Сөзүмөн чыкпаган кызым «Бар!» десем барды.

Жаш немени асырап, куштап алып калбадыңар. Көөнүнө күйөө туура келбедиби, же жакпадыбы? Барган жеринен оту күйбөй, кайрылып келе берди.

**Доочу.** Ал эмнеси? Күйөөсүнүн башын аттап, кете бериш, деги эле салтта жок, жорук. «Алтын баштуу аялдан, бака баштуу эр артык» дейт элибиз. Качан эле катын киши, күйөөсүн чанчу эле? «Күйөө менен бир күн түнөйбү, миң күн түнөйбү, нике байлангандан кийин, эркекке таандык» экенин жакшы билесиз..

«Күйөөсүн барктабай, тескери баскан аял тозокко түшөт» дейт, шариятта. Кызыңыздын бул кылганы туура эмес! Эл арасында насакка калат. Ата-бабалардан келген салтты бузгандык. Тойлошкон күндөн баштап, кыз сиздин бүлөдөн, бизге өткөн, «хан куда!»

Өз ыктыярыңыз менен «биздин бүлөнү» үйдөн чыгарып, алдыма салып бериңиз! Нике бузганды, күйөө чанганды, камчынын көгүнө бөлөп, «суурдун баласындай чыңыртып», Катуу-Багытка чейин жөө айдап кетем! Ана ошондо, качкак неме, акылына келет.

**Маматбай.** Бул сөзүң үчүн доочум, кызымын бир тал чачын да, силерге карматбайм.

**Доочу.** Ой-ээй! Көрсө, иштин баары сизде тура. «Кыз бала ыргыткан таш. Таш түшкөн жерде оор». «Кыз бала барган жеринде агарып-көгөрөт» деген, аталык насаатыңыз кайда калды, «хан куда»? «Келе бер!» деп, кеп үйрөтүп, дагы бир, майлуу жердеги кардарга сатып, калыңын кат-каттап жемек экенсиңер да баймм!

**Маматбай.** Кап! Тантык да болсоң, үйүмө келген меймансың. Таап сүйлөйт десе, каап сүйлөйсүң.

Эй, Кеңкелес! «Ириген ооздон, чириген сөз чыгат» деген туура экен. Кардардын калыңын эмес, кызымын тагдырын, келечек, бактысын ойлойм. «Калың мал жуттуку менен силерге окшогон жоонуку. Же доочунуку... Астапыр Алла, ачууга алынбайын.

**Доочу**. Андай болсо, алган калыңды эки эселентип кайтарып бериңиз! Ошончо мал берип, кыйылган никени жандырыңыз!

Сизди кантээр экен, эмне деген сөз чыгаар экен деп, болгону, бир үйүр жылкыңызды айдап кеткенбиз. Келинибизди мага кошуп берсеңиз, алганыбызды ашыгы менен кайтарабыз!

**Маматбай.** Ошол мал, кызымын башы-көзүнө садага! Бар, туугандарыңа ошентип айта бар!

**Доочу.** Уялбай, ушул сөзүңүздү айтканыз үчүн казыга барабыз. Айдатып барып, ортого салып «тогуз кесим» кестирип, орого салдырабыз! *(этегин күүп, ачуулана чыгып кетет)*

**Батма**. Сабыр кылыңыз, байым! Жаманга теңелбегениңиз жакшы болду. Көп жебес, кем чондой. чочутуп, коркутуп көрөйүн деген го? Кайран сый, буларга!

Турбаган балдарымдын азабынан, Кудайдан тилеп-сурап, кызыма Курманжан атадык эле,«бала сурасаң, өмүрүнө кошуп, бактысын кошо сура» демекчи, кызымын, мындан кийинки тагдыры оор болобу деп корком?

Жанымын жартысы болгон Курмашымдын, капаланган көз жашын көрбөсөм дечү элем. Байкушум, кандай күндөргө туш келээр экен? Эне байкуш ушул тура. Баласынын күлкүсүн күндө самап, боор эти эзилерин, энеден башка, эч ким билбес!

Алтынымдын кабагы ачылбайт. Сурасам, сырын айтпайт. Кыска кана « – Сөзүңөрдү алдым. Бар дедиңер, бардым. Эми, «эркиме койгула!» – дейт. Эх-х! Жаным баламын бактысын, күндө жараткандан жалбарып. Кызымын бактысын ач! «Жакшылыгыңдан бер! – деп сурайым. Барган жеринен тынчыгыдай. Бактысы ачылгыдай эле!...

**Маматбай.** Байбиче, көп ойлонуп, башыңды оорутпа! Бул иш да, буйруса оңунан бүтөөр!

**Батма.** Кантип ойлонбой коем, байым! Буга чейинкиси бул. Доочусу келип, ай-асмандагыны айтат. «Казыга барам. Ортого салам» – деп, догурунганын айт, жамандын. Байкуш байымын, эл караган жүзү, жер карайбы!

**Маматбай.** Кызымын тагдыры, мындай болоорун ким билиптир? Көрүп-билип туруп, өзүмө ишенбей, андан бетер кыжалатмын. Кымыздын кызуусундагы тамаша сөз, чынга айландарын кайдан билдим.

Берген батаны кантип бузам? Акылдуу жан, кызыбыз экөөбүздүн сөзүбүздү алды. Барган жеринде үй-бүлөлүк турмушу уланып кетпестигине көзү жеткен соң. «Ата-энем калканчым» деп, бизди паана кылып, келе бергенин кантип айыптап, «Кайра» бар! – деп, кантип каршылык кылабыз?

**Батма.** Байым, ичтен чыккан ийри жылан. Кызыма, эне катары, «сиздин түбөлүк өмүрлөшүңүз катары, сизден суранам!

Кызыңыздын «кылган осолдугуна» нараазы болуп, каттуу кетпеңиз! Бул иш да, бүтөөр. Кудай биздин тилегибизди берсин! Кызыбыздын бактысы ачылып, доодон да кутуларбыз. Жакшылыктан үмүт үзбөйлү!

**Маматбай.** Бүтпөгөн иш болбойт, байбиче. Кызыбыздын бактысынан мал артык эмес.

**Батма.** Элге, тууганчылыкка салса, кандай болот?

**Маматбай.** Аны да ойлондум. «Туугандын топурагы алтын» демекчи, туугандарым өз ара кеңешип, «Кыз ордуна, кыз берели. Каракчыдай жылкы тийип, айдай качканынарды койгула! Бир уруубуз. Мыназага келишпесек, башкаларга насак болобуз. Келгиле кеңешели» дешиптир.

**Батма.** Иш оң жакка оойт окшойт? Кумашыбыз доодон кутулуп калгай эле!

**Маматбай.** Канткенде да, туугандар кызыбызды сыйлап, «кайра кайтарбастын» аргасын ойлошкон окшойт.

**Батма.** Ээ Куда! Кызыбыздын бактысын бер! Аман-эсен ажыратып алганга, өзүң себепкер боло көр, жараткан!

**Алыке** *(кирип)*. Ассалоому алейкум, байаке!

**Маматбай.** Кел Алыке, кел!

**Алыке.** Амансызбы, жеңе?

**Батма.** Шүгүр. Келиңиз уул?

**Маматбай.** Кабарлашбай, капыстан кайдан?

**Алыке.** Датка менен ордодон таң атпай чыктык эле.

**Маматбай.** Датка кайда?

**Алыке.** Медиресе келип түшкөндө, сизге кабар берейин деп, шашыла, чаап келе бердим.

**Маматбай.** Кой, кадырлуу даткага өзүм барып учурашайын. Байбиче, балдарга айт!

Союшту союп, даярданышсын. Тиги жылкычылардагы «байлабас» тайлардын бирин туттуруп келишсин!

**Батма.** Бейкам болуңуз, байым. Сиз айткандай болот.

**Алыке.** Жеңем бар, бактыбыз бар, бай аке.

**Маматбай.** Кой. Эртерээк жетип баралы!

## Экинчи көрүнүш

**Курманжан**. *(Билегине сүлгү артып чайдос, чылапчынды кармай чыгат.)*

**Алымбек.** Амансызбы, сулуу кыз?

**Курманжан**. Бар болуңуз! Кош келиңиз!

**Алымбек.** Кыз балага, колго суу куйдурсак, одоно болоор бекен?

**Курманжан.** Атайлап, өзүм, колуңузга суу куюп, ыраазылыгыныздды алайын дедим.

**Алымбек.** Анда жөндүү. Ырахмат. Суу көңүлдөгүдөй экен. Суудай, тунук өмүрүң узун болсун!

**Курманжан.** Айтканыңыз келсин. Сиз да, жолдуу болуңуз.

**Алымбек.** Айып болбосо, ысымыңызды билсек?

**Курманжан.** Курманжан.

**Алымбек.** Курманжан. Кулакка угумдуу ысым экен. Арапча улук дегенди билдирет.

**Курманжан**. Кат билген, кандай жакшы.

**Алымбек.** Окуугa ынтызарсызбы?

**Курманжан.** Аптэкти үйрөнүп, жазууга көнүгөөр чакта «Кыз балага кат окуштун зарылдыгы жок» дешип, молдого жөнөтпөй коюшкан.

**Алымбек.** Окуунун кечи жок. Азыр деле кат чийүүгө көнүксөңүз болот.

**Курманжан.** Бойго жетти деп, күйөөгө узатышкан.

**Алымбек.** Жакшы экен.

**Курманжан.** Жакшы эмес. Барган жерден орун ала албадык.

**Алымбек.** Анда, жаман экен *(күлүшөт)* Эмне, барган жериңер жакпадыбы?

**Курманжан.** Кулалы жүргөн жер, куугa туура келбес.

**Алымбек.** Ооба. Куунун кадыры бийик. Аны кастарлаш керек.

**Курманжан.** Көңүл деген, теңине дилгир. Теңин таппаса, көңүл кир.

**Алымбек.** Көздүү шакек, жерде калбайт.

**Курманжан.** Кыз баланын каалаган кыялы бийик. Аны түшүнгөн бар, түшүнбөгөн бар.

**Алымбек.** Ачык айрым, жакшы кыз экенсиң. Тилеген максатыңа, жет!

**Курманжан.** Максатына жеткендер болот бекен?

**Алымбек.** Максатынан тайбай, умтулган жетет.

**Курманжан.** Көңүлдү туюп, көөндү алаксытканыңызга, ыраазыбыз.

**Алымбек.** Көп сырды туюуга, көңүлдөгүнү билүүгө кызыктар экенсиз.

**Алыке** *(кирип)*. Даткам, сизди утурлап, медресеге бардык эле, кайчылаш өтүп кетиппиз. Кечирим сурайбыз?

**Маматбай.** Чакыртып, келтире албас, мейман келиптир. Үйдө болбой калганыбызга, үзүр даткам.

**Алымбек.** Айыбы жок. Атайы сизге, кол бергени келдик, байым?

**Маматбай.** Кана даткам, үйгө кирели!

## Үчүнчү көрүнүш

Бак четинде, ээрчише баскан эки жигит.

**1-жигит.** Эрте келип алдыкпы?

**2-жигит.** Эми, келип калышаар.

**1-жигит.** Анда, бир азга аярлап, айланып келели?

**2-жигит.** Курманжан сулуу, келээр бекен?

**1-жигит.** Курбусу «Барабыз» – деген.

**2-жигит.** Аны ээлеп, «энчилегендер» болсо, биз «мыш» болуп калбайбызбы?

**1-жигит.** Экөөбүзгө, кимдер тең келе алат? Анча-мынчасына моюн бербейбиз.

**2-жигит.** Угушума карганда, Эгинчи деген бирөө, аны чоттоп, ырга кошуптур, дешет?

**1-жигит.** Курманжан акылдуу кыз, эптеп эки сөздүн башын бириктирип, кыйкыргандарга көңүл бурбаса керек?

**2-жигит.** Бизге окшогон мырзалар турганда, ырчы менен бакшыга эмне бар!

**1-жигит.** Өпкөсү жоктор, эки ооз сөз тапса, ээленип кетишет.

**2-жигит.** Деги, Курманжан экөөбүзгө көңүл буруп, сөз айтсак жооп берер бекен?..

**1-жигит.** Анын көңүл бурган-бурбаганына карабайбыз? Негизги ал, бизге жаксын.

**2-жигит.** Анткениң менен барган жериндеги күйөө болумушун жактырбаганбы, же тоготпогонбу, бир түнөмөк тургай, жанына жакындатпай жүрүп, ал мал караганы кеткенде, келе бериптир – деп айтышат.

**1-жигит**. Колго бир илешсе барбы, эркектин кимдигин, ошондо билет эле!

**2-жигит**. «Тай туйлап, такка чыкмак» беле? Асмандагы ай болсо да, эркектин алдында баягы эле катындардын катарында болот.

**1-жигит**. Астананы аттап, «курту түшпөсө» ай-асманга секиргенин койбойт.

**2-жигит**. Асманга секирген азоолорду, жоошутуш оңой. Колго тийип, колу-буту кайрылганда – Айланайын абайла? – деп, жалынганын билбей калат. Ха-ха-ха *(экөө каткырышат)*. Сырттан ырдаган жигиттин үнү угулат.

*Ай тамактын айынан,*
*Азырак обон саламын.*
*Асылкеч айдай сулуудан.*
*Арманда кантип, каламын?*
*Күйгөндөн айтам бир сабак.*
*Күйүткө салдың ай тамак,*
*Күйүтүңө чыдабай оо-й,*
*Ай тамак дедим, сөз жамап,*
*Күйүткө салдың жалындуу,*
*Күйгүзүп салдың жанымды.*
*Көңүлдү тартып, өзүңө оо-й.*
*Турушуң мага жагымдуу.*

**1-жигит**. Сен айткан, ары жок ырчынын, өзү бейм?

**2-жигит**. Дал ошол.

**1-жигит**. Бизге илешсе, ишибиз илгерилебей, кыздар алагды болушпасын?

**2-жигит**. Жанын ачыштырып, кыздарга жакындагыс кылып коюш, оңой эле.

**1-жигит**. Сен колдон ал, мен бутун кайрып, тепкиге алалы?

**Эгинчи** *(келип)*. Ассалому алейкум, жигиттер!

**2-жигит.** Бизди, саламга мукурады дедиң, беле!

**1-жигит.** Шаңшыйсың го жигит?

Эгинчи. Көңүлгө келе калганда, үн созуп коебуз.

**2-жигит**. Ырың бирөөгө арналгандай, туюлабы?

Эгинчи. Арзыган жүрөк, айттырат тура.

**1-жигит**. Маматбай байдын эрден чыккан кызын, чоттогон окшойсуң?

**Эгинчи.** Чоттосом, кызганасыңарбы?

**2-жигит**. Муну кара, кайсы арыңа, байдын кызына ашык болдуң экен?

**Эгинчи**. Адамдын баары эле тең. Силерден менин эмнем кем?

**1-жигит**. Ха-ха-ха томаяк. Итке темирдин баркы болбойт «демекчи бул, жыгачты эмне көтөрүп алгансың?» *(комузун жулуп алат)*

**Эгинчи**. «Ары жокко, дагы жок» демекчи. Байдын кызы силерге жок. Ойлонбой сүйлөгөнүңөр, өзүңөргө оор келбесин! Экөөң өнөрдүн баркын билбей, өзүңөрдүн кимдигиңерди билдирдиңер.

**2-жигит**. Өңөрүн менен артыксынба? Сеникиндей үн итте, кушта дале бар. Элден мурун биздин кимдигибизди таанып ал! Мурда көрчү белең? «Мырзалар бар» – деп укчу белең? Таанып жүр! *(колун кайрып, уйпалай баштайт)*

**1-жигит**. Тикенектей тилин, жулуп сал! *(шеригине кошулуп жулмалашкан чакта)*

**Курманжан** *(кирип)*. Эй, сен экөөң. Жигит болсоңор, мени карагыла!

Тайсалдабай, так жооп бергилечи, мага?

Эки ит, бир мышыкты талап,
Эрдик кылгандай, дардаңдабагыла!
Келе, камчыңарды!
Кимиң чыгасын, жеке мага?
Болбосо, тизе бүгүп,
Бул жигиттен кечирим сурагыла!

**2-жигит**. Бизди шылдыңдап, өзү баштады.

**1-жигит**. Тоготпой, тилин тартпады.

**Курманжан** *(Эгинчинин боюн түздөп)*. Кана, айыл кимдики?

Акыйлашып, сөз талашып турасыңар.
Жалгыздатып, экөөлөп, муну эмне урасыңар!
Түшүнбөй турам, талашыңар эмне?

**2-жигит**. Жамандын дымагы күч.

**1-жигит**. «Күйдүм, сүйдүм» деп тамтырайт.

**Курманжан**. Күйсө күйгөндүр. Сүйсө сүйгөндүр. А силерге эмне?

**2-жигит**. Темселебей, теңин таап, ырдасын.

**1-жигит**. Тегине карап, бизге каяша кылбасын!

**Курманжан.** Антпегиле! Теңтуштукта сыйлашкыла!
Көңүл ачып, таанышып, ырдашкыла!

**1-кыз**. Колунда комузу бар экен. Өнөр сыйлаган неме көрүнөт?

**2-кыз**. Ырдаталы, дымактуудай сезилет?

**Курманжан.** Кана, тартынбай ырдап берчи?

**Эгинчи** *(комузун күүлөп)*.

Чырагы болуп өмүрдүн
Чырагы сенсиң көңүлдүн
Өзүмү тартып, өзүңө,
Эмне үчүн көзгө көрүндүң?

**Үндөр**. Оо, бар экен!
Үнү сонун экен.
Өнөрүң болсо, ташта жигит!
**Эгинчи**. Э-эй, элжиретип жүрөктү,
Өзүңө ашык болдум мен.
Кармаган ишти бүтүргөн,
Колуңа ашык болдум мен.
Калыпка тартып койгондой,
Боюна ашык болдум мен.
Карааның көрүп ойлоймун,
Ойлосом, ойго тойбойсуң.
Түбөлүк жарым, сен болуп,
Жүрөйүн деген ойдомун.
Кичи пейил мүнөзүң,
Эсимден кетпейт күнү-түнү.
Көрүүгө сени кумармын-ов,
Үзүлбөйт сенден үмүтүм.
**Үндөр**. Оо, бар экен!
Өлбө жигит.
Оюнду гүлдөтө турган экен.
Үнүңдөн жигит, үнүңдөн!
**Эгинчи**. Самап жүрөм өлгөнчө,
Сагынып кетем көргөнчө.
Эстеп жүрөм өлгөнчө,
Эрчип кетем көргөнчө.
**Үндөр**. Ой, дат!
Кулактын кычуусу кансын.
Ташта дагы!
**1-келин**. Болду кылалы. Жигиттер?
**2-келин**. Өнөрүн «кыз оюнда» көрөлү.

## Төртүнчү көрүнүш

Шаракташкан жаштар

**1-келин.** Кана жаштар! Оюнду кимдер баштайт?

**1-жигит.** Кыздардан кезек талашпайлы!

**1-кыз.** Кыздар-балдар дебейли. Чогуу эле баштайбыз.

*(Жабыла бир ырды аткарышат.)*

**2-келин.** Байыртан бизде баркы бар,
Баалаган элдин салты бар.
Тамаша айтып, ойнойлу,
Келгиле жаштар, жалпыңар!

**Үндөр.** Ой дат!
Ап бали!
Келгиле жаштар, жалпыңар!

**1-келин.** Айткыла! Кандай оюн жагат?

**Үндөр.** Элдик оюн «Шакек бекитмей», «Ак чөлмөк», «Токмок салмай»

**2-келин.** Мейли анда. Көпчүлүктүн көөнүнө «Токмок салмай» жакты.

**1-келин.** «Токмок салмай» же, «Токмок чечмей» деген оюндун эрежесин баарын жакшы билесиңер!

**Үндөр.** Билебиз.

**1-келин.** Оюндун шарттарын айтып коюңуз?

**2-келин.** Оюндун шарты боюнча эшилген жоолук «токмок» аталат. Кыз-жигиттер ортого келип, отурушат. Аларды сырттты көрбөгүдөй болуп, үстү жабылат. Каалоочулар отургандарды уруп, кайра катарга барып кошулушат.

«Токмок жегендер» аларды катардан издеп табышса, мөөрөйгө ээ болушат. «Токмок ургандар», алардын айткандарын аткарып, бийлеп-ырдап, же табышмак, жаңылмач айтып, кутулушат.

Токмок урганды таппагандар. ырдап, бийлеп, табышмак-жаңылмач айтат. Же Жеңенин талабы боюнча жеңген тарап, кыз менен «жүз көрүшүүгө,» же «кызды өбүшкө» же, « айкашууга,» «бойлошууга», акылуу.

**Үн.** Ырдаган, бийлеген өнөрлүү жигиттер, кандай артыкчылыктарга ээ боло алат?

**1-келин**. Каалаган кызы менен, «жүз көрүшүүгө», «айкашууга» барып өбүшкө акылуу.

Шайыр жигит. Айгыр жалдуу терек таш,
Ала койсом оттук таш,
Кыз өбүшкө, эбим жок.
Жараткандын боору таш!

**2-жигит**. Арман күн ай! *(жабыла күлкү)*

**2-келин**. Кана, жаштар. Оюнду баштайлы! Кимдер ортого чыгат?

Үч-төрт жигит ортого отурушат. Алардын үстү жабылуу. Үч-төрт кыз келин, каалаганадарына «токмок уруп», көпчүлүктүн катарына келип турушат.

**1-келин**. Токмокургандарды тапкыла!

**1-жигит**. Кыдырата карап келип, кыздардын бирөөсүнө кайрылып.

Апакай шуру, чач мончок,
Ар качан көрсөм, көңүл ток.
Алышып, ойноп, күлгөнгө.
Айлымда сендей, асыл жок.
Ак жолтой сиздин жолуңуз,
Токмок урган колуңуз
Айып көрбө, сулуу кыз,
Жар көрүшүп, коюңуз? – деп кызды өбөт. *(Кубаттаган кол чабуулар)*

**2-жигит**. *(кыдырата тиктеп келип)*
Топтолушкан бийкечтер.
Топтон чыккан эркечтер.
Менин токмогумду, ким алды?
*(бирөөсүнө кайрылып)* Сен алдыңбы?
**Кыз.** Жок.
**2-жигит**. Сен албасаң, ким алды?
Токмогумдун күйүтү
Тогуз ырдан сүйүнчү
Токмогумду таба албай,
Толкуган жүрөк күйүктү,
Токмокчунун жүрөгү да күйүттүү.
**Көпчүлүк**. Таба албасаң, ырда!
**Үндөр**. Ырда жигит!
Ырдап кутул?
**2-жигит**. Ырда десең ырдайын,
Кызылдын кырын кырдайын.
«Кызыл ооз», «жез тырмак»
Кыздарды кошуп ырдайын.
*(Тургандарды кыдырып)*
Кыздардан бөлөк сымбаттуу,
Аркар мүчө, кара кыз.
Кичи пейил, уялчаак
Сизди кошуп ырдайын.
Кийинки келинге келип!
Жакшы келин белгиси,
Жарык болот кабагы,
Даамдуу болот, тамагы
Кичи пейил уяттуу.
Жагымдуу болот кыялы.

Сезимтал, зирек башкача,
Үлгүлүү үйдүн чырагы.
Сени кошуп ырдайын
Токмок урган кызды жеңеси, жетелеп келет.
Жигит аны менен айкашып, кучакташат.
*(Кубаттаган жаштар)*
Жигит келинге
Эй көзүн айнек, тилиң бал,
Көп адам, сизге ынтызар
Жагалмай канат кашыңдан,
Жайылган кара чачыңдан
Жаагындан чыккан саамайын,
Калтардын тал-тал жүнүндөй
Тамаша кылып, мен турсам
Таң атканы билинбей
Салкындан бүткөн илебиң
Сааркы чолпон жылдыздай,
Айлыңдан уктум, бир келип,
Арманда кылдың тургузбай.
Билегиңдин актыгы,
Билериктен агыраак.
Атагыңды чыгарып,
Ак келин деп, ырдадым
Ачылды жүзүн тагыраак.
**2-жигит.** Көчөдөн чыксаң кылт этип,
Көркөмдүү чачың булт этип,
Көп кыздардан өзгөчөм
Сени бир көргөндө,
Көкүрөк тушум «зырп» этип
Капкара болгон калың бар,

Кайкалай бүткөн далың бар,
Мага,
Карай турган көөнүң бар.
Берметтей тунук бетиң бар
Беш салаадай чачың бар.
Беш чачыңа беш тумар,
Бетиңизге биз кумар,
Олондой болгон чачың бар,
Ошол чачыңызга он тумар
Оору кылган жүрөктү
Ой селки,
Оңбогур сизге, биз кумар.
*(кийнки кызга жанашып)*
Аркырап аккан чоң суудан
Аргымак минип кечким жок.
Айнектей болгон сары кыз.
Алтыным,
Айылыңдан алыс кетким жок.
Күркүрөп аккан чоң суудан,
Күлүктү минип, өткүм жок.
Күзгүдөй болгон сары кыз.
Күмүшүм,
Күнүгө сенден кетким жок.
Босого бойлуу таштарды
Бойлоп жүрүп ырдайын
Боздогон мендей ашыкты
Боор оруп, селки тындыгын.
Бозоргон тоонун кары бар,
Боздогон ашык зары бар
Боор оруп, аны түшүнгөн,

Ой секет, сага,
Жар боло турган жайым бар.
**2-жигит.** Самсалаган саамайын
Сары жылдыздай жамалын
Сарсанаа болуп күнүгө,
Садагам,
Сагынып, сени караймын,
Ак жамгыр жаады ным болду,
Айкалышып ойнорго,
Токмокту алган ким болду?
Көп жамгыр жаап ным болду
Көрүшүп ойноор кезимде
Айткылачы?
Токмокту алган ким болду?
Токмоктун башы тоголок
Толгонуп ойноор кезимде
Токмогум кантип жоголот?
Топ ичинде тургандар
Айткылачы,
Токмогумду ким алды?
*(катардагы кызга кайрылып)*
Сен алдыңбы?
**Кыз.** Жо-ок.
**Жигит.** Сен албасаң ким алды?
Токмогумдун күйүгү
Тогуз [illegible] сүйүнчү.
Токмогум кайда жоголду?
Токмокту алган ким болду?
Кара-Суунун ичинде,
Келин [illegible],

Токмогумду чечкиле?
**Үндөр**. Ырап жүрүп тапсын!
Бийлесин!
**Жигит**. Ичи жылуу тонум бар
Ичилигин кырдайын.
Жарымы келин, жарымы кыз
Силер үчүн ырдайын
*(Көпчүлүк кубаттайт)*
**Жигит.** Чачы сирке, башы таз,
Жая кызга көнбөймүн
Жамынчу кийим кийинген,
Чүмбөттөлгөндү өппөймүн
Боюма бою тең келээр,
Шыңгасынан алып кел?
Өпсө каны чыккыдай.
Кызылынан алып кел?
**Жеңе.** Токмок урган кызды ээрчитип келет.
**Үндөр.** Ырчыга кезек берели!
Ырдасын!
Ырда Эгинчи!
Тартынба!
**Экинчи.** Ырда десе, ырдайын,
Ырдабай кантип турайын.
Ыргайдай боюң көргөндө,
Ырчы болдум Мырзайым.
Жагоосу дилде жаш куштун,
Жагоосунан сылайын.
Жамалыңды көргөндө,
Жакшанбай кантип турайын.
Айдай нурун чачканда,

Бурала түшүп басканда.
Азоо көңүл токтобой,
Алып учат асманга.
Атынды койдум Мырзайым.
Кайрылып сиздей бир жанга
Арманым қалбас деп ойлойм,
Кол сунсам сиздей бир жанга.
Адамдан артык жаралып,
Элден чыккан шайыр кыз.
Алтындан кымбат жаралып,
Жерден чыккан шайыр кыз
Атыңды айтсам эл билет.
Шайыр кыз десем, ким билет?
Шайыр кыз сизди айтпасам,
Туйлаган жүрөк делгирет.
Шайыр кыз болсун атыңыз,
Ааламга кетсин даңкыңыз.
Элден чыккан шайыр кыз
Белгилүү болсун атыңыз.
Булбул үндүү шайыр кыз
Бурала басып, теңселип
Сүйбөгөндү сүйдүрдүң
Күйбөгөн жанды күйдүрдүң.
Күйгөндөр болоор менчелик.
Уодор, Бали-и!
– Азамат!
– Кем болбо!
– Өнөрүң өссүн!
[illegible]. Ырчы бала, каалаган кызга токмок сал?
[illegible]. Курманжанга токмок салат.

**Курманжан.** Кыздар, ырчыга бий менен жооп берели?

Комуздун коштоосунда бийлешет.

**2-жигит**. Биз өлөң айтып, кутулалы.

– Ээ-эй, өлөң башы дегенде, өлөң башы

Эл билбесин атыңды, сен тыңдачы

Эшигиңди кайтарам күнү-түнү.

Билгин сулуу, мени көп, кайнабачы?

**3-жигит**. Ээ-эй, өлөң айтайын, мындай кылып,

Ак-Бууранын шар суусу кандай тунук,

Сени өстүргөн атаңа, чон ырахмат!

Тамылжыган жүзүңдү айдай кылып,

**4-жигит**. Ээ-эй мен да айтайын, өлөңдү мындай кылып,

Ай чыкканда айылыбыз, кандай тунук.

Сени өстүргөн апаңа, ыраазымын.

Бай көлдөгү ак куудай, аппак кылып,

**5-жигит**. Ээ-эй өлөң уксаң, түгөнбөс, бизде белен.

Көрсөм дагы кыздарды, көргүм келген,

Каалаганча угуп тур, көңүл бөлүп.

Какшанамын бир сени, сүйгөнүмдөн,

**6-жигит**. Ээ-эй, суу боюнда көк өрүк, бышпас экен,

Эки жаман бир үйгө батпас, бекен.

Эки жакшы бир үйгө биригишсе,

Өмүрүнүн өткөнүн, туйбас экен?

**7-жигит**. Ээ-эй, атың өчкүр жокчулук-жаны айдар

Эр азамат болсо да, колун байлар

Каалаганың жаркырап, күлүп турса

Ана ошондо дем болуп, көөнүн жайлар

**Үндөр**. Бали, бали!

– Уланткыла!

– Кыздарга кезек келди

– Өлөңдү кыздар айтсын.

### Бешинчи көрүнүш

Алымбек датка менен Алыке сырттан келишет,

**Алымбек.** Амансыңарбы, жаштар!

**Жаштар** *(жабыла)*. Кош келиңиз, датка?

**Алымбек.** Ортоңор толсун!

**Жабыла.** Жолуңуз болсун!

**Алымбек.** Оюнду кызыткан ырчылар, шатыра шатман бийлеген бийчилдер, барсыңарбы?

**1-келин**. Оюнда, ырчы-бийчи болбосо, тамаша кызымак беле, даткам.

**2-келин**. Кызмат деп жүрүп, оюн-зоокту унутуп койбодуңузбу, даткам?

**Алымбек.** Ырас. Айтканыңар жөндүү. Айыл четиндеги салкын жайда, шатыра-шатман оюн-куруп, ыр-бийлегенге не жетсин?

Жагымдуу обонуңарды алыстан угуп, атайлап, кèлдим.

**1-келин**. Оюнга кошулуңуз! Токмок салалы!

**Алымбек.** Ата-бабалардан уланып келген салт улук. Силердей, ырдап-бийлей албасам да, укканга кумармын. Жумуш менен болуп, кээде алаксый калганда, айыл четиндеги айлуу түндөрдөгү «Ак чөлмөк» баштаган оюндорду эстеп, кумарым артат.

Ак карлуу тоолорумду, аркырап шамалы соккон айылымды, анан силерге окшоп, шатыра шатман ойноп күлгөн жаштарды, аппак таңдарды тоо башынан

күлүп чыккан күндү, уяң кыздай назданган айды, асман бетин бербей жымындаган жылдыздарды көргүм келип, атайлап айылыма баратып, силерге туш келдим.

Бүгүнкү күн менен түндү жараткандын жалпыбызга берген белеги деп түшүнөм.

**1-келин**. Датка, сезимдерди ойготуп, жүрөктөрдү козгогон сөздөрдү ортого таштадыңыз. «Токмок салмай» оюнду сизден баштайлы.

**2-келин**. Кана, анча мынчага бой сунбай, демиктирген,

Айрымдарды суктантып ээликтирген
Кашын кагып, көз ымдап, чыкыргансып
Боз балдарды өзүнө жээликтирген кыздар!
Кимиң, даткага «Токмок саласың?»

**Кыздар**. Сен чык.

– Сен чык!

– Уялам!

**Курманжан** *(Токмокту колуна алып ырдайт)*.

*Сүйлөгөн сөздө кантың бар.*
*Сүймөнчүк элде баркың бар*
*Сыздатпастан жүрөктү*
*Сырдаш болчу, асыл жар.*
*Жаштыктын терең колуна*
*Жалтанбай түштүм чөмүлө*
*Жүрөктө сырды айта албай,*
*Жароокер жигит өзүңө.*
*Керемет доорду сүрсөм дейм,*
*Кең жолго бирге түшсө дейм.*
*Бир келген жаштык көлүнө.*
*Биргелеп толкуп, сүзсөм дейм,*

*Ак жибек торду созсом дейм,*
*Ак шумкар сени тоссом дейм.*
*Ашыктык отун тутантып,*
*Ак тилек ойду кошсом дейм*
*Айланып көккө учсам дейм.*
*Ашыктык антын тутсам дейм,*
*Армансыз жыргап өмүрдө,*
*Махабат даамын татсам дейм.*
**Алымбек** *(өзүнчө).*
*Ай туугандай кашың бар*
*Ай мончоктой жашың бар*
*Куйкалабай жалынга*
*Колуңду берчи, асыл жар*
*Асманга тийген айга окшош*
*Жаралгансың бир өзүң.*
*Жазгы гүлдөй буралып,*
*Жайдары көркөм мүнөзүң.*
*Жалжылдаган чүрөгүм,*
*Жайдары сенин мүнөзүң.*
*Жаштыктын сырын чечүүгө,*
*Жанымда болчу, бир өзүң.*
**Үндөр.** *Катырды.*
*Оо даат!*
*Ырыңдан! Ырдаган үнүңдөн!*
*Жообун даткадан күтөбүз!*
*Жооп кайтар, датка!*

**1-келин.** Датка, келме кезек. Оюндун шарты. Жооп бериңиз?

**2-келин.** Болбосо, мөрөйдү кызга бериңиз!

**Алымбек.** Көптөн бери ырдабай жүрдүм эле.

**1-кыз.** Төрт-беш саптын башын кошуп, кутулуңуз!
**2-кыз.** Оюн даражага, улуу-кичүүгө карабайт.
**3-кыз.** Мөрөйдү алдырбаңыз, даткам!
**Алымбек.** *Ичке каткан сыр кыйын,*
*Билбегенге ыр кыйын.*
*Мукамдуу добуш болбосо.*
*Обонун таппай ыр кыйын.*
*Үзүлүп кеткен үзүктөй,*
*Улаштырып ырдайын,*
*Алайга көчкөн элеттей,*
*Чубатып бир аз ырдайын.*
*Акылман жанды тандайын,*
*Сырын тартып аңдайын.*
*Анымдан кандай жооп болот.*
*Ойлогон оюн аңдайын.*
**Үндөр.** О, айт!
Узат!
**Курманжан** *(өзүнчө)*. Айтуудан ачык айбыгам.
*А бирок ичтен кыйналам.*
*Күткөнсүп мээрим көзүңдөн*
*Күкүктөн үндөп сайраган*
*Көркөмүн жандан бөлүнүп,*
*Көзүңдөн нуруң төгүлүп,*
*Таба албай жүргөн мени издеп,*
*Таанырштай асыл көрүнүп.*
**Үндөр.** Дагы, дагы!
Таштап кой!
**Алымбек** *(өзүнчө)*. Көрүүгө чыккан элирип,
*Кер марал сындуу көрүнүп.*
*Керилген жаадай тартылып.*

*Келбетке көөнүм берилип,*
*Жактырып калдым не дейин.*
*Жазыксыз жапа чегейин,*
*Колуңду берчи, макул деп,*
*Сен үчүн азап чекпейин.*

**Курманжан** *(өзүнчө)*.

*Эмнеге карайт, көзүн кадап,*
*негедир, денем калтырап барат.*
*Дагы ырдачы, ырдай түшчү?*
*Кошулайын үнүңө*
*Колду сунуп, бир болуп,*
*Сени менен өмүр сүрүүгө*
*Өмүргө ак таң аткандай*
*Көңүлгө шам жаккандай*
*Жашоонун өзү табышмак*
*Жаштык кез ширин, ах кандай!*

**Алымбек** *(өзүнчө)*.

*Асманда турган айдайым,*
*Ашык жар, сенсиң жайдарым.*
*Ашыктыгын чын болсо,*
*Аныктап колуң кармайын.*
*Жаштыгымдын эрмеги,*
*Жанымa жакын кел бери.*
*Жароокер жаным сени деп,*
*Жаш жүрөгүм дегдеди.*
*Жайдары сенин мүнөзүң,*
*Жалжылдаган чүрөгүм.*
*Жаштыктын сырын чечүүгө,*
*Жанымда болгун бир өзүң.*
*Караймын сенин жолуңду,*

*Кармасам деймин колуңду.*
*Кадыр түндү тосолу,*
*Ачык айт, болгон оюңду.*

**Келин**. Кана, кыз-жигиттер! Датканын урматына, кандай оюн көрсөтөлү?

**Үндөр.** Селкинчек тебели! *(Селкинчек тебишет)*

**Жалпы.** *Алты бакан селкинчек,*
*Ай батканча тебебиз.*
*Күмүш бакан селкинчек*
*Күн батканча тебебиз*
*Айдай жүздү нурдантып,*
*Тебе турган селкинчек.*
*Кыз-жигиттер күүлөнүп,*
*Ойной турган селкинчек*

**Жигиттер.** *Күлгүн-жашка жарашкан,*
*Күүлөп тепчү селкинчек.*
*Гүлдөй жаштар кубанып,*
*Муңбай тепкен селкинчек.*

**Кыздар.** *Айдай жүзгө жарашкан,*
*Ай көрөлүү селкинчек,*
*Айчүрөктөр кубансын,*
*Айга жете күүлөп теп.*

**Жалпы.** *Айдай жүзгө жарашкан.*
*Ай, чолпондой жаштар ай.*
*Албуут жаштык кезинде*
*Биз ойнойлу жаштар ай!*
*Күүгө бойду балкытып*
*Күлүп тепкин жигиттер.*
*Баалагыла жаштыкты,*
*Сүйүп тепкин жигиттер*

## Алтынчы көрүнүш

Баягы эле бак чети.

**Тоймат уста** *(сүйлөнүп)*. Эчен күндөн бери иштен калдык. Түнү уктабайбы, керээлден кечке уйкусурап, колуна иш кармабайт. Ишке көңүлү жок. Мени да алагды кылат. Тарткыны алып кел десем, ийдини алып келет. Парманы алып кел десем, тешени алып келип, аябай ачуумду келтирди. Мен деле жаш болгон элем. Мынчалык эмес да. Кыз-келиндин күлкүсү угулабы, шып эле ошол жакка кетет. Эптеп бир түйтөк башты алып берейин. Жактыр десем, жер карайт. Кимдин кызы болсо да, мыдырымды сарптап, алып бербесем болбойт.

Байдын кызы Курманжан дейт, ал деле башка кыздардан айырмасы болбосо керек? Көңүлү деп, байга да бардым, «башы ачыла элек» кызын ойлоп, ал да кыжаалат.

**Уулча.** Эмне эле, өзүнчө, сүйлөнүп жатасың? Тамак алып келдим. Ысуулайында ичип ал.

**Тоймат.** Тамагыңды ичпейм.

**Уулча.** Эмне балекет болду, сага?

**Тоймат.** Баягы эле, балаң да. Мас кишидей, ар буюмду бир кармап, мени да алагды кылды.

**Уулча.** Ысытмалап калганбы, көзү-башы түктөйүп калыптыр.

**Тоймат.** Ышкынын ысытмасы чыкканда, уйкусу келеби?

**Уулча.** Ар нерсени бир айта бербей, элге окшоп эртерээк үйлө!

**Тоймат.** Маматбайга кызыны бер деп бардым. – «Башы ачылай элек» дейт, бай. Байкуштун башы катыптыр.

**Уулча.** Кайда жүрөт. Чакырчы баланды? Тамак ичип алсын.

**Тоймат**. Эгинчи? Э, Эгинчи?

**Эгинчи**. Эмне?

**Тоймат**. Кел бери? Тамак ичкениңди да көрбөдүм. Апан тамак алып келиптир. Ичип алып, иш кыл!

**Эгинчи**. Ичпейм.

**Уулча**. Тамак ичкенди да, унуткан окшойт, балам?

**Тоймат**. Бойдоктун көңүлүнөн кыз кетпей, ишти эмес, тамакты да унутуп калгандай. Мен мындайымда кыз тандашты, жандашты билбептирмин.

**Уулча**. Ооба сага, эч ким тийбей, карыганыңда мени албадың беле?

**Тоймат**. Анын чын. Жокчулук менен жетимдикте кайдан кыз эске келет? Курсак тойгонго кушубак болуп жүрө бериппиз. Атасы бар кандай жакшы. «Аны эмес, муну алам» деп, уулуң кыз тандайт.

**Уулча**. Ар нерсени айта бербечи? Кел, уулум? Атаң экөөң отуруп, жылуулайында тамактанып алгыла?

**Эгинчи**. Ата, апа! Курманжандан айрылмак болдум.

**Уулча**. Эмне дейт? Эмне, жан кыйдыбы?

**Эгинчи**. Жок. Датка экөө табышып...

**Тоймат**. Эми байдын кызы Даткайым аталат экен да?

**Эгинчи**. Даткайым болмок болду

**Уулча**. Бая катындар «Байдын кызына, жуучу келген имиш» дешкенин уктум эле.

**Тоймат**. Катын калп айтпайт. Каңырыш угат.

**Эгинчи**. Жок ата! Бул чындык.

Маматбайдын короосу. Аял-эркек, жаштар, көпчүлүк.

Жасанган Курманжанды узатып чыгышат.

**Маматбай**. Оомийин! Барган жериңде, багын ачылсын, кызым!

**Батма.** Багыңды тап. Балалуу-чакалуу болуп, балдарыңдын убайын көр, кызым.

**Карыя.** Кайын журтуңа кайрымдуу,элиңе дайындуу болгун чырагым? *(көчүрүп жөнөшөт)*

**Батма.** Кайрыл кызым, кайрыл? Бак-дөөлөттүн баарын алып кетпе! Кайрыл кызым, кайрыл? Биз сага ыраазыбыз. Сен бизге ыраазы бол!

**Үн.** Кумайык! Кетпе? Кайрыл! Ме күч, күч… Эрчип кетти. Бак-дөөлөттүн баары Баргыларга кетти.

**Карыя.** Тойлор тойго улансын! Эли-жерибизде бакыт кушу сайрап, тынчтык, амандык, ынтымак түбөлүк болсун!

**Эгинчи.** *(Элдик ыр «Даткайым»)*

*Даткайым*
*Эгиз бир тоонун боорунан,*
*Элик бир атып дууладым.*
*Эркин бир сулуу Даткайым,*
*Эңсеп бир жүрүп, куурадым.*
*Суудан бир чыккан сүлүктөй*
*Суурулуп чыккан күлүктөй,*
*Делгиресиң Даткайым*
*Менин ичимдеги дартымды*
*Сен билбейсиң Даткайым*

*Ак зоонун башы мөңгү кар,*
*Аңдабай басып тайгылдым,*
*Азырак ойноп, көп күлүп,*
*Алтыным сенден айрылдым.*

*Көк зоонун башы мөңгү кар*
*Көрбөй басып, тайгылдым.*
*Көп эле ойноп, аз гүлбөй,*
*Даткайым, сенден айрылдым.*

*Күйгөндөн айткам күнүгө,*
*Күйөрмүн жалган дүйнөдө .*

*Баарлашпай жүрүп курудум,*
*Жаныңда ойноп келүүгө.*

*Айтайын бир кеп-деп, келдим,*
*Айталбастан дегдедим.*
*Сүйлөйүн бир кеп-деп келдим,*
*Сүйлөй албай сүрдөдүм.*

*Алтын да таш, таш да таш,*
*Алтындай болбойт, башка таш.*
*Алтыным өзүң турганда,*
*Айланып кетсин башка жаш.*

*Күмүш да таш, ташта да таш,*
*Күмүштөй болбойт башка таш.*
*Күмүшүм өзүң турганда,*
*Күрмөлбөй кетсин башка жаш.*

*Адырга чыккан кайыңдай,*
*Аргымактын тайындай.*
*Сен алыска кеткенде,*
*Азабын, тартып жалындай.*

*Күңгөйгө чыккан кайыңдай,*
*Күлүктүн жорго тайындай.*
*Сен алыска кеткенде*
*Күйүтүң тарттым, жалындай.*

*Караган тоонун боорунан,*
*Карарып туман ачылбайт.*
*Кадырлаш сени көп санап,*
*Какшаган үнүм басылбайт.*
*Көшөгө.*

## Мазмуну

Руханий дүйнөнү баалагандар көбөйсүн..........5
Алымбек Датка..........8
Жер кудурети..........38
I бөлүм..........39
2-көрүнүш..........47
2-бөлүм..........51
3-көрүнүш..........51
6-көрүнүш..........56
7-көрүнүш..........59
8-көрүнүш..........62
9-көрүнүш..........68
10-көрүнүш..........70
11-көрүнүш..........71
Көрүнүш..........83
Калка..........89
1-бөлүм..........90
2-бөлүм..........97
Үчүнчү көрүнүш...........102
Алтын казык – аман..........135
Биринчи бөлүм..........136
Экинчи бөлүм..........143
Үчүнчү бөлүм..........157
Төртүнчү бөлүм..........165
Арнет..........169
Даткайым..........204
Биринчи көрүнүш..........204
Экинчи көрүнүш..........213
Үчүнчү көрүнүш..........215
Төртүнчү көрүнүш..........220
Бешинчи көрүнүш..........229

